456

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, мухаррам, 1446-х. – август, 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Газа согушу Ислам Умматындагы лидерлик кризисти ачыкка чыгарды

«Акса ташкыны»: Хазараттар күрөшүндөгү өзгөчө тарыхий бурулуш чекити 15

Аскерий доктрина: Мусулман армияларынын Газага жардам көрсөтүшүнө эмне тоскоолдук кылат? 34

Исламий Умматтагы жана анын кошуундарындагы кубат ээлерине кайрылуу 43

Аллах Таала Өз Расулуна хижрат жайын билдириши 70

Пайгамбарыбыздын хижраты талаба нусранын жана экинчи Акаба байъатынын натыйжасы болгон, анын акыбети болсо Ислам мамлекетинин тикелениши болду 48

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

الوعي

456

Отуз тогузунчу жыл чыгышы
Мухаррам 1446-х.
август. 2024м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Газа согушу Ислам Умматындагы лидерлик кризисти ачыкка чыгарды .......... 3
– «Акса ташкыны»: Хазараттар күрөшүндөгү өзгөчө тарыхий бурулуш чекити .......... 15
– Аскерий доктрина: Мусулман армияларынын Газага жардам көрсөтүшүнө эмне тоскоолдук кылат? (1) .......... 34
– Исламий Умматтагы жана анын кошуундарындагы кубат ээлерине кайрылуу .......... 43
– Пайгамбарыбыздын хижраты талаба нусранын жана экинчи Акаба байъатынын натыйжасы болгон, анын акыбети болсо Ислам мамлекетинин тикелениши болду .......... 48
– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ... 58
– ***Куръани Карим сабагында*** .......... 65
– ***Бейиш бактары:*** Аллах Таала Өз Расулуна хижрат жайын билдириши .... 70
– ***Алардын хидаятына ээрчигиле:*** Нуайм ибн Масъуд: «Согуш айла-амал экенин билген киши» .......... 81
– ***Соңку сөз:*** Сауд Арабия раввини Сисийди аскерий төңкөрүштөн эскертти .......... 87
– Эрдоган: Түркия-Сирия мамилелерин кайрадан тикелөө үчүн Асадга өз сунушубузду жиберебиз .......... 88

**НУСКА БААСЫ**

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

بسم الله الرحمن الرحيم

# ГАЗА СОГУШУ ИСЛАМ УММАТЫНДАГЫ ЛИДЕРЛИК КРИЗИСТИ АЧЫККА ЧЫГАРДЫ

**Исам Шейх Ганим**

Яхудийлер Газага каршы согуш баштардан мурун Уммат перзенттери Ислам Умматында лидерлик канчалык жамандашканын көрө албаган. Көпчүлүк адамдар Ислам Умматына учурдагы эл аралык түзүмдүн алкагында гана жетекчилик кылынат деп элестеткен. Мисалы, айрымдар өкүмдарлардын калк же Умматты коргошун үмүт кылды. Башкалар болсо маалымат каражаттарында көрүнүп турган кээ бир «муътадил» исламий уюмдардын жетекчилеринен үмүт кылышты. Бирок, яхудийлердин Газага каршы согушу жана кылмыштарынын үлкөндүгү исламий региондогу лидерликтин олуттуу кризисин көрсөттү. Бул кризис Газага каршы согуштан кийин ачыкталган эки нерседе көрүндү:

**Биринчиси,** күчсүз мусулман өкүмдарларында көрүндү. Себеби, Түркия, Мисир, Пакистан жана башка мамлекеттердин калкы саны көп болсо да Газадагы согушка таасир кылуу жагынан алардын эл аралык майдандагы таасири нөлгө барабар. Мисалы, Түркия президенти Эрдаган Түркия Газа үчүн кепил мамлекет экендигин т.а. Газа калкынын яхудий вужудуна ок атышын алдын алууга даяр экенин айтты. Пакистан армиясынын командачысы Асим Мунир «эки мамлекет чечими» жөнүндө сүйлөдү. Т.а. ал чечимди яхудий вужудун бекемдөө максатындагы Америка формуласында деп билет. Мисир президенти Сисий болсо алардын баарынан ашып кетти. Себеби, ал яхудийлер ачарчылыкка мажбурлаган Газага ар кандай жардам кербендерин яхудийлердин урухсаты менен гана киргизе алды. Бул өкүмдарлардын позициясы мусулмандардын аң-сезимине чагылгандай тийди. Алар согушту токтотуу үчүн яхудийлерге же Америкага таасирдүү эч бир сөз айта алышпады. Мындан тышкары, Уммат бул өкүмдарлар

Америкага малай экенин, аны менен кеңешкенден кийин гана аракетке келип, өз позицияларын билдиришин жана ал белгилеген алкактан чыкпашын өз көзү менен көрдү. Америка Газага каршы согуштагы эң маанилүү маселе «туткунга алынган яхудийлер» деп эсептейт. Ошондуктан, Мисир жана Катардын туткундагыларды азат кылуу, яхудийлер убактылуу болсо да согушту токтотууга ыраазы болот деген үмүттө, туткундагыларды азат кылуу туурасында Хамаска басым өткөрүү аракеттери Американын аракеттери менен шайкеш болот. Америка согуштан кийинки күндү талкуулоону каалады. Ушул себептен улам бул өкүмдарлар Хамас Фалестин Азаттык Уюмуна кирип, Газадагы бийликтен баш тартышы үчүн басым өткөрө башташты. Алар Хамастын ар кандай саясий келечеги Азаттык Уюмунун алкагында болоруна көндүрүү үчүн ага басым өткөрүшүүдө. Акыйкатта болсо, бул уюм яхудийлерге багынып берип, Фалестин администрациясы коопсуздук кызматын аларга тапшырышын, яхудийлер ондогон жылдардан кийин болсо да Фалестиндин бир бөлүгүн берүүгө ыраазы болот деген үмүттө Хамас менен сүйлөшүү алып барышын жарыя кылган.

Ошентип, бул өкүмдарлар, кудум бул мамлекеттер жоктой, Умматты саясий жана эл аралык абройдун эң төмөн даражасына жетектешкени адамдарга ачыкталды. Алардын Батышка малай жана көз каранды экендигин жана өз элинин кызыкчылыгына каршы иштеген саткындыгы жөнүндө айтпаса да болот. Газа согушу өкүмдарлага ишенген акыркы катмар алдында өкүмдарлардын кулашына алып келди деп айтууга болот. Өкүмдар партиялар, алардын колдоп-кубаттоочулары, кызыкдар кишилер жана армия офицерлери арасындагы бул катмар өкүмдарлардан жакшылыкты үмүт кылышкан. Газа согушу бул катмардын өкүмдарлар менен бирге болуудан жана аларды колдоп-кубаттоодон пайда жок экендиги жөнүндөгү ишенимин бекемдеди. Бул өкүмдарлар өтө төмөн макамда болуп, яхудийлерге жана Америкага көз каранды болуп, малайлык кылууларына карабастан, аларга таасир өткөрө алышпайт. Себеби, алар саясий жактан абдан начар, муну бул адамдар элестете да алышпайт.

Газадагы согуштун натыйжасында жүзөгө кеген бул жаңы абалдан улам офицерлер, аскерлер, башкаруучулар,

министрликтеги кызматчылар жана өкүмдар партиялардын жактоочулары арасындагы өкүмдарларды колдоп-кубаттаган катмар алдында жетекчиликти колдоо жана бул өкүмдарлардын жетекчилигин кабыл алуу идеясы кулады. Алар бул арамза жетекчиликтен, начар жана бечара жетекчиликтен кутулууну күтүп жатышат. Айрымдар бул адамдардын көпчүлүгү кызыкдар болушканы үчүн өкүмдарларды колдоп турушат деп айтышы мүмкүн. Бирок, Газа согушу аларга үлгү болду деп айтуу туура. Себеби, бул адамдар Газада Аббас бийлигинин тарапкерлери да кудум башка адамдар сыяктуу өлтүрүлгөнүнө жана үйлөрү талкаланганына күбө болушту. Бул болсо араб жана мусулман өкүмдарларынын колдоочуларынын аң-сезимине кырсык аларга да оңой жетерин жана бул өкүмдарлар аларды таптакыр куткара албастыгын сиңдирди. Бул маанилүү туйгу болуп, ал кишини кызыкчылыкка эң аз көңүл бура турган кылат.

Газадагы согуштан кийин Умматта, өкүмдарлардын колдоочулары арасындагы бул катмарда кадыр-кыйматы тынымсыз тебеленип жатканы, тигил өкүмдарларда саясий сезим-туйгу жоктугу жөнүндө жалпы түшүнүк пайда болду. Бул өкүмдарлардын Америка башкарып жаткан дүйнөлүк системага толук моюн сунууларын эсепке албаганда, алар эч нерсеге ээ эмес. Америка жана яхудийлер мусулман өкүмдарлары аларга моюн сунган кызматкелери болушун каалашат. Бүгүн офицерлер өз казармаларында, жетекчилер өз министрликтеринде акылга сыйбаган начарлык жөнүндө айтышууда. Себеби, Газа согушу алар эч нерсеге жетекчилик кылбастыгын далилдеди. 2023-жылдын 7-октябрынан кийин эл аралык позиция толук яхудий вужуду тарапта болду. Алдыңкы мамлекеттер яхудий вужудун колдоп-кубаттоо жана курал-жарак менен камсыздоо үчүн жарышты, Газа мужахиддеринин 7-октябрдагы иш-аракетин каралашты. Ал эми яхудийлер Газаны ойрон кылып, он миңдеген күнөөсүз катардагы калкты өлтүргөнүн эки миллиард мусулмандын өкүмдарлары эл аралык маселеге айланта алышпады. Бирок, Америка жана Европа университеттери бул кылмыштарга каршы баш көтөрдү. Биздин өкүмдарлар болсо үлкөн армияларга, нефть жана газга, эл аралык сооданы

көзөмөлдөгөн кысыктарга жана башка эл аралык таасирдүү каражаттарга ээ болгонуна карабастан, эч бир арзыгыдай иш-аракет кылбай Американын яхудийлерге басым өткөрүшүн күтүп унчукпай турушту.

**Экинчиси**, Газада болуп жаткан окуяларга күчтүү позицияны карманышы тийиш болгон исламий уюмдарда көрүндү. Эгер Исламды чечим деп эсептеген адамдардын катмары исламий региондо көпчүлүктү түзүшсө, демек, бул катмар ушул уюмдардын жетекчилеринен күчтүү позицияларды күткөн. Бирок, адамдар бул жетекчилер кудум жоктой болуп, иллюзияларды үгүттөп жатканына таң калышты. Бул жетекчилер «Ислам чечим» деген ураанга негизделип жолдоочуларын шайлоодо аларга добуш берүүгө чакырышат. Бирок алар шайланып алгандан кийин алардан Ислам көрүнбөйт. Бүгүн Газадагы согуштун алкагында адамдар ушуну көрүштү – бул лидерлер Иордания, Тунис, Алжир, Пакистан жана башка көптөгөн мамлекеттердегидей парламент жана кээ бир министрлик курамына кириши менен алар өкүмдарлардын канатына, өкүмдарлар болсо Америка жана Батыштын канатына кирišти. Башкарууга кошулуу эч кандай Исламды көрсөтпөдү. Яхудийлер Газа секторун бомбалашууда. Иорданиядагы Ихванул Муслимин болсо калктын парламентке жана министрликтерге кирбеген, бийликке кошулбаган ар кандай катмары сыяктуу наразылык демонстрацияларына чыгуудан башка иш кылбады. Пакистан парламентиндеги Исламий партиялар да Газа калкына Пакистандан эч кандай жардам көрсөтүшпөдү. Кала берсе, армия командачылыгы Американын «эки мамлекет чечими» жөнүндөгү сөзүн кайталады т.а. яхудий вужудун бекемдеген Америка малайы бойдон кала берди. Алжир парламентиндеги Исламий партия жана кыймылдардын абалы мына ушундай.

Бийликке келген Исламий партия катары эсептелген эң чоң партия – бул Эрдагандын «Адилет жана Өнүгүү» партиясы. Анын жетекчиси Эрдаган башында Газа калкын жана фалестиндиктерди колдоо жөнүндөгү кыйкырып-кыйкырып, кийин жоголду. Ал Газада Түркиянын «кепил мамлекет» болушун талап кыла баштады. Түркиянын мындай ролу Сирияда ийгиликтүү болуп, куралдуу топтордун Башар режимин кулатышына жол бербеген. Ал Газадагы куралдуу

Фалестин топтору яхудий вужудуна коркунуч салышына жол бербөөнү көздөп жатат. Ошентип, Эрдаган жана анын жетекчилиги кулады. Өкүмдарлар менен бирге парламентке, министрликтерге кирип, шайлоолорго катышуу Исламды чечим катары майданга алып чыгат деген жалган пикирди адамдарга бергендердин көпчүлүгү кулады. Газа согушу газалыктарды кыргын кылып жатат жана ушул «муътадил» кыймылдар көтөрүп чыккан Ислам Газа калкынын бул проблемасын чечкенин көрбөй жатабыз. Т.а. бул ураандар эч бир кыйматы жок курулай сөздөр. Албетте, бул Ислам чечим эмес дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче, бул жетекчилер өкүмдарлар менен кызматташуу өлкөнүн саячсий жашоосунда Исламдын болушуна алып келет деген жалган пикирди берип жатышканын түшүндүрөт.

Газа согушунда адамдар өтө таң калычтуу нерселерге күбө болушту. «Муътадил» исламий уюмдардын жетекчилери – кудум алар жоктой же өкүмдарлар менен кызматташуу назариясы кыйраганын өздөрү да, адамдар да көргөндөй – көздөн кайып болушту. Алардын өлкөсүндө иштер бүтүндөй өкүмдарга байланыштуу. Эгер яхудий мамлекети сыяктуу демократиялык өлкөлөрдө Бен Гвир жана Смотричтердин партияларына окшогон кичине партиялар парламенттеги укуктарына таянып, бул партиялардын жетекчилери каалагандай мамлекетке күчтүү таасир өткөрүп жаткан болсо, өкүмдарлар менен кызматташып жаткан «муътадил» исламий уюмдар бул өкүмдарлардын көлөкөсү астында исламий регион нөлдөрүнүн дагы нөлүнө айланышты. Бул болсо ушул жетекчилерди кулатты. Себеби, алар өз тарапкерлерине жалган сүйлөп, бул өкүмдарлар доорундагы шайлоолор Исламды чечим катары майданга алып чыгат деген жалган пикирди беришкен. Өкүмдарлардын канаты астындагы бул «муътадил» уюмдар урухсат берилген алкакта гана сүйлөшү жана Газадагы мусибат оор экенине карабастан, өкүмдарларга коркунуч туудурбашы көрүнүп калды.

Булардын чоо-жайына келсек, Уммат Исламды каалайт жана бул ачык айтылышы керек болгон нерсе. «Муътадил» Исламий уюмдарга жана алардын жетекчилерине акча агып келет. Адамдар аларды көрө алышы, аларга жетекчи жана

башчы деген назар менен карашы үчүн бул уюмдардын жетекчилерине Ал-Жазира сыяктуу маалымат каражаттарынын эшиги ачык. Катар жана андан башкасына байланган исламий уюмдардын бардыгында ушул абал байкалат. Себеби, алар Катардын акчалары менен түзүлгөн. Ал-Жазира сыяктуу Катар маалымат каражаттары аларды жетекчи катары көрсөтөт. Эгер бул финансылык мүмкүнчүлүктөр, медиа платформасы жана өкүмдарлардын саясий коргоосу болбогондо бул уюмдар биз көргөн чоң көлөмдө болбойт эле. Ошондуктан, бул жетекчилердин бардыгы Катардын канаты астында. Катар болсо Америка жана Британиянын канаты астында. Алар Катарга жол көрсөтөт. Яхудий вужуду Катарды Хамастын жана терроризмдин колдоочу деп кескин сындаганы аны чындыкты айтууга мажбур кылды. Катар Дохада Хамастын офиси ачылышы аны менен сүйлөшүү алып барууга эшик ачуу үчүн АКШ разведкасынын буйругу менен болгонун айтты. Бул нерселерге карабастан, Газадагы мужахиддердин кайраттуу турушу яхудийлердин кыжырын козгоп жатканына күбө болосуң.

Халил Хайя сыяктуу чет өлкөдө жүргөн кээ бир жетекчилер максат «эки мамлекет чечими» экенин жана эгер Фалестин маселеси Америка чечимине ылайык чечилсе, Хамастын аскерий канаты жок болорун айтышууда. Усама Хамаданданын фикири да ушуга жакын. Хамас жетекчилиги Катар өкүмдары жана башка өкүмдарлардын каалоосуна ылайыкташуу үчүн өзүнүн 2019-жылдагы түзүмүнө өзгөртүү киргизди. Кудум жихаддан максат – Америка каалагандай – Фалестиндин кичине бир бөлүгүнө ээ болуу жана чоңураак бөлүгүнө (1948-жылдагы чегараларга) яхудийлерди орноштуруудай. Ушул себептен улам өкүмдарлардын көлөкөсү астындагы жетекчилерге Газадагы жихадда адамдардын шахид болушу, үйлөр жана инфраструктуранын ойрон кылынышы Фалестиндин азаттыгы үчүн деп айтуу керек. Жихад – Ислам Умматынын жихады. Себеби, күрөшүп жаткан, зыян көрүп жаткан жана эң баасыз нерселерин курман кылып жаткан тарап – бул Уммат. Натыйжа да Америка пландаган «эки мамлекет чечимине» ылайык эмес, Ислам өкүмдөрүнө ылайык болушу керек.

Мусулмандарды катуу эскертүү керек, Катар берип жаткан акчалар «чечим – Ислам» логикасына эмес, Америка башкарып жаткан эл аралык системага ылайык иш-аракет кылуу шарты менен берилет. Мисалы, мусулмандар Талибандын Афганистандагы жихадына, жыйырма жыл эрдик менен күрөшкөнүнө күбө болушту. Америка Талибанды аскерий жактан жеңе албаган соң, Катар жана ага окшогон режимдер аны көзөмөлгө алышты. Катар ал үчүн Дохада офис ачты жана 2018-жылы аны Америка менен сүйлөшүү алып барууга көндүргөнгө чейин ага акча жаадырды. Андан кийин Катардын ортомчулугунда Талибан менен түзүлгөн келишимге ылайык, 2021-жылы Америка Афганстандан чыгып кетти. Бүгүн Талибан кыймылындагы калыс кишилер менен Катардын тарапкерлери Афганстанга бийлик үчүн күрөшүп жатышат. Калыс даъватчылар Ислам башкаруусуна чакырышканы үчүн Талибан кыймылынын камактарына алынууда. Ошондуктан, адамдар өкүмдарлар берип жаткан акчалар өлтүрүүчү уу экенин, мусулмандарды колдоо деген шылтоо негизинде андай акчаларды алуу мүмкүн эместигин түшүнүүлөрү керек. Бул өкүмдарлар Америка жана Европанын саясатына ылайык колдоп-кубатташат. Газа согушунда алар эч кандай таасирге ээ эмес. Америка расмийи яхудийлерди Газадагы кылмыштарды токтотууга көндүрөт деген үмүттө бул өкүмдарлар анын келишин күтүп жатышат. Ал тургай, казармалардагы армиялар Газадагы кыргынды токтотууга жана бүткүл Фалестинди азат кылууга кудуреттүү болсо да, өкүмдарлар аларга тоскоолдук кылышууда.

Ушуларга негизделип, «муътадил» исламий уюмдардын жетекчилери дагы бир ирет кулады деп айтуу мүмкүн. Алардын кулашы өкүмдарларга жана алардын «эки мамлекет чечими» сыяктуу долбоорлоруна канчалык көз каранды экендиктеине карап болду. Газадагы шок таасиринде Уммат ушуну түшүнүп жетти – бул уюмдар шайлоолордо адамдар аларды шайлашы жана алар өкүмдарлар менен кызматташы үчүн калп эле «чечим – Ислам» деген фикирди айтышат. Бирок парламентке да, министликтерге да, саясий турмушка да Ислам келбеди. Тескерисинче, куфр башкаруусунда өкүмдарлар менен кызматташкан жана эч кандай пайда келтирбеген оппозиция аталышында алардын айыбын

жашырып турган «сакалдуу шейх» келди. Бүгүн Уммат өзүнүн чыныгы жетекчиси келишин күтүп жатат.

Сирияда адамдар «Хайъат Тахрируш Шам» уюмуна жана Түркиянын кучагына кирген анын жетекчиси Жуланийге каршы баш көтөрдү. Адамдар козголоңдун башында көздөгөн максатка т.а. аларды Башарды кулатууга баштаган жетекчиликти каалашууда. Алар бул аң-сезимдүү жана тузактарга түшпөгөн исламий жетекчилик болушун каалашууда. Ливияда залим Каззафий кулатылгандан кийин адамдар Хафтардын жийиркеничтүү жетекчилиги менен өлкөнүн батышындагы «муътадил» исламий уюмдардын жетекчилерин бири-биринен айырмалай албай калды. Белгилүү болгондой, «Ал-Жазира» каналы адамдар ээрчиши үчүн айрым кишилерди лидер катары көрсөткөндөн кийин Катардын акчалары ушул юмдар аркылуу ар тарапка чачылды. Андан кийин адамдар Америка менен болгон таасир талашуу максатындагы ыфлас күрөштө Европа тарабынан коюлган Катар тузактарына түшүп калышканын көрүштү. Бул күрөштө Америка Хафтарды колдоп жаткан болсо, Европа Триполи жана ал жердеги Катардын колдоосуна моюн сунган исламий уюмдарды колдоп жатышат.

Адамдар ушуну байкашты – «муътадил Ислам» аталышы менен өкүмдарлардын кучагына кирген бул лидерлердин назарында саясатта эч кандай тыюу салынган харам нерсе жок. Алар ар кандай ишти халал деп билишет. Сирия баш кесери жүз миңдеген мусулмандарды өлтүргөн болсо да, алар аны менен келишим түзүшөт жана муну жаиз деп эсептешет. Ал 80-жылдары Ихванул Муслиминдин миңдеген мүчөлөрүн өлтүргөн болсо да, алар аны менен алака кылуу харам экендигин айтышпайт. Мусулмандардын канын төгүүнү катъий харам кылган өкүмдөр да бул жетекчилерди Иранга дос болуудан токтото албады. Акыйкатта болсо, Иран күнү-түнү Сирия, Ирак жана Яманда мусулмандарды өлтүрүп жатат. Алардын назарында саясат өкүмдөрү үчүн «шаръий маржаия» (өкүмдөр алына турган булак) жок. Ошондуктан, аларда ар кандай саясий нерсе жаиз. Саясий нерселер туурасында Ислам эч кандай өкүм белгилебегендей, саясатты жүрөгү Катардын акчаларына булгангандарга таштап койгондой кээ бири Фалестин маселесин чечүүдө яхудийлер

менен сүйлөшүү жаиз деп айтышууда. Бүтүндөй алганда, Уммат бул лидерлердин Исламдын саясий өкүмдөрүнөн кабарсыз экендиктерин көрдү. Кудум Ислам илманийлердин ордуна «сакалдуу шейх» бийликке келип, адамдар ойлоп тапкан өкүмдөр т.а. куфр менен өкүм жүргүзүшүн максат кылгандай, алар «баскычма-баскычтуулукту» шылтоо кылып, буга үгүттөшүүдө. Алар мыйзамчылык жөнүндөгү аяттардын баскычма-баскыч түшүшү менен Расулуллах ﷺ жана сахабалардын түшкөн ар кандай өкүмдү баскычма-баскыч эмес, тезинен колдонууга шашылышканы ортосундагы айырманы түшүнүп жетпей жатышат. Шаръий далилдерди келтирүү үчүн бул жерде жетиштүү орун жок. Бирок, бул жерде тема ушул жөнүндө, уктап жаткан мусулмандарды турууга мажбур кылган Газа согушу «муътадил» исламий уюмдардын жетекчилеринин кулашына алып келди. Себеби, алар өкүмдарлардын кучагына киришкенден кийин алардын каалоолорунан четке чыга алышпады.

Жетекчилик туурасында чоң боштук пайда болгон шартта Уммат өз жолун издеп, жаңы жетекчиликти издеп жатат. Биз Идлибдеги адамдардын кайратын жана Хизб-ут-Тахрирдин аларга тийгизген таасирин көрдүк. Фалестиндеги жүрүштөрдү жана Хизбге болгон этибарды да көрдүк. Себеби, Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрү Умматты яхудийлердин Газага каршы чабуулун кайтаруу жана кыргындарды токтотуу жөнүндө куру кыялдар менен тойдуруп койбойт. Ал бул нерсе пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелөө аркылуу ишке ашышына Умматты канааттандырат. Хизб Умматты Ливандагы Иран хизби (Хизбуллах) же Иран өзү ишке ашырган кагылышуларга үмүттөндүрбөйт. Иран хизби Фалестиндин түндүгүн яхудийлерден азат кылууга кудуреттүү экенине карабастан, Иран белгилеген чекте кагылышууга кирет жана андан өтүп кетпейт. Иран да Фалестинди азат кылууга урунбайт жана анын бакыры Умматка белгилүү. Яхудийлер Иранга кыйратууч соккуларды берди. Иран болсо Фалестинди толук азат кылууга кудуреттүү экенине карабастан, арзыбаган жооп соккусун жолдоодон ары өтпөдү. Ал Америка жетектеген эл аралык күчтөр менен бирге болгон эл аралык системанын алкагында иштейт.

Газа согушу Хизб-ут-Тахрир айткан нерсе туура экенин көрсөттү. Газа калкы ачкачылык, кыргын жана ойрондулуктан азап чегүүдө. Аларга Катардын акчалары да, мусулмандар жөнөтүп жаткан гуманитардык жардамдар да жардам бербейт. Себеби, бул жардамдардын аларга жетип барышына яхудийлердин армиясы тоскоолдук кылып жатат. Аларга жардам бере турган жалгыз нерсе – Мисир армиясынын яхудийлерге каршы турушу. Америка малайы болгон Мисир президенти Сисий буга жол бербей жатат. Мисир армиясы баш көтөрүп, Сисийди кулатышы жана саналуу сааттар ичинде мусулмандардын халифасын дайындашы гана Газа калкына жардам берет. Анткени, халифа жихадды баштап, Газаны жана бүткүл Фалестинди азат кылат. Уммат Хизб-ут-Тахрир сунуш кылган бул чечимден башка бардык чечимдердин жараксыз экенине күбө болду. Эгер яхудийлер ок атууну токтотушса да, согуш кайра жалындашы, ал тургай, кайра-кайра кайталанышы мүмкүн. Газада 2008, 2012, 2014 жана башка жылдарда да согуш болгон. Ал тургай, согуш жыл сайын болот жана аны Фалестиндин азат кылынышы гана токтотот, Исламды кантип колдонууну билген кишилер аны башкара турган мамлекетти талап кылат. Алар улуу Ислам зыянкеч өкүмдарлардын канаты астында болушун кабыл алышпайт, тескерисинче, алардын баарын кулатуу, Исламды колдонуу жана Ислам Умматын башка калктар арасындагы абал сыяктуу кайра тикелөөгө аракет кылышат. Бул эл аралык системага моюн сунуу менен болбойт. Уммат Бириккен Улуттар Уюму, Коопсуздук Кеңеши, Батыштын соту болгон Эл аралык Кылмыш Соту жана Эл аралык Соттун натыйжасыздыгына күбө болду. Бул эл аралык система, соттор жана мамлекеттин чегаралары кулатылышы керек. Ислам Умматы бул нерселерди жүзөгө чыгарууга кудуреттүү жалгыз Уммат.

Бүгүн Уммат Исламды тикелей турган жетекчини издеп жатат. Ошондо ал Расулуллах ﷺдын доорунан баштап акыркы Исламий Халифалык кулатылганга чейин таасирдүү болгон таасирдүү кубат болот. Уммат өкүмдарлар аны түшүрүп койгон позициянын пайдасыз экенин көрүп жатат. О.э. «муътадил» исламий уюмдардын жетекчилеринин өкүмдарлардын жетекчилигинин бир бөлүгү экендигин т.а.

ушул түзүмдүн альтернативасы эмес, бир бөлүгү экендигин да көрүп жатат. Уммат дагы ушуну көрүп жатат – мечиттерде Исламды айтып келген бул жетекчилер тез эле улуттук жетекчилерге айланышууда. Алар шайлоолордон кийин, Катардын акчалары жана медиа платформалары аларды калкты айгинелеген расмий адамдарга жана Исламды тикелөөгө кудуреттүү болбогон балээге айлантгандан кийин Американын «эки мамлекет чечими» жөнүндө сүйлөшүүдө. Кала берсе, алар эл аралык системанын терроризм менен айыпташынан коркуп Ислам жөнүндө сүйлөөдөн кыжалат болушууда. Ал тургай, Тунистеги Нахза партиясы сыяктуу айрым партиялар Батышты ыраазы кылуу үчүн «саясат» менен «даъватты» бөлүүгө чакырышып Исламды саясаттан расмий четтештиришти. Булар Умматты Ислам менен башкара албаган жетекчилер. Уммат үчүн караңгылыктан чыгууда Хизб-ут-Тахрирге таянуудан башка чара калбады.

Уммат бул жаңы жетекчиликтин чынчылдыгына, Исламды сүйлөшүнө жана анын сакафатында жалаң шаръий далилге таянган Ислам бар экенине күбө болду. Ал ондогон жылдардан бери өкүмдарлар менен кызматташуудан баш тартып келди жана кече айткан нерсесин бүгүн да айтат. Бул жетекчилик армия офицерлерин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелөө үчүн Хизб-ут-Тахрирге нусрат берүүгө үндөп жатышат. Бул офицерлер Газа согушу эмне кылганын көрүшкөндөн кийин, аларга кафирлердин, өзгөчө, Америка жана Европанын душмандыгы, өкүмдарлардын өтө алсыздыгы, яхудий армиясынын өтө алсыздыгы, Фалестинди азат кылуу бир нече саат же күн маселеси экенин ачып бергенден кийин Аллахтын уруксаты менен бул даъватка жооп беришет. Алар Хизб-ут-Тахрир жетекчилери Умматтын күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүн терең түшүнүп жеткенин көрүшүүдө.

Уммат башка калктар ээ болбогон эң чоң кубатка ээ. Бул кубат – Ислам. Уммат анда ушул кубатты жардыра турган кишиге муктаж. Газа Ислам жана акыйда кубаты менен душманга кандай каршылык көрсөткөнүнө, Газадагы мужахиддер заманбап куралдар менен куралданган яхудий армиясына каршы кандай согуш кылганына, Газа калкы ачкачылык, зулум жана кыйынчылыкты кандай көтөргөнүнө

Уммат күбө болду. Булардын бардыгы алардын ичинде жарылган Ислам кубаты себептүү болду. Уммат Ислам менен кайнап жатат. Ал ушул дин өкүмдөрүнө ылайык башкара турган жетекчиликке муктаж. Ал жетекчи эл аралык системага каршы баш көтөрөт жана чегараларды да, яхудий вужудун да тан албайт. Тескерисинче, хидаятты куфр өлкөлөрүнө жеткирүү үчүн жихад кылат. Аллахтын планы, нусрат калкынын миссиясы жүзөгө чыкканда мусулмандар ийгиликке жетүү мүмкүн экенин көрүп таң калышат. АларУмматты Аллахтын дини менен башкара турган халифаны дайындашат. Ошондо Уммат өзүнүн бүткүл энергиясын, Аллахтын уруксаты менен, жардырып, бардык Ислам өлкөлөрүн бириктирет. Ал тургай, Ислам Умматы саналуу жылдар ичинде эң улуу Умматка айланат. Ал өлкө ичинде да, эл аралык сахнада да изгиликке чакырып, мункар иштерден кайтарат. Анын армиясы, байлыгы жана перзенттери адамдарды Америкага ибадат кылуудан Аллахка ибадат кылуугa алып чыгуу үчүн динге кызмат кылат. ❑

## «АКСА ТАШКЫНЫ»: ХАЗАРАТТАР КҮРӨШҮНДӨГҮ ӨЗГӨЧӨ ТАРЫХИЙ БУРУЛУШ ЧЕКИТИ

**Мухандис Висам Арташ**
**Тунис вилаяты**

Хак менен батыл, Ислам менен куфр ортосундагы күрөш Ислам Меккеге түшүрүлгөндөн тартып Аллах жер жүзүнө жана андагы жанзаттарга мураскор болгонго чейин улана турган акыйкат. Жер жүзүндө хак менен үстөм турган топ болгон соң, бул күрөш туруктуу сакталган мыйзамчылык. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا يَزَالُونَ يُقَٰتِلُونَكُمۡ حَتَّىٰ يَرُدُّوكُمۡ عَن دِينِكُمۡ إِنِ ٱسۡتَطَٰعُواْۚ﴾

***«Алар** (кафирлер) **колдорунан келсе, тээ диниңерден кайтарганча силер менен согуша беришет»*** [2:217]

﴿وَلَن تَرۡضَىٰ عَنكَ ٱلۡيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ قُلۡ إِنَّ هُدَى ٱللَّهِ هُوَ ٱلۡهُدَىٰۗ﴾

***«Яхудий жана насранийлер тээ алардын динине кирмейинче эч качан сенден ыраазы болушпайт, айткын: «Аллахтын жолу гана чыныгы жол»»*** [2:120]

Т.а. хазараттар ортосундагы жалпы түрдө уланып жаткан күрөштөгү Аллах Тааланын мыйзамы өзгөргүс туруктуу мыйзам. Эгер Ислам тарыхынан мурунку доорго назар салсак, көптөгөн хазараттар бир катар идеялар, түшүнүктөрдү адамдарга колдонуу үчүн бири-бири менен күрөшкөнүн көрөбүз. Фарстар, румдуктар, финникийлер жана башкалардын тарыхтагы күрөштөрү бул мыйзамдын далили. Аллах Таала айтат.

﴿وَلَوۡلَا دَفۡعُ ٱللَّهِ ٱلنَّاسَ بَعۡضَهُم بِبَعۡضٖ لَّفَسَدَتِ ٱلۡأَرۡضُ وَلَٰكِنَّ ٱللَّهَ ذُو فَضۡلٍ عَلَى ٱلۡعَٰلَمِينَ﴾

***«Эгер Аллах адамдардын айрымдарын айрымдары менен кайтарып турбаганда, шексиз, жер жүзү бузулуп кетээр эле. Бирок, Аллах бардык ааламдарга кененчилик, жоомартчылык кылуучу»*** [2:251]

«Акса ташкыны» узак убакыттан бери хазарий тилектештик жалганына жамынып келген кресттүү Батыштын жүзүнөн маскасын сыйрып, хазарий күрөш жөнүндөгү акыйкатты алдыга алып чыкты. Туурасы, «Акса ташкыны» дүйнөлүк коомчулуктун аң-сезиминде маанилүү тарыхий бурулуш чекитин жасады. Дүйнөлүк коомчулук мубарек жерде болуп жаткан окуялардын маңызын же яхудий вужудунун табиятын

жана террорчу армиясынын ырайымсыздыгын гана эмес, хазарий жактан банкротко учураган жана адамдардын каршылыгына карабастан бул вужудду аман калуу себептери менен камсыздоону улантып жаткан Батыштын акыйкатын түшүнүп жете баштады. Бул хазарий күрөштөн максат европалыктардын жана америкалыктардын аң-сезимин багындырышы күтүлүп жаткан исламий хазараттын кайра тикеленишин алдын алуу. Андыктан, Батыш менен болгон хазарий күрөштүн кийинки баскычында «Акса ташкыны» кандай мааниге ээ? Эмнеге «Акса ташкынын» бул күрөштүн жараянындагы чыныгы тарыхий бурулуш чекити деп эсептөө керек?

**Ислам мабдасына каршы хазарий күрөштүн тарыхы**

Исламга каршы күрөш кылымдар бою токтобогон. Бирок, Исламга каршы учурду күтүп жаткан куфр күчтөрүнө жана бул күчтөрдүн акыйкат нурун өчүрүү айла-амалындагы айырмачылыкка карап, бул күрөштүн формалары, көрүнүшү жана даражалары маал-маалы менен ар түрдүү болуп келген. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّهُمْ يَكِيدُونَ كَيْدًا ۝ وَأَكِيدُ كَيْدًا ۝ فَمَهِّلِ ٱلْكَٰفِرِينَ أَمْهِلْهُمْ رُوَيْدًۢا﴾

***«Албетте** (кафирлер Мухаммад алайхис-саламга каршы түрдүү) **айла-амалдарды кылышат. Мен да бир «айла-амал» кыламын** (т.а. алардын айла-амалдарына ылайыктуу жаза беремин)**. Ошондуктан,** (эй Мухаммад)**, сен аларга бир аз мөөнөт бергин!»*** [86:14-17]

﴿يُرِيدُونَ أَن يُطْفِـُٔوا۟ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفْوَٰهِهِمْ وَيَأْبَى ٱللَّهُ إِلَّآ أَن يُتِمَّ نُورَهُۥ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْكَٰفِرُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун** (т.а. Исламды) **ооздору** (т.а. пайдасыз сөздөрү) **менен өчүрмөкчү болушат. Аллах болсо,** (кафирлер) **каалашпаса да Өз нурун толук** (ар тарапка) **жаюуну каалайт»*** [9:32]

Ислам таңы аткандан бери Ислам Умматы өз хазаратынын жана мамлекетинин душмандары менен тарыхта узак күрөшүп келди. Уммат көп абалдарда аларды жеңип, кол салууну кайтарган жана ыйман калкы жеңишке жетишкен. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱلْأَرْضَ لِلَّهِ يُورِثُهَا مَن يَشَآءُ مِنْ عِبَادِهِۦ ۖ وَٱلْعَٰقِبَةُ لِلْمُتَّقِينَ﴾

***«**(Фиравндын сөзүнөн коркунучка түшүп кетишкенде) **Муса коумуна** (мындай) **деди: «Аллахтан жардам сурап, сабыр***

***кылгыла! Бул жер, албетте, Аллахка таандык. Аны өзү каалаган пенделерге мурас кылып берет. Акыбет болсо таквалардыкы*** *(Аллахтан корккондордуку)* ***болот»»*** [7:128]

Хижрий 15-жылы, миладий 636-жылы фарстыктарга каршы Кадисия согушу, ошол эле жылда румдуктарга каршы Ярмук согушу болду. Хижрий 583-жылы, миладий 1187-жылы кресттүүлөрдү жеңип, Куддусту азат кылган командачы Салахиддин Айюбийдин жетекчилиги астында Хиттийн согушу болду. Папа Урбан IIнин миладий 1095-жылы ыйык жерлерди мусулмандардан кайтарып алуу чакырыгына жооп катары кресттүүлөр Куддус басып алган. Хижрий 658-жылы, миладий 1260-жылы Сайфиддин Кутз командачылыгында Айн Жалут согушу болду. Мубарек жердеги Наблус жана Байт-Шан шаарлары ортосунда болгон бул согуш монголдор жөнүндөгү мифти талкалады жана Ислам тарыхында чечүүчү бурулуш чекити болду.

Андан кийин Папа Иннокентий XIнин чакырыгына ылайык бир катар христиан Европа мамлекеттери Усманий Халифалыкка каршы «Ыйык союз согушун» алып барышты. Себеби, Усманий Халифалык Венаны эки ирет курчоого алып фатх кыла албагандыктан Европа мамлекеттери Халифалык мамлекети алсырап калды деп ойлошкон. Бул согуш 1683-жылдан 1699-жылга чейин уланган болсо да, союздаш Европа мамлекеттеринин жеңилүүсү менен аяктады. Франция республикасынын биринчи жетекчиси Наполеон Бонапарт мубарек жердеги ошол убакта Усманий мамлекеттин вилаяттарынын бири болгон Акка шаарын курчоого алуу аркылуу өзүнүн аскерий кубатын далилдемекчи болду. Ал 1799-жылы Акка чебине кол салып, командачы Ахмад Паша Жаззардын аскерий стратегиялык планы натыйжасында чепти багындыра албады.

Ошентип, көрүнүп тургандай, Исламга каршы күрөш жана мусулмандарга душмандык кылуу туруктуу уланууда жана бул күрөш кээде ыңгайлуу учурду күтүү үчүн гана тынчып турган. Бул күрөштө чиркөө башкаруусу жана Папа жетекчилиги менен Франция ыңкылабынын принциптерин бекем кармаган, динди жашоодон бөлүү акыйдасына негизделген илманий мамлекеттин башкаруусу ортосунда айырма жок. Франция армиясы Алжирди басып алардан мурун белгилүү француз

жазуучусу Виктор Гюго «каргышка калган калкты сойгула» деп кайрылган. Бул сөз Андалусиядагы мусулмандарга каршы инквизицияны, аны менен бирге ырайымсыздык жана канкордукту кайталоо үчүн филофосиялык фикирий негизди жана жийиркеничтүү дунявий назарияны калыптандырды. Мусулмандарга каршы үрөй учурган көрүнүштөр түрдүү убакыт жана жерлерде кайталанды. Аллах Таала айтты:

﴿قَدْ بَدَتِ ٱلْبَغْضَآءُ مِنْ أَفْوَٰهِهِمْ وَمَا تُخْفِى صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ﴾

***«Алардын силерди жаман көрүүсү ооздорунан ашкере болду. Жүрөктөрүндөгү душмандыктары болсо андан да чоңураак»*** [3:118]

Кафир илманийлик жана бузгунчу капитализм Батыш армиялары үчүн согуштук доктринаны жарата албады. Ушул себептен улам, Ислам жана мусулмандарга каршы хазарий күрөшкө кирүү үчүн кресттүүлүк фикирлерди кайра жандантуу зарыл болду. Европада демократияга жана адам укуктарына үгүттөп, бул жалган ураандар менен өз элин алдап келген бул бузгунчу хазараттын мусулмандарга каршы иштери инсанийликтин бардык көрүнүшүнө тескери келди. Мындай ачык-айкын карама-каршылыкка Франция 1937-жылы «инсан» музейин курушунан өткөн күчтүү далил жок. Бул дунявий хазарий шерменделик форматындагы музей болуп эсептелет. Франция бүгүнкү күнгө чейин бул музейде Алжирде башы кесилген мусулман козголоңчулардын 18 миң баш сөөгүн көрсөтүү менен сыймыктанып келет.

1648-жылы өткөрүлгөн «Вестфалия конференциясы» Исламий мамлекетке каршы туруу үчүн христиан Батыш Европа мамлекеттеринин эл аралык коомчлугунун пайда болушуна, андан эл аралык мыйзам пайда болушуна жана 1815-жылда эл аралык коомчулуктун иштерин тартипке салуу үчүн «Вена конференциясы» өткөрүлүшүнө алып келди. Андан кийин 1818-жылы «Экс-ла-Шапель келишими» түзүлдү. Бул келишимде ири мамлекеттер «Вена конференциясында» жетишилген натыйжаларга коркунуч салган ар кандай ыңкылаптык аракетти токтотуу үчүн куралдуу аралашууга келишишти... Ошол күндөн тартып Исламга каршы душмандыкты чиркөөдөн мурас кылып алган кресттүү мамлекеттер исламий хазаратка каршы ашынган хазарий жана итикадий күрөш жүргүзүп келет. Усманий мамлекеттин

күч-кубаты алсыздап, XVIII-XIX кылымдарда баскычма-баскыч саясий жана аскерий начарлоону башынан өткөрө баштагандан кийин Европа саясатында «чыгыш маселе» т.а. Усманий мамлекеттин абалы деген нерсе пайда болду.

Андан кийин кресттүү мамлекеттер акыркы чечүүчү согушту талкуулаган ушул экзистенциалдык күрөш 1907-жылы Лондондо өткөн «Кемпбелл конференциясынын» натыйжалары бүттү. Британия премьер-министри Генри Кемпбелл Беннермандын ысымы менен аталган, бир катар Европа мамлекеттерин камтыган бул кооптуу колониялдык конференция эки жылга созулду. Мындан ошол убакта Британия башчылык кылган үрөй учурган шайтаний план келип чыкты. Ал Батыш хазараты (ак адам хазараты) Түндүк африка жана Чыгыш жер ортолук деңизи регионунун ыктымалдуу мураскору деп карайт. Бул региондогу мусулмандар Европага каршы биригип, анын кызыкчылыктарына коркунуч туудуруу кудуретине ээ болгон жалгыз хазарий топту түзүшөт. Ошондуктан, бул план мусулман өлкөлөрүн чыгыштагы Азия бөлүгүн батыштагы Африка бөлүгүнөн бөлүп турган жат бөлүктү орнотууну талап кылды. О.э. регион калктарына душман жана христиан Европа мамлекеттерине дос болгон буфердик мамлекетти тикелөө зарылдыгына чакырды.

Ошентип, нефть табылып, аны жана Исламий өлкөлөрдү көзөмөлдөө үчүн пайдубал коюлары менен бул ыфлас план ишке ашырылды. Исламий өлкөлөр 1916-жылдагы «Сайкс-Пико келишими», 1917-жылдагы «Бальфур декларациясы» жана 1919-жылдагы «Версаль келишими» аркылуу бөлүп, ыдыратылды. Өз кезегинде «Версаль келишими» бүгүнкү акимдер «эл аралык мыйзамдулук», «эл аралык укук» деп атап келе жаткан мыйзамдар дүйнө үстүнөн Батыш өкүмдарлыгын орнотуу эрежелерине негиз салды. Бул акимдер жаңы колонизаторлукка «мандат» деген аталыш беришти.

Андан кийин 1920-жылы «Сан-Ремо конференциясы» болуп өттү. Анда Британия менен Франциянын таасири белгиленди. Конференциянын тыянагына ылайык, «Бальфур декларациясын» аткаруу талап кылынып, Сирия жана Ливан

Франция мандатына, Ирак, Фалестин жана Чыгыш Иордания Британиянын мандатына киргизилди.

Франция командачысы Гуро Салахиддиндин кабыры астында туруп: «Мына биз кайтып келдик, эй Салахиддин», - деди. Муну менен ал жаңы кресттүүлүк согушу болгон биринчи дүйнөлүк согушта жеңишке жеткенине ишара кылды. Ошондон кийин Британия армиясы Куддус шаарын курчоого алып, Усманийлерди жеңди. Муну менен яхудийлердин Фалестин жерлерин басым алышына чөйрө жаратылды. Ошондуктан, Британия генералы Эдмонд Алленби 1920-жылы Халил дарбазасынан жөө басып кирип: «Мына эми кресттүүлүк жүрүшү аяктады», - деген сөздөрү мусулмандардын аң сезиминде сакталып калды.

Андан кийин тарыхий учур келди жана «оорулуу адамга» артынан кыйратуучу сокку берилди. Себеби, өлкө ичинде Усманий Халифалыктын пайдубалы термелип, өлкө тышында таасири начарлап калгандан кийин ушул хазарий күрөш саясий жактан 1924-жылда анын кулатылышында өз тастыгын тапты. Уммат Батыш тарабынан болгон тынымсыз фикирий, маданий, саясий жана аскерий чабуулдар алдында коргоочу калканынан ажырап, душман алдында коргоосуз калды. Ошентип, Батыш өз максатына жетти жана Умматты хазарий жеңди. Себеби, Батыш улуу мабданы жана эзелки хазараттын колдоочусу болгон Исламий мамлекетти кулатты. Күрөш ушул чекитте токтогон жок, мусулмандардын вужуду жана Ислам бийлиги жок болсо да күрөш уланды. Ооба, кресттүү Батыш «Кемпбелл конференциясынын» токтомдорун аткарууну Бириккен Улуттар Уюму Фалестинди бөлүү чечимин кабыл алып, 1948-жылы 14-майда (израиль) мамлекети жарыя кылынганга чейин улантты.

Ал жерде Накба (кырсык) жүз берди. Умматка жана анын динине душмандыктан келип чыгып Исра жана Миъраж жеринде яхудий вужудун орнотуу кылмышы жасалды. Бул вужуддун баскычма-баскыч регионго интеграциялашуусу үчүн чөйрө даярдалды. Яхудий вужудун Умматтын жана Умматтын армияларынын чабуулунан коргогон, жихадга тоскоолдук кылган функционалдык режимдер кезек-кезеги менен бул вужудду коргошту. Кала берсе, бул режимдер Умматтын

негизги маселелерин, эң оболу мубарек Фалестин маселесин колдоп-кубаттоо аракетине жол беришпеди.

Тарыхты жакшы үйрөнгөндөргө белгилүү болгондой, Фалестин маселеси көптөгөн кылымдар тарыхий хазарий согуштун символу жана хазарий күрөштүн тыянычы болуп келген. Бул гибрид вужудду орнотуу үчүн Фалестиндин тандалышы капыстан болгон эмес, тескерисинче, бул Исламга каршы хазарий күрөштүн жетекчилери жана адамзат шайтандары дыкат үйрөнүп чыккан нерсе. Ошондуктан, бул маселе Куддус фатх кылынып, Умария келишими түзүлгөндөн бери Уммат үчүн сыноо болуп калууда. Уммат начарлаганда бул маселе андан тартып алынат. Эгер Уммат саптарын бириктирсе, динин бекем кармаса жана душмандарына каршы Аллахтан кубат издесе бул маселе ага кайтат. Мына бүгүн көрүп жатканыбыздай, бул маселе Умматтын эң чоң душмандары т.а. Америка жана анын эркеси яхудий вужуду менен болгон хазарий жана экзистенциалдык күрөштүн борборун кайра ээлөө үчүн биринчи орунга кайра чыкты. Американын хазарий гегемондук долбооруна каршы туруу мүмкүнбү?

**Америка жана Исламга каршы хазарий күрөштүн багыты**

Америка бул эл аралык «Вестфалия» коомчулугуна жана ушул эл аралык көзөмөлгө даяр абалда таап, аны сактап калууга, ал тургай, анын нускасын иштеп чыгууга катуу аракет кылды. Америка дүйнөдө хазарий күрөштүн байрагын көтөрүү үчүн өзүнүн аскерий үстөмдүгүнөн жана Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эң аз экономикалык зыян көргөн мамлекет болгонунан пайдаланды.

Америка согуш жана кризистерди чыгарып саясий маселелерде бүткүл дүйнөнүн иштерине аралашуу үчүн Улуттар лигасы урандылары үстүнө Коопсуздук Кеңеши башчылыгындагы Бириккен Улуттар Уюмун түзүү аркылуу эл аралык түзүлүштүн имаратын курду. Эл аралык Валюта Фонду экономикалык жана валюта маселелеринде чоң роль ойноду. Америка ушулар аркылуу дүйнөнү саясий, аскерий, экономикалык жана хазарий жактан көзөмөлдөөнү кепилдеген бардык тизгиндерди колго алды. Ал дүйнөдө биринчи мамлекет макамын ээлегенден тартып – мурда Исламий мамлекет теңдешсиз мамлекет болгондой – ал да дүйнөлүк саясатты

жалгыз өзү калыптандырган теңдешсиз мамлекет болууга аракет кылды. 1990-жылы Советтер Союзу жетектеген коммунисттик мабда жеңилип, ал дүйнөдө сан жана техника жактан эң чоң армиялардын бирине, андан тышкары чоң ядролук арсеналга ээ болушуна карабастан кулагандан кийин Америка теңдешсиз мамлекет болду. Бирок, Американын жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрүндө көөдөлөнгөн философия жана хазарат адамдарды жетектөөдө ийгиликке жетпеди. Бул болсо кулоого алып барчу негизги фактор болуп эсептелет. Себеби, өмүрү узакка созулган мамлекеттер жана хазараттар калктарды алардын иштерин камкордук менен башкарууга жарабаган бузгунчу идеяларды кабыл алууга мажбурлаган аскерий күчкө эмес, адамды канааттандырып, аны фикирий башкарган идеялар негизине курулат жана бекемделет.

Хазараттар согушу контекстинде байкалган нерсе ушул – жада калса, Советтер Союзу бар болуп, мусулмандардын мамлекети жок болгон учурда да Америка жетектеген Батыш өзүнүн саясатын Ислам жана мусулмандарга каршы дале уланып жаткан кресттүүлүк согуштардын негизине курду. Бул болсо Американы Батыш дүйнөсү жана яхудий вужуду тарапта турууга мажбур кылат.

Американын мусулман өлкөлөрүнө мамиле кылууда баскан жолун күзөтүүнүн натыйжасында мына ушул нерселер ачыкталып жатат. Бул АКШ мамлекет департаментинин пландоо бөлүмүнүн башчысы, мамлекет катчысынын жардамчысы жана 1967-жылга чейин президент Жонсондун Жакынкы Чыгыш маселелери боюнча кеңешчиси болгон Юджин Ростоунун билдирүүсүн айгинелейт. Ал мындай деген: **«Ушуну түшүнүп жетишибиз керек, биз менен араб калктары ортосундагы келишпестиктер мамлекеттердин же калктардын келишпестиги эмес, тескерисинче, Ислам хазараты менен христиан хазараты ортосундагы келишпестик. Христиандык менен Исламдын ортосунда орто кылымдардан бери кескин күрөш болуп келген жана бул күрөш азырга чейин түрдүү көрүнүштөрдө уланып жатат. Бир жарым кылым мурун Ислам Батыштын көзөмөлүнө өттү жана Ислам мурасы христиан мурасына моюн сундурулду. Тарыхий абалдар тастыктап тургандай, Америка Батыш дүйнөсүнүн, анын**

**философиясынын, акыйдасынын жана түзүмүнүн ажырагыс бөлүгү. Бул нерсе Американы Чыгыш Ислам дүйнөсүнө, Ислам дүйнөсүндө көөдөлөнгөн философияга жана акыйдага душманчыл мамиледе болууга мажбур кылды. Америка Исламга душман сапта турса, Батыш дүйнөсү жана сионисттик мамлекет менен бирге болсо гана мындай позицияны карманышы мүмкүн. Себеби, эгер Америка мунун тескерисин кылса өзүнүн тилин, философиясын, маданиятын жана мекемелерин танган болот».**

Ростоу Жакынкы Чыгыштагы колонизаторлуктан максат Ислам хазаратын жок кылуу көздөлгөнүн, яхудий вужудун тикелөө ушул пландын бир бөлүгү экенин, бул кресттүүлүк согуштарды улантуудан башка нерсе эместигин абдан ачык-айкын баса белгилейт. Ошондуктан, Америка ошол кезден бери Жакынкы Чыгыш жана Фалестин маселеси менен алектенип келет. Ал «эки мамлекет чечими» жөнүндөгү көз карашын баарына мажбурлоого аракет кылып жатып, Ислам өлкөлөрү менен жүргүзгөн саясатында бул эки маселени үстөм маселе кылып белгиледи.

Франция тышкы иштер министрлигинин өкүлү 1952-жылы эле Исламга салыштырганда коммунизм Европа үчүн кооптуу эмес деп эсептеген. Анын айтымында, Ислам Батыш хазаратынын пайдубалын жок кылууга жана анын миссиясын тарыхка айлантууга кудуреттүүлүгү менен Батыш хазаратына түздөн-түз коркунуч деп болуп эсептелет. Ал эми америкалык саясатчы жана идеологдор Советтер Союзу кулары менен эле Исламды биринчи негизги хазарий душман деп белгилешти.

1990-жылдын башында журналист Девид Хауэлл «Вашингтон Таймс» жана «Жапан Таймс» гезиттери жарыялаган «Тарых багытындагы жылыш» деген макаласында коммунизм жеңилгенден кийин душман Ислам жана Ислам хазараты экендигин баса белгиледи. Яхудий вужудунун мурунку премьер-министри Шимон Перес: «Фундаментализм коммунизм кулагандан кийинки доордо эң чоң коркунучка айланды», - деген. («Арабий» журналы, №514, 2001-жыл).

Ушул себептен улам өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап Американын жеке акимдик баскычы дүйнөнү бөлүү жана терроризмге каршы күрөшүү маскасы астында дүйнөнү

Ислам өлкөлөрүнө каршы аракетке келтиргиндиги менен өзгөчөлөнүп турат. Америка компасты Ислам жана мусулмандарга каршы согуш жарыялоого багыттады. Андан кийин терроризм глобалдаштырылып, бардыгы терроризмге каршы согушка сапарбар кылынгандан кийин кичүү Буштун «Ким биз менен болбосо, ал бизге каршы» деген урааны астында Исламга каршы хазарий күрөштүн доктринасы белгиленди. Бул 2001-жылдын 11-сентябрь окуяларынан кийин Ислам өлкөлөрүнө каршы Америка жетектеген кресттүү согуштарга чөйрө жаратты.

Терроризмдин жаратуучусу болгон Америка башчылыгында жарыяланган бул согуштан максат Исламий Халифалыктын тикеленишин алдын алуу болгон. Себеби, Исламий Халифалык кресттүү Батышты жеңүүгө жана чыныгы деңгээлине кайтарууга кудуреттүү исламий хазараттын таңын кайтарат. Америка саясатынын "атасы" Генри Киссинжер 2004-жылы 6-ноябрда Индияда өткөн «Хиндустан Таймс» конференциясында сүйлөгөн сөзүндө ушул нерсеге ишара кылып мындай деген: **«11-сентябрда көргөнүбүздөй кооп-коркунучтар терроризмден келбейт. Бирок, кооп-коркуныч экстремисттик жана фундаменталисттик Исламдан келет. Экстремисттик Ислам Исламий Халифалык мамлекетинде фундаменталисттердин көз карашына тескери болгон муътадил Исламды бузууга аракет кылат. Негизги душман Исламда активдүү болгон фундаменталисттер. Ал бир эле учурда муътадил исламий коомдорду жана Халифалыктын тикеленишине тоскоолдук деп эсептеген башка бардык коомдорду өзгөртүүнү каалайт».** («Ньюсвик» журналы, 2004-жыл, ноябрь, №8).

Бул жагдай дүйнөнүн биринчи мамлекети Ислам Умматынын ойгонушуна жана активдешүүсүнө, өзүн жана долбоорун түшүнүп бара жатканына олуттуу саясий көңүл буруп жатканын айгинелейт. Бул болсо Америка көбүрөөк аскерий базаларды жайгаштыруу аркылуу жайып жаткан демократиялык баалуулуктарды жана адам укугун коргоону айтып Ислам өлкөлөрүнүн чоң бөлүгүнө каршы маалымат каражаттарын жана аскерий күчтөрдү аракетке келтиришине алып келди. Бул, шексиз келечекте ага терс таасирин тийгизет. Ошол эле

учурда, ал идеялар согушунда жеңилүүгө учурап, фикирий күрөш майданында эрте чегинген Батыштын психологиялык жеңилүүсүнүн жана хазарий банкроттугунун көлөмүн чагылдырууда. Ал Исламды бузуп көрсөтүп, аны терроризм деп атап, исламий өлкөлөрдө Исламга каршы согуш жарыяланып, мусулмандарды кара күрсүгө отургузуудан башка Исламга каршы туруу жолун таппады. Максат – Исламдын адамдын табиятына ылайык келген фикирлери Батыш өлкөлөрүнө жетип, батыштык адамды кайрадан калыптандырышын, анын аң-сезимин Америка жетектеген капиталисттик коомчулук негизделген алдоо жана чалгытуулардан четтетип жаңыдан калыптандыруусун алдын алуу.

Батыш жетекчилери ар күнү ызаалантып жаткан бул жеңилүү аларды Мухаммад ﷺдын Умматына каршы душмандык кылычын көбүрөөк курчутууга үндөдү. Сэмюэл Хантингтон ушул маселедеги өзүнүн белгилүү изилөөсүндө муну ачыктаган. Ал шакирти Фукуяманын «**либерал демократия адамзаттын абсолюттук идеологиялык өнүгүүсүн жана ар кандай инсаний түзүмдүн абсолюттук формасын түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ**» деген кууш фикирине раддия билдирип, «**Ислам – Батыштын тирүү калышын күмөн астына койгон жалгыз хазарат жана ал муну эки ирет кыла алды**» деп ага Ислам тарыхын үйрөттү. Ал толук ишеним менен жана жөнөкөй кылып, капиталисттик-коммунисттик күрөштөн кийинки баскыч жөнүндө мындай дейт: «**Туура, Батыш хазаратынын багыттары башка хазараттарга да жол тапты. Бирок, демократия, мыйзам үстөмдүгү жана эркин базар баалуулуктары мусулмандардын аклиясында мантыкий көрүнбөстүгү мүмкүн. Ошондуктан, болочок күрөш бир тарапта илманий баалуулуктарды карманган «христиандык дүйнө» менен экинчи тарапта «Ислам дүйнөсү» ортосунда болот**». (Сэмюэл Хантингтон, «Хазараттар күрөшү жана дүйнө эрежесин кайрадан түзүү» китеби. Ал бул китепти «Форин афферс» журналы жарыялаган хазараттар кагылышуусу жөнүндөгү өзүнүн макаласына толуктап жазган).

Жогоруда айтылгандарга таянып, Америка жетекчилиги астында Батыш Исламга каршы алып барган хазарий күрөштүн баскычтарын кыскача баян кылуу мүмкүн:

1 – Батыш Ислам өлкөлөрүндө алып барып жаткан саясаттарын кресттүүлүк согушту улантуу негизине курат жана бул күрөшкө Батыштын атынан Америка жетекчилик кылат.

2 – Коммунизм кулагандан кийинки чыныгы коркунуч Ислам.

3 – Америка Ислам толкуну алдында анын хазараты начарлап, артка чегинген коркунучту сезди жана хазараттар күрөшү анык экенидигинин акыйкатын түшүнүп жетти. Ошондуктан, ал эң жакшы коргонуу каражаты катары чабуулду тандады. Терроризмге каршы согуш жарыяланганда дүйнө калктарын Ислам жана мусулмандарга каршы тукурду. Ал өзүнүн бардык саясий, аскерий жана дипломатиялык аракеттерин ушул багытка жумшады.

4 – Мусулман өлкөлөрү дүйнөдөгү биринчи мамлекеттин тышкы саясатынын үстөм багытына айлангандан кийин бул саясаттар Исламга каршы туруудагы фикирий жана хазарий талкалануунун көлөмүн тереңдетти. Мусулмандардын бириктирүүчү вужуду болбосо да, демократиянын жылдызы бүттү, Батыш баалуулуктарына дүйнөлүк кызыгуу жалпы төмөндөдү жана капиталисттик түзүмдүн адамзаттын проблемаларын чечүү кудуретине ишеним жоголду.

**Батыш хазаратынын имаратындагы жаракалар**

Америка жетектеген Батыштын ушул бардык айла-амалдары «араб жазы» баскычынан мурун болгон. Себеби, «араб жазы» АКШ администрациясында Ислам «жини» кумурадан чыгышына жакын калды деген туйгуну күчөттү. Батыш жетекчилери Ислам жининин анык жана күтүлүп жаткан чыгышына жол бербөө үчүн убакыттан озууга аракет кылышууда. Алар колонизаторлуктун чеңгелинен жана Америка башчылыгындагы эл аралык системанын зулумунан азат болууну көздөгөн элдик кыймылдарды бардык ыкма жана каражаттар менен бастырышууда. Ислам ураандарын ачык-айкын көтөргөн козголоңдор араб өлкөлөрүнүн борборлорунда болду. Бул козголоңдор региондогу колонизаторлук долбоорлорго тескери болгон итикадий исламий мантыктан келип чыгып Шам өлкөлөрүндө Халифалыкка чакырды. Бул болсо Американы шашылыш чара көрүүгө жана Исламды мазмунунан буруу үчүн бир нече өлкөлөрдө муътадил исламчыларды бийликке алып келүүгө мажбур кылды. Ага параллель түрдө Халифалыктын ИШИМ деп таанылган бузуп көрсөтүлгөн версиясынан

пайдаланылды. Андан кийин ИШИМге каршы эл аралык коалиция түзүлдү. Бул Американын регионго гегемондук кылышына чөйрө жаратты. Ал Сирия козголоңуна чекит коюу максатында кресттүүлүктү маска кылып Халифалыкка душмандыкты ачык жарыялап Россияны өзүнүн аскерий аракеттерине шерик кылды. Мындан тышкары, Америка муътадил Ислам кийимин кийген Түркияны да шерик кылды.

Обаманын чачын агарткан бул козголоңду АКШ тышкы саясатынын “атасы” Киссинжер өзүнүн «Дүйнөлүк тартип: калктардын табияты жана тарыхтын багыты» деген китебинде «Сирия ташкыны» деп атады. Ал өз китебинде араб өлкөлөрүндө демократияга кызыгуу төмөндөп, анын үгүтчүлөрү ийгиликсиздикке учурaганын эскертти. Бирок, ички проблемалар менен колу байланган Америка Умматтын кайратын дагы да сындыруу, Ислам негизиндеги түпкү өзгөрүүгө болгон үмүттү өчүрүү үчүн Сирия жана Мисирдеги залим режимдерди колдоп-кубаттоодон, Ливия жана Суданды талкалоодон, регионду аскерий келишимдер менен курчап алуудан башка чара таппады.

Ушундай текебердик жана залимдик менен Америка жетектеген Батыш козголоңдордон кийинки баскычта хазарий запасынын чоң бөлүгүн жоготту. Америка көбүрөөк кан төгүүгө аралашты жана Байдендин «Америка үчүн Ирак менен Сирия Афганстанга караганда көбүрөөк коркунуч туудурат» деген сөзү менен региондо Америка күчтөрүнүн турушун актады. Башка тараптан, Америка экономикасы «корона пандемиясынын» натыйжасында 2008-жылдагы ипотека кризисинен бери эң жаман төмөндөөгө кабылды. АКШ саясаты Америка коомунда чыныгы чыр-чатактарды жүзөгө келтирген бөлүнүүгө күбө болду. Булардын бардыгы Америка коргогон Батыш хазаратынын имараты жарылышына алып келди. Капиталисттик мабда согуштарды жана кризистерди чыгаруу менен азыктанып жатканда ага жана анын туруктуу инвестициялык чөйрөнү камсыздоо кудуретине ишеним жоголду. Россия-Украина согушу жана анын дүйнөлүк акыбеттери бизден алыс эмес. Американын фитнасы уланып жатканда Кытай менен Тайван ортосунда эмне болорун ким билет? Башка тараптан, ичинен жемирилип жаткан Батыш имаратын жарып кирген көптөгөн тешиктер бар. Бул болсо Батыш калктарын бир тараптан бийлик менен болгон

мамилесин, экинчи тараптан Ислам жана мусулмандар менен болгон мамилесин кайра карап чыгууга үндөдү.

Акыркы он жылдыкта Батыш борборлорунда болгон элдик кыймылдар хазарий кыйроо көрүнүштөрүнөн башка нерсе эмес. Батыштын фикирий божомолдоруна күмөн кылуу Америка өкүмдарлыгын четке кага турган, адамзатты капиталисттик хазараттын ырайымсыздыгынан жана зулумунан куткара турган жаңы дүйнөлүк тартиптин пайда болушу үмүтүндө эл аралык системанын азыркы нускасына каршы козголоң көтөрүүнүн негизги шарттарынын бири. Бул болсо Умматка чоң жоопкерчилик жүктөп жатат жана андан чоң даярдыкты талап кылууда. Бул «Акса ташкыны» окуяларынан мурунку абал эле. Ал эми, Газага каршы согуш башталгандан кийин согуш бул жараканы чоңойтуп, анын көрүнүшүн болуп көрбөгөндөй жаркын көрсөтүп берди. Бул маанилүү дүйнөлүк окуядан кийин адамзат кайрадан дүйнөлүк түзүмдү калыбына келтирүүгө аракет кылабы?

**«Акса ташкыны» жаңы дүйнөлүк түзүмдүн башталышы:**

«Акса ташкыны» башталганда эки күн өтүп Киссинжер Аксель Шпрингер немис медиа компаниясынын аткаруучу директору Матиас Дёпфнерге берген интервьюсунда: «Жакынкы Чыгышта чыр-чатактын күчөшүнүн жана коомчулуктун басымы астында башка араб мамлекеттеринин да бул чыр-чатакка тартылышынын коркунучу бар», - деп эскертти. Америка саясатынын аксакалы минтип кошумчалады: «Украинада уланып жаткан Россия агрессиясы менен Хамастын (израилге) чабуулу эл аралык системага негизги чабуул...».

Бул сөз Батыш менен болгон хазарий күрөштүн маңызын ачыктайт. Киссинжердин айтымында, «Акса ташкыны» баскынчынын армиясын бутага алган жөн гана куралдуу чабуул эмес. Же баскынчынын Фалестин калкына каршы 75 жылдан бери уланып жаткан кылмыштарына каршы реакция да эмес. Тескерисинче, ал яхудий вужудун жараткан эл аралык системага чабуул. Бул жагдай бүткүл Батыш туталанып жатканын түшүндүрөт. Коркутуу анын системасына, мабдасына жана бар болушуна таасир кылат.

Газа согушу Батыштын кылмыштуу хазаратынын маңызын ачып берди. Анын үгүтчүлөрүнүн жүзүнөн маскасы жана

косметикалык боёктору сыйрылды. Адамдык баалуулуктар, эркиндик жана адилет принциптери сыяктуу Батыш мамлекеттер башка калктарды жакыр кылуу жана алардын авторитардык режимдерине өкүм өткөрүү каражаты кылып алган ураандар убакыттын өтүшү менен кайып болду. Бул кандуу согушта «Нөл аралык» операциялары, кеңдиги жер-асмандай бейиш үчүн жарышып жаткан Газа мужахиддеринин тарыхта калчу бекемдиги алдында көптөгөн аскерий назариялар кыйрады, куралдуу кагылышуулардын бардык эрежелери жок болду, аскерий үстөмдүк теңдемдери бүтүндөй кыйрады.

Ошондуктан, технологиялык өнүгүүгө, Американын колдоосуна ишенген сионист душманга бетме-бет келген Роббисине ишенген мусулман адам мужахид сымал хазарий күрөштүн маңызын кооз көрсөтүп берет. Бул күрөштө мусулман мужахид өз колу менен жасаган куралы аркылуу «нөл аралыктан» жасалган чабуулдарды – алардын акылы чынчыл мужахиддердин жүрөгүндөгү исламий акыйданын таасирин түшүнүп жете албагандай – кайтара албаган танктар менен корголгон душманды жеңет.

Ошентип, «Акса ташкыны» ажайып аталган чоң окуя экендигинен тышкары, күчсүз дүрбөлөңчүлөрдүн күмөн салышына карабастан, Расулуллах ﷺдын жихадынан күчтүү толкун атылып чыгып, шаарларды фатх кылган жана калктарды хидаятка баштаган ошол улуу Ислам агымынын кичирейтилген жаркын көрүнүшү болду. Ал Исламий аң-сезимди кайра калыптандырды, Умматтын өз динине болгон ишенимин жаңылады, аны өз улуулугун кайтарууга, өз вужудун кайра тикелөө аркылуу өзүн жана тагдырий маселелерин коргоого үндөдү. Натыйжада Уммат болгон күчү менен ушул багытта аракетке келди. «Акса ташкыны» Аллах жолунда жихад кылуу түшүнүгүн жандантты. Уммат душмандарына каршы туруу жана алардын кайратын сындыруу үчүн биригүү зарылдыгы жөнүндө сөздөр айтыла турган болду. Акырзаман согуштары жана Халифалык жөнүндө сүйлөө – жагымдуу, арзуу кылынган нерсеге айланды жана мусулмандар өз халифасына байъат берүү үчүн аракет кыла турган болду.

Башка тараптан, бүткүл дүйнө 2023-жылдын 7-октябрынан бери ушундай бир реалдыкта жана рухий азапта жашап жатат, бул Батыштагы калктар жана алар арасындагы элитада

сионисттердин кылмыштарын колдоп жаткан алардын кудуретсиз хазараты жөнүндө өзгөчө фикирди пайда кылууда. Эми алар бул хазаратка таандык болууну уят жана шерменделик деп билишүүдө, согуш созулган сайын фикирлери дагы да өзгөрүүдө. О.э. бул аларга позициялары жана билдирүүлөрү башаламандык жана экиленүүгө толгон өз жетекчи жана башчылары жашап жаткан тынчсызданүу абалын ачып берүүдө. Бул жетекчилерди согуш кылмышкери болгон Нетаняху менен сүрөткө түшкөнүнө кубанууга мажбурлаган, Исламды жаман көргөн, жаш бала аклия башкарууда. О.э. Газа окуялары Умматтын да аң-сезимин ачып, яхудий вужуду менен союздаштык кылып жаткан режимдердин жүзүн дагы да ачыктады. Умматты алсыздыктан чыгууга, Газада эле эмес, башка исламий өлкөлөрдө да дарыя болуп төгүлүп жаткан канды токтото турган түпкү чечимди издеп табууга үндөп жатат. Айрыкча, Уммат азаттыкка чыгуу мүмкүнчүлүгүн берген бардык күч жана каражаттарынан айрылганын көргөндөн кийин.

Демек, бүгүнкү күндө алдыбызда эки карама-каршы жол турат: бир жолдо капиталисттик бузгунчу хазарат кыйрап, баалуулуктарын курт жемирип жатат, айрыкча, «Акса ташкынынан» кийин ушул хазараттын имараты оңдоп болгус даражада тездик менен кыйроодо. Анын алдында Ислам чыгып келүүдө. Ислам – Умматты куткарууга, сионисттик-кресттүүлүк колонизаторлук баткагынан жана анын согуштук машинасынан куткарууга кудуреттүү саясий идея. Айрыкча, исламий долбоорду жүзөгө чыгаруунун негизи болгон армияларыбыз жоопкерчилигиндеги ролду аткарышы керек. «Акса ташкыны» келип, ушул түшүнүктөрдү акылдарга жакындаштырды. Муну менен бирге, Ислам дүйнөлүк деңгээлде саясий, рухий акыйда жана бүткүл адамзатты башкарууга кудуреттүү идеология катары көрүндү. «Акса ташкыны» ыйманыбызды жаңылоого жана башкалардын Исламды кабыл алышына себеп болду.

Хазараттар ортосундагы күрөштүн чечүүчү учуру келди. Батыштын жемирилиши жана кулашы анык болгон тарыхий учур жакындашты. Анын калганын Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалык мамлекетинин тикелениши тездетет. Батыш Газа калкынын жана мужахиддердин бекем кайраты алдында яхудий вужудунун жалган жеңишин көрсөтө албагандан кийин Халифалыктын

тикеленгендиги тууралсындагы кабар бүткүл капиталисттик Батышты силкинте турган окуя болушуна адамдар ишенүүдө.

Бул бекем кайрат бир нерсени түшүндүрөт. Ал да болсо, яхудийлер да, үлкөн күч-кубаты менен алардын артында тургандар да бул согушта үстөм боло албайт, өз кезегинде, Газанын бул кайраты алдында бүткүл Батыш талкаланат, ал тургай, яхудий вужудун колдоп-кубаттаган ар кандай күч жеңилүүгө учурайт. Бул нерсе мусулмандарды яхудий вужудуна эле эмес, бүткүл Батышка каршы күрөшүүгө кайраттандырууда. Бул болсо дүйнөлүк система үчүн чыныгы коркунуч. Ошондуктан, көптөгөн муфаккирлер бүгүнкү күндөгү үрөй учурган көрүнүш алдында бир кылымдан бери алардын арасында кеңири жайылган сунушту карап чыгуу керектигин көп айтышууда. Бул немис муфаккири Освальд Шпенглер 1918-жылы басылмадан чыккан өзүнүн «Батыштын кулашы» деген китебинде айткан сунуш.

Ал тургай, айрымдар Армагеддон согушу жакындашып келе жатканын айтып жана Газа согушу созулушунун коркунучунан эскертип жатышат. Эхуд Ольмерт бул жөнүндө сүйлөп, Бинямин Нетаняхунун өкмөтү Армагеддон согушу болушуна ишенет, анткени, бул дүйнөнүн бүтүшүнө алып бара турган согуш, деди. Бул согушту америкалык отставкадагы полковник Дуглас МакГрегор да айтып, Нетаняхунун Газадагы баскынчылыгы тууралсында өзүнүн түшүндүрмөсүндө: «Менин оюмда, биз Армагеддонго карай бара жатабыз», - деди. Британиянын «Телеграф» гезити өзүнүн башкы кабарчысы Роберт Мендик яхудий аскерлери башынан өткөрүп жаткан рухий кризиске түшүндүрмө берген макаласында Армагеддон жөнүндө айтты. Батыштын Халифалыктан жана анын тикеленишинен эскерткен билдирүүлөрүн санап аягына жетип болбойт. Булардын бардыгы Батыш мамлекеттери Британия жетекчилигинде Халифалыкка чакырып жаткандарга карата позициясында, Британиянын «Акса ташкыны» окуясынан кийин тезинен Хизб-ут-Тахрирге тыюу салгандыгында өз тастыгын табууда.

Исламий Халифалык ондогон жылдар, ал тургай, көптөгөн кылымдар жүргүзүлгөн тил бириктирүүлөрдөн жана кыргын согуштардан, айла-амалдуу уюштурулган ыңкылаптардан, ошол убактагы ири эл аралык күчтөрдүн түздөн-түз жана кыйыр түрдө аралашууларынан кийин гана кулады. Бирок, глобалдык

капиталисттик түзүм бүгүн ушунча ири армиялары, массалык кыргын курал-жарактары, үлкөн коалициялары, күчтүү жана өнүккөн коопсуздук кызматтары менен да биздин көз алдыбызда кулоонун алдына турат. Ал маддий (материалдык) жана рамзий (символдук) кубаттын туу чокусунда, аскерий үстөмдүк жана инсаний зомбулуктун туу чокусунда туруп фикирий, ахлакый жана баалуулук жагынан кулап бара жатат. Бул, өз кезегинде ушул дүйнөлүк капиталисттик түзүмдүн заман жана тарыхтын тардыгына эле эмес, мусулмандардын саясий мүмкүнчүлүктөрүнө жана акыйдалык баалуулуктарына каршы күрөшүү кудурети жөнүндө көптөгөн суроолорду жаратууда. Аллах Таала айтат:

﴿قَدْ مَكَرَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ فَأَتَى ٱللَّهُ بُنْيَـٰنَهُم مِّنَ ٱلْقَوَاعِدِ فَخَرَّ عَلَيْهِمُ ٱلسَّقْفُ مِن فَوْقِهِمْ وَأَتَىٰهُمُ ٱلْعَذَابُ مِنْ حَيْثُ لَا يَشْعُرُونَ﴾

***«Алардан мурдагы** (кафир) **кимселер да** (өз пайгамбарларына мына ушуга окшош) **айла-амалдарды кылышкан. Ошондо Аллах алар** (курган айлакерлик) **курулуштарын асты-үстү менен көчүрүп салды, анан, алар** (ойлоп чыгарып алган курулуш-түзүмдөрү)**нүн шыбы өздөрүнүн үстүнө кулады жана аларга өздөрү сезбеген, күтпөгөн тараптан азап келди»*** [16:26]

Ооба, Исламий Халифалык күч менен мажбурий кулатылды, бирок, капиталисттик түзүм өз-өзүнөн кулап бара жатат. Анын себеби жөнөкөй – капитализмдин кыйроого жүз тутуп, жок болуу факторлору өзүнүн курамында камтылган. Анын Ислам жана мусулмандар менен кагылышуусу жана бул улуу мабда менен болгон хазарий күрөш анын кулашын тездетет, инша Аллах. Муну менен бул түзүмдүн ордуна жаңы түзүм келет жана ушул бүткүл дүйнөлүк түзүм дүйнөнүн структурасын жана саясий эрежелерин дүйнөнүн жаратуучусунун минхажы негизинде кайрадан түзөт. Муну ааламдар саййиди ﷺдын:

«**ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ**»

«... **Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот**», деген сөзү тастыктап турат. Аллах Таала айтат:

﴿بَلْ نَقْذِفُ بِٱلْحَقِّ عَلَى ٱلْبَـٰطِلِ فَيَدْمَغُهُۥ فَإِذَا هُوَ زَاهِقٌ ۚ وَلَكُمُ ٱلْوَيْلُ مِمَّا تَصِفُونَ﴾

***«Жок, Биз хакты батылдын үстүнө таштайбыз, анан,** (хак жалганды) **жанчып,** (жалган) **капыстан жок болот, силер үчүн болсо сыпаттаганыңар үчүн азап бар»*** [21:18]

Демек, «Акса ташкыны» Ислам менен капитализм ортосундагы хазарий күрөштө маанилүү түрткү милдетин аткарды. Бул ташкын өзүнүн идеологиялык өлчөөсү, убакыт жана жай белгиси менен хазараттар кагылышуусунда тарыхий бурулуш чекити болуп калат. О.э. ал өзгөрүү мыйзамдарынын бири, башталган оор толгонуунун да бир бөлүгү болуп, анын окуялары рошид башкарууга роббаний даярдык жана Уммат тарыхында жаңы барак катары келип, Аллахтын урухсаты менен, келе жаткан мамлекеттин эр кишилери ушул капиталисттик хазаратты тарых таштандысына ыргыткан маанилүү милдетти өз мойнуларына алышат. Алар дүйнө геосаясий жактан эң кооптуу болгон жана кызыкчылыктарды белгилөө жана стратегияларды иштеп чыгуу даражасында маанилүү болгон регионду кайра өз көзөмөлдөрүнө алышат. Бул жөнүндө Бжезинский өзүнүн «Стратегиялык дүйнөкараш: АКШ жана дүйнөлүк бийлик кризиси» деген китебинде сөз кылып, бүткүл дүйнөлүк саясий ойгонуу күчөп жатканынан эскерткен жана бул ойгонууну – ал айткандай – «исламий экстремизм» азыктандырып жатканын баса белгилеген.

Ошондуктан, учурда Газа жана регионго каршы бул согуш ушундай бир ыңгайлуу учур болуп, бат козголуп, яхудий вужудун жок кылуу о.э. Американын гегемондугуна жана теккебердигине чекит коюу үчүн пайдаланып калуу керек. Муну менен яхудий вужудун титиреткен «Акса ташкыны» Уммат ташкынына айланып, куфрду түкүрүп таштайт, бүткүл дүйнөлүк Батыш түзүмүн кулатат, яхудий вужудун түп-тамыры менен кулатат, Ислам Умматынын күч-кубатын, нусрат-жеңиштерин жана улуулугун кайра тикелейт. Бул болсо, яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырып жаткандар жана Исламды жардамсыз-нусратсыз таштап койгондор ээ боло албаган улуу даңк. Аллах Таала айтат:

﴿وَنُرِيدُ أَن نَّمُنَّ عَلَى ٱلَّذِينَ ٱسۡتُضۡعِفُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَنَجۡعَلَهُمۡ أَئِمَّةً وَنَجۡعَلَهُمُ ٱلۡوَٰرِثِينَ﴾

***«Биз жер жүзүндө кордолгон кишилерге камкордук кылууну, аларды башчыларга айлантууну жана аларды мураскор кылууну каалайбыз»*** [28:5] ❑

# АСКЕРИЙ ДОКТРИНА: МУСУЛМАН АРМИЯЛАРЫНЫН ГАЗАГА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮШҮНӨ ЭМНЕ ТОСКООЛДУК КЫЛАТ? (1)

**Устаз Бассам Фархат**
**Тунис вилаяты**

Яхудий вужуду өзүнүн саясий максатын Газага кол салууга багыттоодо. Муну саясий чөйрөнү өзүнө тарта турган, анын бардык спектрлерин бириктире турган жана яхудий калкынын диний жана маънавий (моралдык, рухий) запасын тикелей турган ураан катары ишке ашырууда. Негизи, бул калктын кандуу тарыхы анын бузгунчу итикады т.а. Яшуа, Талут жана Давуддун Канъан урууларына каршы кыргындары менен азыктанып келген.

Аскерий операциялардын аталышы “каарданyу шиӊгилдери”, “фуркан согушу”, “коргошун куймасы” жана “Газа кабыгы” сыяктуу ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок, бардыгы бир нерсени түшүндүрөт: бир тараптан ачылган теӊдешсиз, ырайымсыз кандуу аскерий согуштун сценарийи. Бул согуш дүйнөдөгү алтынчы аскерий күч жана ядролук куралга ээ мамлекет тарабынан коргоосуз, көчүрүлгөн калкка каршы башталды. “Жакынкы Чыгыштагы жалгыз демократиялык мамлекет” эӊ ырайымсыз куралдын түрлөрүнөн жана геноциддин эӊ үрөй учурган формаларынан пайдаланды. Бул болсо, яхудийлердин шахсиятында тереӊ тамыр жайган жек көрүү, ырайымсыздык, кылмыш, көрө албастык жана башка ыфлас сыфаттардын көлөмүн ачыктайт. Газага жана анын коргоосуз калкына каршы башталган ачык-айкын кыргын бак-дарактарды, адамдарды жана айбандарды бирин калтырбаган жийиркеничтүү садизм менен уланып жатканына жети айдан ашты. Бул макала жазылып жатканда шахиддердин саны 40 миӊге, жараат алгандар 80 миӊге жетти. Алардын көпчүлүгү наристелер, баш балдар, аялдар жана карыкартаӊдар. О.э. инфраструктура бүтүндөй ойрон болду. Проблема ушул – Газа калкын турмуш үчүн зарыл болгон бардык каражаттардан куру калтыруу ырайымсыз түрдө, эркин дүйнөнүн көз алдында жана колдоосу, шерменде араб режимдеринин тил бириктирүүсү жана макулдугу менен жүз берип жатат. Бул режимдер Газага жардам берүүдөн баш тартып гана калышкан жок, алар яхудий вужудун материалдык-техникалык жактан колдоп-кубаттоодон жана турмуштук зарылдыктар (азык-түлүк жана күйүүчү май) менен камсыздоодон да уялышкан жок.

Туурасын айтканда, токойдогу жырткычтар да өз олжосуна кылбаган мындай аракетке таң калбаса да болот. Бул нерселер байма-бай кыргындарды кылган Бани Исраилдин кылмыштарынын бир тамчысы гана. Алар жасаган кыргындар Тоорот долбооруна “улуу Израиль долбооруна” – анын эң маанилүү жана эң жийиркеничтүү этабында – уланганга чейин алардын кыргын кылуу искусствосу күчөй берди. Бул этап көчүрүү болуп, ал “улуу Исраилдин” борбордук жеринде т.а. мубарек Фалестин жеринде этникалык тазалоону түшүндүрөт. Бирок, жамандык бар жайда жакшылык да болот. Бул ырайымсыз баскынчылыктын натыйжасындагы жакшылыктардын бири ушул – Ислам Умматы менен армиялары ортосунда ондогон жылдардан бери болуп келген жатташуу, ишеничсиздик жана душмандыктан кийин Уммат армияларга болгон ишенимин тикелеп, аларга кайрыла баштады. Мусулман өлкөлөрүндөгү аскерий мекеме бул ишенимге ылайыктуубу жана даярбы? Эгер андай болбосо, кантип армияны Фалестинди колонизаторлуктун чеңгелинен куткарып, Умматтын кучагына кайтарууга жана анын маселелерин коргоого сапарбар кылуу мүмкүн?

**Умматты күч-кубатынан ажыратуу**

1 – **Түшкүндүк жана үмүтсүздүккө түшүрүү:**

Өткөн кылымдын ортолорунан баштап Умматты түшкүндүккө салууга жана үмүтүн өчүрүүгө үндөгөн чакырыктар (расмий болобу, партиялар жана калк тарабынан болобу) Умматтын армияларын алсыз кылып көрсөтүү, аброюн түшүрүү, согуштук жөндөмүн, ал тургай, алардын жоопкерчилигин күмөн астына коюуну улантты. Армиялар андан жардам суроо харам болгон кафир залимдерди же калктарды бастыруунун жана малай акимдерди коргоонун куралы, ошондуктан, алардан жакшылыкка үмүт жок, аларды жок кылуу аркылуу гана азаттык болот деп көрсөтүлдү. Этибарлуусу, бул уу фикир ижтимаий (социалдык) нормага жана саясий мыйзамдарга тескери. Азаттык кыймылы аны колдой турган, коргой турган, ага тоскоолдук кылган маддий тоскоолдуктарды алып сала турган аскерий күч тарабынан колдоп-кубатталса гана колониялдык кулдуктан азат болот. Аң-сезим жана каалоонун өзү – күч-кубат ээлери болбосо – үмүт кылынган өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн жетиштүү эмес. Аскерий түзүлүштөрдү ушул түрдөгү аскерий түзүлүштөр гана токтото алат. О.э. бул ошол армиялардын вакиълигине тескери. Себеби, бул

армиялар Ислам Умматынын ажырагыс бир бөлүгү болуп, алар анын эң тандалган эр-жигиттеринен түзүлгөн. Алар Умматтын кайгысына жана жеңишине тилектеш, ал сыяктуу ыйык нерселер үчүн толкунданып, азаттыкка жана Аллахтын сөзүн бийик кылууга ашыгышат.

Туура, мусулман өлкөлөрүндөгү асккерий мекеме динге өтө душман. Ал – саясий, психологиялык жана итикадий жактан – талабун-нусрага да, мусулмандарга жардам көрсөтүүгө да даяр эмес. Себеби, ал адамдарды бастыруу, Аллах жана Анын Расулуна каршы согушуу, колонизатордун кызыкчылыктарын коргоп, долбоорлорун ишке ашыруу жана малайларынын тактыларын бекемдөөнүн куралы. Бирок, расмий аскерий мекеме менен Ислам Умматынын бир бөлүгү болгон аскерий кишилерди айырмалап алуу зарыл. Расмий аскерий мекемени колонизаторлор түзгөн жана машыгуудан өткөрүп куралданткан. Ошондуктан, расмий аскерий мекеме колонизаторлорду колдойт. Ал эми Ислам Умматынын бир бөлүгү болгон аскерий кишилердин акыйдасы жана дин үчүн кайгырышы Уммат менен бирдей болуп, Уммат сыяктуу капитализмде азап тартып жатышат. Ошондуктан, алардын Исламий акыйдасына кайрылуу, аларда учурдагы бузгунчу абалга нааразылык ойготуу жана аларды исламий долбоорго шыктандыруу мүмкүн.

2 – **Колонизаторлук манёвр:** ошондуктан колонизатор кафир аскерий мекемени Уммат аракетинен буруууга, адамдарды моюн сундуруу, тизгиндөө жана калк менен исламий жашоону кайрадан баштоонун ортосуна тосмо коюуда аскерий мекемеден пайдаланды. Бул нерсе Умматты күч-кубатынан жана армиядан бөлүү, анын көз карандылыгын бекемдөө жана азаттыкка умтулуу рухун өчүрүү үчүн Умматты кубат булагынан бөлүп турган «психосаясий» тоскоолдукту курууга каратылган ыплас колонизаторлук манёвр экендиги анык. Бул манёвр күтүлгөн натыйжаны берди. Буга Газа окуялары мисал болот. Анткени, яхудийлердин ырайымсыздыгы душмандардын режимдери жана калктары арасында инсандык туйгуларды ойготуп, Европа шаарларын аракетке келтиргенине карабастан, ал тургай, сионизмдин эң кубаттуу чептери болгон Америка жана Европанын эң ири университеттеринде адаттагы яхудийлерди колдогон Батыштын коомдук фикиринин тосмолорун бузганына карабастан, бул үңкүрдөгү ый-муң болуп кала берди. Мусулман армиялары

арасында бул ый-муңду укккан адам болбоду. Себеби, бул армиялар өз калкын бастырууда, газалыктарды курчоого алууда жана кыйноого салууда яхудий вужуду менен кызматташып келет. Бул таң калычтуу жана акылга сыйгыс маалыматтар биздин итикадий түшүнүктөрүбүздү абдыратат жана курч суроолорду пайда кылат: мусулман армиялары Газадагы боордошторубузга жардам көрсөтүшүнө эмне тоскоолдук кылууда? Ислам акыйдасы аларды бириктирбейби? Аларды ал тургай этникалык, уруучулук жана мекенчилдик байланыштары да бириктирбейби? Перзентин жоготкон аялдар жана жесирлердин ый-муңу, зордукталган аялдардын зар какшаганы, жаш балдар жана наристелердин чыркыраганы алардын кайратын козгобойбу? Кан, чачылган дене мүчөлөрү, күйгөн жасаддар ал тургай алардын инсандык туйгуларын да ойготпойбу? Америкалык христиан аскер яхудийлердин ырайымсыздыктарына наразылык катары өзүн өрттөп, өз өмүрүнө кол салып жатканда мусулман аскери мусулмандардын намысын жана жанын коргобойбу?

**Башкаруу панели**

1 – **Армиянын маънавий көрүнүшү:** жада калса, бул суроолор татаал жана таң калычтуу парадоксторго негизделген болсо да, алардын жообу жөнөкөй, мантикий. Колонизатор мусулман армияларынын башкаруу панелин т.а. согуштук аскерий доктринасын көзөмөлдөдү. Ошондуктан, алар колонизаторго бүтүндөй моюн сунуп калышты. Адамдын ой жүгүртүүсү, идиреги, каалоосу, жашоо таризи, кызыкчылыктарга көз карашы жана өнүгүү даражасын белгилеп берген аклия жана нафсиядан түзүлгөн чыныгы маддий шахсияты болгондой, калктардын жана армиялардын да маънавий, фаразий жана нисбий шахсияты болот. Ушул шахсият адамдын шахсиятынын курамдык бөлүктөрүнө ээ, ал да ой жүгүртүү, идирек, каалоо, жашоо таризи, кызыкчылык жана өнүгүүдө алардын (калктар менен армиялардын) вакиълигине жана сыфатына дал ошондой таасир кылат. Сыр болбогондой, маалыматтарды вакиъликке жана түрткүлөрдү түшүнүктөргө байлаганда таяна турган фикирий эреже шахсиятты мумтаз вужудга айлантууда чоң мааниге жана майнаптуу таасирге ээ. Бул эреже маанини жашоо таризин белгилеп бере турган жана ага түрткү боло турган түшүнүккө, түрткүнү гарыйзаларды кандыруу кайфиятын белгилеп бере туурган каалоого айлантат. Куралдуу күчтөрдүн вакиълигине карата колдонула турган бул "психо-

сакафий” теңдеме «армиянын аскерий доктринасы» деген аталыш менен которулат. Ал армияны салыштырууда колдонулган фикирий негиз сыяктуу болуп, анын нисбий шахсиятынын табиятын аклия жана нафсия катары калыптандырат. Ошентип, ага кошуундардын ар түрдүү согуштук позицияларда фикирлөө тарыйкаты туурасындагы негизги принциптерди берет. Бул болсо армиянын ийгилигин, берилгендигин, итаатын, тартибин жана моюн сунушун кепилдейт, бирок, бир гана анын аскерий доктринасын белгилеп бере турган тарапка. Мына ушул нерсе дилемманын булагы.

2 – **Армиялардын ачкычтары:** заманбап армияларда аларды башкарууга мүмкүнчүлүк берген үч ачкыч бар. Алар: иерархиялык түзүлүш, катьий жаза системасы жана аскерий доктрина. Бул үчтүк башкаруу панели катары болуп, ал аскерий мекемени моюн сундуруу, башкаруу, багыттоо о.э. мамлекеттин саясий максаттарын ишке ашыруу, коопсуздугун жана жогорку кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн ага вазыйпа жүктөө мүмкүнчүлүгүн берет.

Жогору мартабадагы аскерий офицерлер көзөмөл жана жетекчиликтин сыйкырдуу колдонмосун (т.а. толук берилгендик, сокурларча итаат, толук моюн сунууну) спекуляция кылып алышкан. Заманбап аскерий версияда бул спекуляция бекем административдик тартипке жана катаал тартиптик жаза аппаратына негизделет. Аскерий мекеме жогорудан ылдый карап кеткен иерархиялык түзүлүшкө ээ. Ал бутактаган даракка окшош түзүлүштүк уюм көрүнүшүндө болуп, бутактары түрдүү жетекчилер жана чиндер тарабынан баштарылат. Биз даражага түшкөнүбүз сайын база (генерал-майор, генерал-лейтенант, полковник, лейтенант... аскерге чейин) кеңейет жана текерисинче. Бүткүл мекемени же анын чоң бөлүгүн (дивизия, бригада жана батальондорду) көзөмөлдөө үчүн тиешелүү чиндеги офицерди бутага алып, оодуруу жетиштүү. Бул командачыларга ылдый даражадагы офицерлердин катаал жаза таасири астында моюн сунушу мажбурий. Бул жаза, айрыкча, согуш абалында т.а. итаатсыздык чоң кыянат эсептелген абалда өлүмгө чейин жетиши мүмкүн. Бул болсо, армиянын өзөгү жана анын негизги курамдык бөлүгүндөгү аскерлердин козголоңчул ниеттерин жокко чыгарат о.э. алардын моюн сунушуна жана аларга милдет жүктөлүшүнө салым кошот.

3 – **Негизги устун:** шексиз, бул үчтүктүн эң маанилүү жагы – харбий доктрина. Себеби, ушул аскерий доктрина армиялардын принципиалдуу, фикирий жана маданий жагын калыптандырат. Калган эки жак уюштуруучу жана административдик толуктоочу. Армия принциби, маданияты жана доктринасы менен анын итааткөйлүгү, моюн сунушу жана мажбурияты ортосунда диалектикалык өз ара байланыш бар. Армиянын берилгендигине жана натыйжалуулугуна аскерий доктринанын таасири чоң, анык жана автоматикалык. Ушул жактарды бул аскерий доктрина талап кылат, аларга баш ийүүнү талап кылат жана моюн сунуу даражасын белгилейт. Аскер кандай чинде болушуна карабастан, ал адам жана адам болуп калат. Анын аракети жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрүнө, өлчөөлөрүнө жана канааттанууларына байланыштуу. Дал ошолор аны аракетке келтирген түйгулардын түрүн жана анын кандай иш-аракетин кылышын белгилейт. Ал ушул түшүнүктөргө, өлчөөлөргө жана канааттанууларга ылайык кызыкчылыктарын жана башкалар менен болгон мамилесин тартипке салат. Ушул көз караштан караганда, ар кандай инсаний топтун (империя, мамлекет, уруу, топтун), өнүккөн же начар болушуна карабастан, аскерий саясатты белгилөөдө аскерий доктрина негизги таяныч болуп эсептелет. Ар кандай аскерий уюм аскерий доктринасыз, бул доктрина канчалык ыфлас жана гаризий (талап-тоноочулукка жана өч алууга негизделген) болушуна карабастан, аракет кыла албайт жана өз максатына жете албайт.

Маанилүүсү, жүзөгө чыгарылышы көздөлгөн идея, көз караш жана максатка ылайык аракет кылынышы керек. Антпесе, тартипсиздик өкүм сүрөт, тилектештик жоголот, жеңилүү жана ийгиликсиздик болот. Демек, армия түзмөкчү болгон же армиянын берилгендигине, колдоосуна жана жардамына умтулган киши үчүн бүткүл этибарын аскерий доктринага – аны түзүү жана калптандыруу мененби, же кабыл алуу жана борборлоштуруу мененби, же өзгөртүү жана көчүрүү мененби – каратуудан башка чара жок. Бул жалпы тарабы. Ал эми, мунун тафсилатына келсек, ал бизден ушул суроолорго жооп беришибизди талап кылат: аскерий доктрина эмнени түшүндүрөт? Анын даражалары жана булактары эмне? Андагы принципиалдуу маданий жактын маңызы эмне? Мамлекеттин саясий доктринасына анын кандай алакасы бар? Армияларды көзөмөлдөөгө жана алардын согуштук

майнаптуулугун жогорулатууга аскерий доктрина кандай салым кошот? Кантип ага жетишүү жана андан пайдалануу мүмкүн?

**Аскерий доктрина**

**1 – Анын түшүндүрмөсү:** ар кандай маанилүү маселеге түшүндүрмө берилгендей, аскерий доктринага да түрдүү түшүндүрмөлөр берилген. Бул түшүндүрмөлөрдө көптөгөн: техникалык, процессуалдык, стратегиялык, саясий, маънавий жана итикадий жактар этибарга алынган. Бул түшүндүрмөлөр ар түрдүү болсо да, алар мамлекеттин саясий доктринасы, улуттук коопсуздугу жана жалпы аскерий саясаты айланасында айланган жалпы линияда биригет. О.э. ушул негизги суроолорго жооп берүүдө биригишет: качан согушабыз? Кимге каршы согушабыз? Ким менен бирге согушабыз? Кандай согуш кылабыз? Качанга чейин согушабыз? Ал эми «Мамлекеттин саясий доктринасын ишке ашыруу үчүн куралдуу чыр-чатактарды башкаруу илими жана фаны» деген түшүндүрмө аскерий доктринанын эң кыска жана эң кеңири көлөмдүү түшүндүрмөсү. Бул түшүндүрмө аскерий доктринаны мамлекеттин саясий доктринасынын кызматкерине, коргоочусуна, сактоочусуна айлантат. Мамлекеттин саясий доктринасы – калк хазаратынан келип чыккан, анын ички маънавий дүйнөсүндө терең тамыр жайган, жүрөгү ага байланган таълиматтар, жогору баалуулуктар о.э. саясий, аскерий, экономикалык, ижтимаий жана рухий талаптар топтому. Бул түшүндүрмөгө ылайык, аскерий доктрина түрдүү булактардан азыктанат. Бул булактардын эң маанилүүсү:

- Диний, же идеологиялык, же саясий жетекчилер ойлоп тапкан фикирий мабдаий болушуна карабастан, мамлекет доктринасы.
- Мамлекетке өкүмдар болгон жана калк арасында кеңири жайылган баалуулуктар, талаптар, үрп-адат жана каада-салттар.
- Мамлекеттин аскерий тарыхы, көптөгөн жылдарда топтолгон тажрыйба жана изилдөөлөрдүн натыйжалары.
- Техникалык, технологиялык жана илим тармагындагы өнүгүү о.э. модернизация жана заман менен шайкеш болуу.
- Улуттук коопсуздуктун туруктуу факторлору, коркунучтардын булактары, дүйнөлүк системада жүзөгө келип жаткан өзгөрүүлөр, күтүлүп жаткан согуштар, бул согуштардын түрү, формасы, даражасы жана көлөмү.

О.э. аскерий доктрина мамлекеттин жайгашуусу, ресурстары жана экономикалык, ижтимаий, саясий жана маданий абалы туурасындагы геостратегиялык жактан азыктанат. Булар мамлекеттеги аскерий уюмдардын көлөмүн жана сыфатын, алардан пайдалануу усулун, алардын ички жана тышкы саясаттагы таасирин белгилеген негизги фактор болуп эсептелет. Ушуга негизделип айтсак, аскерий доктрина маселеси белгилүү бир мамлекетке тиешелүү болгон, башка мамлекеттерге байланыштуу болбогон өзгөчө жана суверендүү маселе. Ушул себептен улам, бардык мамлекеттер үчүн жарактуу болгон жалгыз аскерий доктрина жок. Тескерисинче, ар бир мамлекет үчүн алардын вакиълиги, шарты жана сапаттарына ылайык айырмаланган аскерий доктрина бар. Кандайдыр бир мамлекеттин доктринасы башка мамлекет тарабынан белгилениши эң оор кылмыш. Себеби, бул аскерий доктринаны белгилеген мамлекет тарабынан ошол мамлекетти колония кылуу жана аны өз кызыкчылыктарына моюн сундуруу дегени.

2 – **Анын даражалары:** бул нерселерден келип чыгып, биз аскерий доктринанын беш даражасын бөлүп көрсөтүшүбүз мүмкүн:

**Биринчи:** негизги идеологиялык даража. Бул даража армиянын жалпы абалдагы, аскерлердин болсо муфассал абалдагы маданий жана фикирий түзүлүшүн о.э. мафкуравий негизин белгилейт.

**Экинчи:** мамлекет туш келген же туш келиши күтүлүп жаткан кооп-коркунучтар жана проблемаларды белгилеген стратегиялык даража. Т.а. аскерий доктринаны мамлекеттин коопсуздук доктринасына жана улуттук коопсуздук стратегиясына ылайыкташтыруу.

**Үчүнчү:** курал-жарак жана техниканы модернизациялоо, армияга курал-жарак, даярдык жана материалдык-техникалык камсыздоо көз карашынан технологиялык өзгөрүүлөр менен шайкеш болуу мүмкүнчүлүгүн берген техникалык жана технологиялык даража.

**Төртүнчү:** мамлекеттин ресурстарын жана куралдуу күчтөрдү согушка сапарбар кылуу үчүн аскерий иш-аракеттерге байланыштуу болгон амалий тактикалык даража. Т.а. армиянын согуштук доктринасын тартипке салуу, пландаштыруу, даярдыктан өткөрүү, камсыздоо жана согушка даярдык көрүү жагынан согуш алып барууга жана аскерий максаттарды ишке ашырууга негиздөө.

**Бешинчи:** аскерий доктринадагы гумандык баалуулуктарга байланыштуу ахлакий даража. Ал армияларды жогору баалуулуктар менен камсыздайт жана аларды изгиликке багыттайт. Вазыйпаларды аткарууда алардын аракеттерин диний, ахлакий жана гумандык баалуулуктар менен чектейт.

Бул беш даража бири-бири менен тыгыз байланыштуу жана аларды бири-биринен бөлүп же кээ бирин алып салууга болбойт. Себеби, ар бир даража бири-бирин толуктайт. Себеби, алар аскерий доктринаны толук калыптандырат. "Аскерий доктрина – аскерий илим жана согуш өнөрүн бекемдөөгө каратылган, тынчтык жана согуш абалында куралдуу күчтөрдүн түзүлүшүн жана алардан пайдаланууну мамлекеттин жогорку кызыкчылыктарын жана максаттарын жүзөгө чыгара тургандай кылып белгилеген фикирий баалуулук жана талаптар топтому". Бул даражалардын көпчүлүгү көркөм жана техникалык касиетке ээ болсо да, маданий жана идеологиялык жак аларды байлай турган байланыш болуп эсептелет. Алар кандай согушууну эле эмес, куралдуу күчтөрдүн ар түрдүү согуштук абалдарда кандай фикирлеши жөнүндөгү негизги талаптар топтомун да белгилейт. Алар кимди дос жана кимди душман тутууну, кимге каршы күрөшүүнү о.э. качан, эмне үчүн жана кандай даражада күрөшүүнү да белгилейт. Булар аскерий мекеменин акылы, туйгу жана сезимдери. Кала берсе, бул мекемени өзүнө тартып, сапарбар кылуу жана анын колдоосун алууну каалагандар үчүн негизги дарбаза, ушул шарт менен – ал кошуун жана калктын акыйдасына негизделиши керек. Дене мусулман болуп, акылы, туйгусу жана сезимдери, батышча, христианча жана сионистче болушуна келсек, бул колонизаторлордун долбоору жана бул кыйроо, саясий жактан өз өмүрүнө кол салуу болуп эсептелет. ❑

## ИСЛАМИЙ УММАТТАГЫ ЖАНА АНЫН КОШУУНДАРЫНДАГЫ КУБАТ ЭЭЛЕРИНЕ КАЙРЫЛУУ

**Юсуф Абу Ислам**
**Мубарек Фалестин жери**

Газа жеринде дагы эле мусулмандардын каны төгүлүп, эркектер, аялдар жана жаш балдар дагы эле жардамга чакырышууда.

Бул ойрондулуктар, дене мүчөлөрү ар тарапка чачылып, жардамга чакыруулар ал тургай тоолорду да аракетке келтирүү үчүн жетиштүү. Эмнеге бул үрөй учурган кыргындар сегиз айга жакын уланып жаткан болсо да Уммат армиялары жана күчтөрүн дагы эле аракетке келтире албады?

**Эй, күч-кубат ээлери!**

Аллах Таала силерди Умматтын коргону, жеңиш тартуу кылуучу күчү жана коргоочу дубалы кылып силерди сынады. Бир ууч яхудийлердин Газадагы элиңерге чабуул кылып жатканын көрүп, эмнеге аларга жардам бербей унчукпай турасыңар?! Эгер силер олуттуу аракет кылып, алардын өлкөсүнө эрдик менен бастырып киргениңерде, алар бир саат да тура алышпайт эле. Акыры силер 7-октябрда алардын абалын көрдүңөр го. Ошондо бир топ момундар аз эле даярдык менен алардын үйлөрүнө бастырып киришкенде яхудийлер боордошторуңардын кайратын көрүп, коркушканынан эч нерсеге карабастан качышты. Ко-ош, алар менен бирге айланадагы мамлекеттерден келген кошуун болсо яхудийлер кандай абалга түшөт эле?! Силердин оюңарда алар Газа сектору менен чектелип калышабы же өткөн жылдардагы ийгиликсиздиктерин жууш үчүн Куддус тарапка жүрүштү улантышабы?!

Эй, күч-кубат ээлери! Чачылып жаткан дене мүчөлөрүн жана өрттөлгөн жасаддарды, баскынчынын бульдозерлери боордошторуңардын жасаддарын кудум таштанды сымал сүрүп жатканын көрүп эмнеге туйгуланбайсыңар?! Эмнеге аялдар зар какшап, жардам сурап жалбарып жатканын угуп туйгуларыңар козголбойт?! Муътасим, Салахиддин Айюбий, Кутз жана Бейбарстар тарыхта түбөлүк калгандай, тарых силерди да түбөлүк калтырышын каалабайсыңарбы?!

**Эй, күч кубат ээлери!**

Роббиңер силерден Газада коомуңарды таштап кеткениңерди сурашынан коркпойсуңарбы? Акыйкатта болсо Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا مِنْ امْرِئٍ يَخْذُلُ امْرَأً مُسْلِمًا عِنْدَ مَوْطِنٍ يُنْتَقَصُ فِيهِ مِنْ عِرْضِهِ وَيُنْتَقَصُ فِيهِ مِنْ حُرْمَتِهِ، إِلاَّ خَذَلَهُ اللهُ تَعَالَى فِي مَوْطِنٍ يُحِبُّ فِيهِ نُصْرَتَهُ. وَمَا مِنْ أَحَدٍ يَنْصُرُ مُسْلِمًا فِي مَوْطِنٍ يُنْتَقَصُ فِيهِ مِنْ عِرْضِهِ وَيُنْتَهَكُ فِيهِ مِنْ حُرْمَتِهِ إِلاَّ نَصَرَهُ اللهُ فِي مَوْطِنٍ يُحِبُّ فِيهِ نُصْرَتَهُ»

**«Кимде-ким бир мусулмандын аброю төгүлүп жатканда жана укугу тебеленип жатканда жардамсыз таштап койсо, ал Аллахтын жардамына муктаж болгон жайда Аллах да аны жардамсыз таштап коёт. Кимде-ким бир мусулманга аброю төгүлүп жатканда жана укугу тебеленип жатканда жардам берсе, ал Аллахтын жардамына муктаж болгон жайда ага жардам берет».** (Ахмад риваяты).

Эртең Роббиңер силерден аларга жардам бербей кайдыгерлик кылганыңар жөнүндө сураса, кандай шылтоо айтасыңар?

Силер «бизди өкүмдарлардын буйруктары токтотту» дейсиңерби? Роббиңердин Китебинен алдыңкы жана ээрчүүчүнүн абалы, өкүмдарлардын буйругуна моюн сунуучулардын абалы жөнүндөгү кабарды уккансыңарбы? Аллах Таала айтат:

﴿وَقَالُواْ رَبَّنَآ إِنَّآ أَطَعۡنَا سَادَتَنَا وَكُبَرَآءَنَا فَأَضَلُّونَا ٱلسَّبِيلَا۠ ۞ رَبَّنَآ ءَاتِهِمۡ ضِعۡفَيۡنِ مِنَ ٱلۡعَذَابِ وَٱلۡعَنۡهُمۡ لَعۡنٗا كَبِيرٗا﴾

***«Дагы алар: «Оо, Роббибиз, чындыгында, биз башчыларыбызга жана чоңдорубузга моюн сундук, анан алар бизди*** *(туура)* ***жолдон адзырышты. Оо, Роббибиз, Сен аларга азапты эки эсе кылып бергин жана аларды чоң наалат менен наалаттагын», дешти»*** [33:67-68]

Роббиңердин Китебинде:

﴿قَالَ ٱلَّذِينَ ٱسۡتَكۡبَرُواْ لِلَّذِينَ ٱسۡتُضۡعِفُوٓاْ أَنَحۡنُ صَدَدۡنَٰكُمۡ عَنِ ٱلۡهُدَىٰ بَعۡدَ إِذۡ جَآءَكُمۖ بَلۡ كُنتُم مُّجۡرِمِينَ ۞ وَقَالَ ٱلَّذِينَ ٱسۡتُضۡعِفُواْ لِلَّذِينَ ٱسۡتَكۡبَرُواْ بَلۡ مَكۡرُ ٱلَّيۡلِ وَٱلنَّهَارِ إِذۡ تَأۡمُرُونَنَآ أَن نَّكۡفُرَ بِٱللَّهِ وَنَجۡعَلَ لَهُۥٓ أَندَادٗاۚ وَأَسَرُّواْ ٱلنَّدَامَةَ لَمَّا رَأَوُاْ ٱلۡعَذَابَۚ وَجَعَلۡنَا ٱلۡأَغۡلَٰلَ فِيٓ أَعۡنَاقِ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْۖ هَلۡ يُجۡزَوۡنَ إِلَّا مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ﴾

***«Менменсинген кимселер бечара саналган кишилерге: «Силерге Туура Жол келгенден кийин силерди*** *(андан)* ***биз тостукпу? Жок, өзүңөр кылмышкер болдуңар», дешет. Бечара саналган кишилер болсо менменсинген кишилерге: «Жок, күнү-түнү кылган айла-амал****(ыңар бизди момун болуудан тоскон эле).* ***Ошондо силер*** *(өз айла - амалыңар менен)* ***бизди Аллахка кафир***

***болууга жана Ал Затка** (өзгөлөрдү) **шерик кылууга зордойт элеңер», дешти. Азабты** (өз көздөрү менен) **көргөн убактарында алар** (т.а. жол башчылары да, ээрчигендери да) **ичтеринде бушайман болушту жана Биз кафир болгон кишилердин моюндарына кишендерди салдык. Аларга болгону өздөрү** (дүйнө турмушунда) **кылып өткөн кылмыштарынын жазасы берилет»*** [34:32-33]
дегенин окубагансыңарбы?!

**Эй, күч-кубат ээлери!**

Аллах Таала боордошторуңардын жардам сурап жатканын көргөнүңөрдө аларды жардамсыз калтырышыңардан кайтарган. Газадагы боордошторуңар ачкалыктан өлүп, бир үзүм нан, бир жутум сууну үмүт кылып турганда кантип түндөрү уктап, жеп-ичип ырахаттанасыңар?!

Силер Саъд ибн Амир жөнүндө укпагансыңарбы?! Ал Хубайб ибн Адийдин кырсыктуу өлүмүнө күбө болгон. Мекке кафирлери аны өз үй-бүлөсүнүн көз алдында Бадрда өлтүрүлгөндөр үчүн өч алабыз деп дарга асышкан. Саъд ал кезде ыйман келтире элек болгон. Аллах ага ыйман ниъматын берген соң Хубайб ибн Адийдин өлүмүн эстеген сайын эсинен кетет эле. Умар Фарук андан бул жөнүндө: «Эй, Саъд, сага жеткен бул эмне балээ?", - деп сураганда, ал: «Аллахка ант, эй момундар амири, эч кандай балээ жок, бирок, мен Хубайб ибн Адий өлтүрүлгөндө анын алдында болгом жана мен анын дуасын уккам. Аллахка ант, мен кандай жыйында болбоюн ошол абалды эстесем, эсимди жоготомун», - деп жооп берген.

**Эй, Иордания армиясы, эй, Кинана Мисиринин армиясы!**

Чачылып жаткан дене мүчөлөрүн, өрттөлгөн денелерди жана ойрондулуктарды көрүп, эмнеге Саъд ибн Амрдай эсиңерден танбайсыңар?! Аллах үчүн бизге жооп бергиле. Түндөсү аялдар аларга жардам берилбегени жана кайдыгер таштап коюлганы үчүн дуа кылып, зар какшап жатканда кантип уктайсыңар?!

**Эй, Мисир, Иордания, Пакистан жана Алжир армиясындагы күч-кубат ээлери!**

Бул дүйнөдө канча жашайсыңар, жүз жыл же андан азыраак же көбүрөөкпү? Ошондон кийин эмне болот? Өлүп, көмүлбөйсүңөрбү? Ошондо эки периште келип сураса, эмне деп жооп бересиңер? Силер үчүн ким жооп берет, ким силерди коргойт, буталарыңарбы же Роббиңерден көрө көбүрөөк итаат кылып жаткан жетекчилериңерби? Ошол жерде, кабыр башында бул дүйнөдө жасаган бардык амалыңарды эстейсиңер. Мазлумдарга рибат

жеринде жардам бербегениңерди эстейсиңер. Бушаймандык жардам бербеген күндө өкүнөсүңөр. Демек, эмнеге бүгүн кеч боло электе өзүңөрдү оңдобойсуңар? Өлүм акыйкат экенин билбейсиңерби жана ишенбейсиңерби? Эч бир жан ажалы келбей туруп өлбөшүн билбейсиңерби? Эмне үчүн шахиддердин саййиди Хамза менен бирге болбойсуңар? Эмне үчүн Халифалыкты кайра тикелөө үчүн аракет кылып жаткандарга нусрат берүүгө шашылып, эки Саъд т.а. Саъд ибн Муаз жана Саъд ибн Убада сыяктуу болбойсуңар?

**Эй, Уммат кошуундарындагы күч-кубат ээлери!**

Силер келечек ушул динге таандык экенин жакшы билесиңер. О.э. Аллах Таала Ага жардам бергендерге жардам беришин жана динине жардам берүүдөн баш тарткандардын ордуна башкасын алып келишин да жакшы билесиңер. Аллах Таала айтат:

﴿وَإِن تَتَوَلَّوۡاْ يَسۡتَبۡدِلۡ قَوۡمًا غَيۡرَكُمۡ ثُمَّ لَا يَكُونُوٓاْ أَمۡثَٰلَكُم﴾

***«Ал Зат** (ордуңарга) **силерден башка бир коомду алмаштырып коёт, кийин алар силерге окшош болбойт»*** [47:38]

Андыктан, эмне үчүн мына ушундай даңкка шашылбайсыңар?! Роббиңерге жардам бергиле, ошондо Авс жана Хазраж сыяктуу жаңы ансарлардан болосуңар. Мындай учур кайра келбеши мүмкүн. Ошондой болгон соң, аны канимет билип, Аллахка тобокел кылгыла. Силердин ажалыңар жана ырыскыңар силерди жараткан Аллахтын колунда. Өкүмдарларыңардан коркпогула. Алар силердин ишиңер туурасында Аллах тагдыр кылгандан башка эч нерсеге ээ эмес. Ошондой болгон соң, бекем чечим кылып, өкүмдарларыңарга моюн сунбагыла жана Аллахтын берекеси менен аракетке келгиле, ошондо Умматтын бардыгы силер менен бирге болот. Билип койгула, Аллах Таала Өзүнүн пенделерине жана досторуна жардам берүүнү каалаганда ушул жакшылыкка ылайык болгон кишилерди жиберет. Ошондой болгон соң, силер ошол жакшылык ээлеринен болгула.

Сийрат китептеринде минтип келет: Аллах Таала Өз динин үстөм кылууну, пайгамбарын колдоп-кубаттоону жана ага берген убадасын жүзөгө чыгарууну каалаганда Расулуллах ﷺ хаж учурунда ар жылы хаж мезгилинде кылгандай араб урууларына кайрылды. Расулуллах ﷺ Акабада турганда Аллах Таала Хазраж урууусунан бир топту ага жолуктурду. Алар Аллах жакшылык менен сыйлоону каалаган кишилер болуп, ушул нурдун алдыңкы сабындагы кишилер эле. Аллах Таала бул нурду Мадинадан

чыгышын каалады. Ошондой болгон соң, эмнеге силер ушул нурдун алдыңкы сабында болбойсуңар?! Сөзүбүздүн аягында биз силерге Роббиңердин хытабы менен хытаб кылабыз. Аллах Таала Өзүнүн мухкам китебинде айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱسۡتَجِيبُواْ لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمۡ لِمَا يُحۡيِيكُمۡۖ﴾

***«Эй, момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге** (т.а. динге)* ***даъват кылганда, аны кабыл алгыла»*** [8:24]

Аллах Тааладан жүрөгүңөрдү ушул кайрылууга ачышын, Аллахтын динине жардам беришиңерди жана силерди убада кылынган Халифалыкты кайра тикелөөгө салым кошууга жетиштиришин сурайбыз. Бул Аллах үчүн кыйын эмес. ❑

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ХИЖРАТЫ ТАЛАБА НУСРАНЫН ЖАНА ЭКИНЧИ АКАБА БАЙЪАТЫНЫН НАТЫЙЖАСЫ БОЛГОН, АНЫН АКЫБЕТИ БОЛСО ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНИН ТИКЕЛЕНИШИ БОЛДУ

Пайгамбарыбыздын хижраты даъват жолундагы манилүү бурулуш болду. Ошондо мусулмандар жана кафирлер анын маанисин билишкен жана ушул мааниден келип чыгып аракет кылышкан. Хижрат Расулуллах ﷺ сураган талаба нусранын натыйжасы болду. Расулуллах ﷺдын назарында нусрат даъватка ыйман келтире турган, ал кишини коргой турган, Мекке жетекчилери ал кишиге эшикти жаап алышкандан кийин Меккенин тышында ал кишиге жардам бере турган кишилерди издөө болгон. Кафирдин назарында нусрат Расулуллах ﷺ ыйманга негизделген жаңы вужудду тикелөө үчүн башка жай издеп жатканын жана бул нерсе келечекте алардын вужудуна, жарым аралдагы деңгээлине коркунуч туудурушун түшүндүргөн. Ушул себептен улам, Расулуллах ﷺ мединалык момун элчилерге экинчи Акаба байъаты үчүн убакыт жана орун белгилегенде, Курайш кафирлери жолугушуудан кабардар болуп калбашы үчүн, аларга: **«Уктап жаткан кишини ойготпогула, жок адамды күтпөгүлө»**, - деди. Ал эми, Мекке жетекчилеринин экинчи Акаба байъаты жөнүндөгү кабарга мамилеси өтө олуттуу болду. О.э. алар бул байъат болгонун түшүнүшкөндө Мадинада Ислам мамлекетин тикелөөгө тоскоолдук кылуу максатында ал затты өлтүрүү үчүн чогулушту. Демек Курайш кафирлери хижраттын коркунучун билишкен жана хижрат Мадинада Ислам мамлекети тикеленишине байланыштуу болгону үчүн бул нерсенин алдын алмакчы болушкан.

Хижрат Расулуллах ﷺдын Меккеде Ислам мамлекетин тикелөө жолундагы акыркы амал эле. Ошол эле учурда хижрат Расулуллах ﷺ Мадинада аны менен даъват баскычын баштай турган биринчи амал болгон. Көпчүлүк мусулмандар аны сабырсыздык менен күтүштү жана аны Расулуллах ﷺдын макамына, даъват макамына жараша кабыл алышты. Расулуллах ﷺ Мадинага келери менен өзүн элчи, жетекчи, өкүмдар, жооптуу жана башчыдай кармады. Ал киши мечит жана базарларды куруп, ансар жана мухажирлерди бири-бири менен достоштуруп, кошуун түзүп, түрдүү тараптарга жөнөткөн, Мадина хужжатын тастыктап, адамдар ортосундагы келишпестиктерди жойгон жана турмуш иштерин башкарган.

Хижраттын нусратка, байъатка жана Ислам мамлекетинин тикеленишине байланышы бир маселеге байланыштуу. Ким хижраттын маанисин түшүнмөкчү болсо Расулуллах ﷺ ишке ашырган талаба нусранын маанисин үйрөнсүн. О.э. бул нусрат аркылуу кантип мусулмандар аларга каршы күрөшүп жаткан кафир коомдун алсыз адамдарынан мамлекеттин жетекчилерине айланышканын үйрөнсүн. Алар ушул мамлекет аркылуу мусулмандардын турмушун Ислам негизинде тикелөө, Исламды даъват жана жихад аркылуу жаюу менен динди жетик кылууга аракет кылышты. Ошондон келип чыгып мусулмандарда хижраттын түшүндүрмөсү куфр диярынан мусулмандар Ислам менен өкүм жүргүзгөн жана ал жердеги султандык мусулмандарга таандык болгон Ислам диярына көчүп өтүүнү түшүндүрөт... Аллах Тааланын бул:

﴿وَقُل رَّبِّ أَدْخِلْنِي مُدْخَلَ صِدْقٍ وَأَخْرِجْنِي مُخْرَجَ صِدْقٍ وَاجْعَل لِّي مِن لَّدُنكَ سُلْطَانًا نَّصِيرًا﴾

***«Дагы айткын: «Раббим мени чындык менен киргизгин жана чындык менен чыгаргын жана да мен үчүн Өз алдыңдан бир колдоочу, кубат бергин»*** [17:80]

аяты жөнүндө Ибн Каййим Жавзий Задул "Маад" китебинде Катададан мындай келтирет: «Аллах Таала ал кишини Меккеден Мадинага чындык менен киргизди. Аллахтын пайгамбары бул иш султан менен гана ишке ашышын билген. Ошондуктан, Аллахтан бир жардамчы кубат (султандык) берилишин сурады. Аллах Таала ал киши Меккеде болгон учурда хижрат жайын көрсөттү жана Пайгамбарыбыз ﷺ бул жөнүндө: «**Мага силердин силердин хижрат жайыңар көрсөтүлдү, ал эки тоонун ортосундагы курмаларга толгон шордуу жер болот**», деди». Ибн Каййим Задул Маадда Ибн Аббастан мындай риваят кылат: «Расулуллах ﷺ Меккеден чыккандан кийин Абу Бакр: «Алар өз пайгамбарын кууп чыгышты, биз Аллахтыкыбыз жана Анын алдына кайтабыз, Аллах аларды кыйратсын», - деди. Ошондо:

﴿أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا ۚ وَإِنَّ اللَّهَ عَلَىٰ نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ﴾

***«Чабуулга кабылып жаткан заттарга мазлум болушкандыктан*** *(согушууга)* ***урухсат берилди. Албетте Аллах аларды үстөм кылууга кудуреттүү»*** [22:39]

деген аят түштү. Бул согушуу жөнүндө түшкөн биринчи аят болуп эсептелет». Бул хадистин иснады эки сахихтин шартына таянат. Андан кийин согушуп жаткандарга каршы согушууга урухсат берилди жана согушпагандарга каршы согушуудан кайтарылды. Бул жөнүндө Аллах Таала айтат:

﴿وَقَٰتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ ٱلَّذِينَ يُقَٰتِلُونَكُمۡ وَلَا تَعۡتَدُوٓاْۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُحِبُّ ٱلۡمُعۡتَدِينَ﴾

***«Силерге каршы согушкандар менен Аллах жолунда согушкула жана чектен чыгуучу болбогула! Шек-күмөнсүз, Аллах чектен чыгуучуларды жакшы көрбөйт»*** [2:190]

Бүгүн хижраттын бул маани-маңызы мусулмандардын жана уламалардын зээнинен жоголгонун көрөбүз. Аллах ырайым кылгандар гана мындан сырткары. Ошондуктан, алар муну майрамдап белгилөө, куттуктоо, макалаларды жазуу, анын тафсилаттарын ташриъ (мыйзам алуу) негизинде эмес, икая катары баян кылуу менен чектелип калышты. Бул хижрат алардан кандай шаръий милдеттерди талап кылышы жөнүндө фикирлебей коюшту. Эгер мурункулар ушул хижрат жөнүндө эмнелерди жазышканына карасак, алар аны кандай макамга коюшканын билип алабыз. Алардын айрымдарын көрсөтүп өтөбүз:

- Бухарий Ибн Аббастан риваят кылган хадисте мындай делет: «Мухаммад ﷺ кырк жашында пайгамбар болду, Меккеде ал кишиге 13 жыл вахий түшүп турду, андан кийин Аллах ал кишини хижрат кылууга буюрду. Хижратта 10 жыл жашагандан кийин 63 жашында дүйнөдөн өттү». Расулуллах ﷺдын хижраты пайгамбарлыктын он үчүнчү жылы, рабиулаввал айында, дүйшөмбү күнү болгон. Бул жөнүндө имам Ахмад Ибн Аббастан мындай риваят кылат: «Пайгамбарыңар дүйшөмбү күнү туулду, дүйшөмбү күнү Меккеден чыгып кетти, дүйшөмбү күнү пайгамбар болду, Мадинага дүйшөмбү күнү кирди жана дүйшөмбү күнү дүйнөдөн өттү...». Ибн Саъд бул хадисти Табакатта айрым ихтилафтар менен келтирген. Имам Муслим да бул хадисти өз сахихинде чыгарган.
- Хижрий санак Исламдын башталышында болбогон, ал Умар ибн Хаттаб ؓнун доорундагы окуядан кийин пайда болду т.а. Умар ؓ хижрий санакты биринчи болуп киргизди. Бул мындай болгон: хижраттин 17-жылында Абу Муса Ашъарийге шаъбан айы жазылган кат келди. Абу Муса жылдар көрсөтүлбөй, жалаң гана айлар белгиленген каттар жөнүндө сурап халифа Умар ؓга адам

жөнөттү. Себеби, бул кабарлар чаташтык жаратышы мүмкүн эле. Ошондо Умар чечим табуу үчүн сахабаларды чогултту. Кээ бирөөлөр бул жаатта Расулуллахтын туулган күнүнө таянууну сунуштаса, кээ бирлер ал кишинин дүйнөдөн өткөн күнгө таянуу зарылдыгын айтышты, дагы айрымдары Фарс же Румдун жыл санагын сунушташты. Натыйжада сахабалардын талкуусу исламий мамлекеттин тарыхындагы маанилүү окуя катары Пайгамбарыбыз хижрат кылган күнгө таянуу менен бүттү. Бул жөнүндө Умар ﵁ мындай деди: «Хижрат хак менен батылды бөлдү, андыктан, санакты ушуга ылайык белгилегиле».

- Ал эми, Курайштын кафир жетекчилери экинчи Акаба байъатына кандай мамиле кылганына келсек, алар Расулуллах ﷺ жана сахабалары Ислам мамлекетин тикелөө үчүн Мадинага хижрат кылышкандан кийин эмне болорунан коркуп өтө сак болушту. Расулуллах ﷺ Мадинадан келген өкүлдөр менен хажда жолугушуусу жөнүндөгү кабар аларга жеткенде бир нече Курайш жетекчилери алардын алдына барып, мындай дешти: «Бизге жетип келгендей, силер биздин досубузду арабыздан алып кетүү үчүн келипсиңер жана бизге каршы согушуу үчүн ага байъат берипсиңер. Аллахка ант, араб уруулары арасында баарынан көбүрөөк силер менен ортобузда согуш чыгышын каалабайбыз!», - дешти. Ошондо саны беш жүздөн ашкан, байъат бере элек, ясрибдик мушриктер туруп: "Андай нерсе болгон жок жана ал жөнүндө эч нерсе билбейбиз", - дешти. Алар чын айтышкан эле, себеби, алар бул жөнүндө эч нерсе билишпеген. Мусулмандар сүкүт сактап бири-бирине карашты. Өкүлдөр Ясрибге кайтып кетишти жана Курайш Ясриб калкынан бир нече киши Исламга киргенин билип, күмөндөрү тастыкталды. Андан кийин мусулмандарга басым кылып, азап-зомбулукту күчөтүштү, ясрибдиктерге жетип алмакчы болушту, бирок, алар эбак эле Мекkeден чыгып кетишкен эле».

- Албетте хижрат улуу жаңылык болгон. Мусулмандар өз тарыхындагы бул окуяны жакшы түшүнүшү, анын ичинде камтылган маани-маңызды жана ал талап кылган мажбурияттарды унутпашы керек. Анын тафсилатына кайта турган болсок, ал Аллахка чакырган даъватта катылганы, вахий анын вакисине жакын болгону жана аны түзүүдө катышканы айкын болот. Ибн Касир «Бидая ва Нихая» китебинин «Меккеден Мадинага хижрат» деген үчүнчү бөлүмүндө хижрат жана анын орду-жери Аллахтан

түшкөн вахий менен белгиленгенин накл кылат: Зухрий Урвадан, ал Аишадан риваят кылат, Расулуллах ﷺ Меккеде турганда айтты: **«Мага хижрат кылчу жайыңыз көрсөтүлдү, мен эки тоонун ортосундагы курмалары көп шордуу жерди көрдүм».** Расулуллах ушинтип айткандан кийин мусулмандар Мадинага хижрат кылышты. Хабашстанга хижрат кылган мусулмандар Мадинага кайтышты. Бухарий риваяты. Абу Муса риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты: **«Түшүмдө Меккеден курмазар жерге хижрат кылдым, ал Ямама же Хажар деп ойлогон элем, бирок, ал Ясриб шаары экен».**

Бул китептин «Расулуллах ﷺдын хижрат кылуу себептери» деген бөлүмүндө Ибн Касир ар бир фикир жана ар бир кадам шарияттын көрсөтмөсү менен болгондугун ачыктаган окуялардын толук тафсилатын айткан. Бул нерсе бүгүнкү күндө мусулмандарды бул окуяга олуттуулук жана жоопкерчилик менен жандашууга жана андан үлгү алууга үндөйт. Ибн Касир (рахимахуллах) жазган нерселерден көрсөтүп өтөбүз:

– «Ахмад ибн Ханбал Ибн Аббастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ Меккеде турганда хижрат кылышы жөнүндө буйрук берилип, ушул аят түштү:

﴿وَقُل رَّبِّ أَدۡخِلۡنِي مُدۡخَلَ صِدۡقٖ وَأَخۡرِجۡنِي مُخۡرَجَ صِدۡقٖ وَٱجۡعَل لِّي مِن لَّدُنكَ سُلۡطَٰنٗا نَّصِيرٗا﴾

***«Дагы айткын: «Роббим мени чындык менен киргизгин жана чындык менен чыгаргын жана да мен үчүн Өз алдыңдан бир колдоочу, кубат бергин»*** [17:80]

Катада айтат: Мени чындык менен киргизгин т.а. Мадинага. Мени чындык менен чыгаргын т.а. Меккеден хижрат кылуу. Мен үчүн Өз алдыңдан бир колдоочу кубат бергин т.а. Аллахтын китеби, фарздары жана хаддары.

– Ибн Исхак айтат: Расулуллах ﷺ мухажир сахабалардан кийин хижрат кылууга урухсат берилишин күтүп турду. Мухажирлерден камакка түшкөндөр, фитнага учурагандар жана Али ибн Абу Талиб, Абу Бакр ибн Абу Кахафа гана калды. Абу Бакр Расулуллах ﷺдан хижрат кылууга көп урухсат сурады. Расулуллах ﷺ, **«Шашылба, мүмкүн Аллах сага жолдош берер»** деди. Абу Бакр Расулуллахка жолдош-шерик болууну үмүт кыла баштады.

– Курайш Расулуллах ﷺдын Курайш диярынан башка жерде тарапкерлери бар экенин жана анын сахабалары ал жерге хижрат

кылып кетишкенин көргөн соң, алар бейпил жайга түшкөнүн, ал жердегилер аларды коргогонун билишти. Ушул себептен улам алар Расулуллах ﷺдын аларга барып кошулушун алдын алууга аракет кылышты. Себеби, Мухаммад ﷺ аларга каршы согушмакчы экенин билишет эле. Курайш Расулуллах ﷺдын иш-аракетинен коркушкандыктан бул нерсеге каршы эмне кылуу керектиги жөнүндө кеңешүү үчүн Дарун-Надвада топтолду (Дарун-Надва Кусай ибн Килабдын үйү болуп, Курайш ар кандай маселени ошол жерде гана кеңешкен). Бул күн Явмуз Захма (адамдар тыгын болуп чогулуу күнү) деп аталды. Иблис карыя көрүнүшүндө алардын алдына барды. Анын Надванын эшиги алдында турганын көрүшкөндө: «Ким бул аксакал?» деп сурашты. Ал: «Мухаммад жөнүндө жыйыныңардан кабар тапкан нажддык аксакалмын. Айта турган сөзүңөрдү угуу үчүн силер менен бирге келгендердин биримин. Фикир жана насаттымдан пайдаланасыңар деген үмүттөмүн», - деди. Иблис алар менен Надвага кирди... Алар кеңешишти жана алардын фикирлери ар түрдүү болду. Нажддык аксакал ал жердеги фикирлерди – Абу Жахл ибн Хишам айткан фикир кабыл алынганга чейин – башкарды. Абу Жахл: «Ар бир уруудан күчтүү, тектүү, орто жаштагы жигитти тандап алабыз. Андан кийин ар бир жигитке курч кылыч беребиз. Алар Мухаммадга бастырып барып, бардыгы тең кылыч шилтеп аны өлтүрүшөт. Ошентип, биз андан кутулабыз. Эгер алар ушундай кылышса, анын каны бардык урууларга жайылып кетет жана Бану Абдуманаф бардык урууларга каршы согуша албайт. Акыры бизден кун алууга ыраазы болушат, биз болсо кунду беребиз», - деди. Ошондо нажддык аксакал: «Кеп деген бул адамдын сөзүндөй болот. Мындай фикир башка болбойт», - деди. Коом ушул фикирге келишип тарады... Жибриил ﷺ Расулуллах ﷺдын адына барып: «Бул түнүү адаттагы жатып уктаган төшөктө жатпагын», - деди. Караңгы түшкөндөн кийин жалданган жигиттер Расулуллах ﷺдын эшиги алдында топтолуп, чабуул кылуу үчүн ал кишинин укташын күтүштү. Расулуллах ﷺ алардын турган жайын көргөндөн кийин Али ибн Абу Талибге: «Менин жайыма жат. Бул хазрамий жашыл хиркамга (кийим) оронуп укта. Сага алардан эч кандай жамандык болбойт», - деди. Расулуллах ﷺ сыртка чыкты жана колуна бир ууч топуракты алды. Аллах келген жигиттердин көзүн тосуп койгондуктан ал затты көрө алышпады. Расулуллах ﷺ бул

аяттарды окуп колундагы топуракты алардын башына чача баштады:

﴿يسٓ ۝ وَٱلۡقُرۡءَانِ ٱلۡحَكِيمِ ۝ إِنَّكَ لَمِنَ ٱلۡمُرۡسَلِينَ ۝ عَلَىٰ صِرَٰطٖ مُّسۡتَقِيمٖ ۝ تَنزِيلَ ٱلۡعَزِيزِ ٱلرَّحِيمِ ۝ لِتُنذِرَ قَوۡمٗا مَّآ أُنذِرَ ءَابَآؤُهُمۡ فَهُمۡ غَٰفِلُونَ ۝ لَقَدۡ حَقَّ ٱلۡقَوۡلُ عَلَىٰٓ أَكۡثَرِهِمۡ فَهُمۡ لَا يُؤۡمِنُونَ ۝ إِنَّا جَعَلۡنَا فِيٓ أَعۡنَٰقِهِمۡ أَغۡلَٰلٗا فَهِيَ إِلَى ٱلۡأَذۡقَانِ فَهُم مُّقۡمَحُونَ ۝ وَجَعَلۡنَا مِنۢ بَيۡنِ أَيۡدِيهِمۡ سَدّٗا وَمِنۡ خَلۡفِهِمۡ سَدّٗا فَأَغۡشَيۡنَٰهُمۡ فَهُمۡ لَا يُبۡصِرُونَ﴾

«***Йа, Син.*** *(Эй Мухаммад ушул)* ***хикматтуу Куръанга ант, шек-күмөнсүз сен Туура Жол*** *(Хак Дин)* ***үстүндөгү пайгамбарлардансың.*** *(Бул Куръан)* ***Ата-бабалары*** *(эч бир пайгамбар аркылуу Ахирет азабынан)* ***эскертилбестен, бейкапар калган бир коомду эскертүүң үчүн Кудуреттүү жана Мээримдүү Зат тарабынан түшүрүлдү. Анык, алардын көптөрүнө Сөз*** *(азап тууралуу өкүм)* ***хак болгон. Демек алар ыйман келтиришпейт. Акыйкатта Биз алардын моюндарына тээ ээктерине чейин*** *(каптаган)* ***кишендерди уруп койдук, ошондуктан алар какайган бойдон калышты*** *(Эми алар Хакка ийилишпейт)****. Дагы биз алардын алдыларынан бир тосмо парда, арттарынан бир тосмо парда кылып, аларды ороп-чулгап койдук. Эми алар көрө алышпайт***» [36:1-9]

Расулуллах ﷺ алардын бирерин калтырбай башына топурак чачып, андан кийин өзү каалаган тарапка кетти. Ибн Исхак айтат: Аллах ошол күндөгү мушриктердин тилектеш чечими жөнүндө Куръанда ушул аяттарды түшүрдү:

﴿وَإِذۡ يَمۡكُرُ بِكَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ لِيُثۡبِتُوكَ أَوۡ يَقۡتُلُوكَ أَوۡ يُخۡرِجُوكَۚ وَيَمۡكُرُونَ وَيَمۡكُرُ ٱللَّهُۖ وَٱللَّهُ خَيۡرُ ٱلۡمَٰكِرِينَ﴾

***«Кафирлер сени колго алуу, же өлтүрүү, же*** *(өлкөдөн)* ***чыгарып жиберүү үчүн сага айла-амал кылгандарын эстегин!*** *(Алар)* ***айла-амал кылышат, Аллах*** *(да)* ***«айла-амал» кылат, Аллах «айлакерирээк»»*** [8:30]

﴿أَمۡ يَقُولُونَ شَاعِرٞ نَّتَرَبَّصُ بِهِۦ رَيۡبَ ٱلۡمَنُونِ ۝ قُلۡ تَرَبَّصُواْ فَإِنِّي مَعَكُم مِّنَ ٱلۡمُتَرَبِّصِينَ﴾

***«Балким алар*** *(мушриктер)****: «****(Мухаммад)****, бир ырчы. Биз ага замандын балээ-апааттары*** *(жетиш)****ин күтөбүз», дешээр?! Айткын: «Күтө бергиле! Мен да силер менен бирге күтүүчүлөрдөнмүн.*** *(Кана, балээге ким жолугаар экен)****»*** [52:30]

Ибн Исхак айтат: Аллах мына ошондо Пайгамбары ﷺга хижрат кылууга урухсат берди. Ибн Касир тафсиринен келтирилген цитата бүттү.

Бул кафирлердин хижратка карата позициясы жана хижраттан кандай коркушканы жөнүндөгү сөздөр. Алар Расулуллах ﷺ нусрат, байъат жана хижрат аркылуу мамлекет тикелөөнү каалап жатат деген негизде мамиле кылышты. Ошондуктан, ал кишини куугунтуктап, басым өткөрүштү жана ал кишини ал тургай үңкүргө чейин кууп барышты. Алар эч кандай натыйжага жетишпеген соң, Пайгамбарыбыздын башына сыйлык дайындашты жана Сурака ал кишиге жетип барды, бирок, Аллах Таала аны да Расулуллах ﷺдан чалгытып койду. Бул жерде Аллах Таала Өз пайгамбарын андан коргогондон кийин Расулуллах ﷺ Суракага Кисранын билериги жөнүндө убада бергени чоң мааниге ээ болгону жана бүткүл көрүнүштү кыскача баяндагы айтылат. Суракага Кисранын билеригин убада кылган Расулуллах ﷺ Пайгамбар жана мамлекте жетекчиси катары сүйлөштү. Бул болсо ушул сахнадагы күрөштүн маңызы Курайш Расулуллах ﷺдын Ислам мамлекетин тикелешине тоскоолдук кылышынын айланасында айланганын көрсөтөт. О.э. ал жакын келечекте Ислам дининин мамлекети болорун, бул мамлекет Кисранын империясынан чоңураак болушун жана кошуунун жеңип, өкүмдарын өлтүрө турган кошуна болушун о.э. Ислам бул империяга мураскор болушун ачыктайт.

**Бул жерде жоопту талап кылган суроо пайда болот:** мусулмандар бул окуяга талап даражасында этибар бербегени үчүн ким жоопкер? Жооп: уламалар жоопкер. Себеби, мусулмандар өз уламаларын ээрчишет. Аллах Таала уламаларга мусулмандар үстүнөн тажысыз салтанат (бийлик) берген. Себеби, мусулмандар алардын фатваларын ээрчишет. О.э. Аллах уламаларга өкүмдарлар үстүнөн да салтанат берген, себеби, алар мусулмандар менен бирге элдин бийлигин калыптандырып, мусулмандарды колдоп-кубаттап өкүмдарларга басым өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Расулуллах ﷺдын ушул хадиси аларга ылайык келет:

**«كَلَّا وَاللهِ، لَتَأْمُرُنَّ بِالْمَعْرُوفِ وَلَتَنْهَوُنَّ عَنِ الْمُنْكَرِ، لَتَأْخُذَنَّ عَلَى يَدِ الظَّالِمِ وَلَتَأْطُرَنَّهُ عَلَى الْحَقِّ أَطْرًا، وَلَتَقْصُرَنَّهُ عَلَى الْحَقِّ قَصْرًا، أَوْ لَيَضْرِبَنَّ اللهُ بِقُلُوبِ بَعْضِكُمْ عَلَى بَعْضٍ ثُمَّ لَيَلْعَنُكُمْ كَمَا لَعَنَهُمْ»**

**«Жок, Аллахка ант, силер албетте маъруфка буйруп, мункардан кайтарасыңар, залимди колунан кармап, аны мажбурлап акыйкатка моюн сундуруп, акыйкатка чектеп коёсуңар. Же Аллах айрымыңар менен айрымыңардын дилдерине сокку берет. Андан кийин аларды наалаттагандай силерди да наалаттайт!».**

**Бул жерде дагы бир суроо бар:** тафсилаттары уламалардын этибарынан четте калбаган бул фикирлер биздин доорубузда зарыл болсо да, эмне үчүн алар окулганда алардан үлгү алынбайт?! Жооп ушул, мунун бир гана себеби бар, бул маселени жана ушуга окшогон маселелерди чечүүдөгү мындай кайдыгерлик үчүн башкаларга караганда уламалар көбүрөөк жоопкер. Себеби, алар Батыш мусулмандарга орноткон жана жүктөгөн мыйзамдуу таалим программалары боюнча билим алып, бүтүрөшкөн. Бул уламалар Исламды Батыштын тарыйкаты негизинде үйрөнүштү. Бул тарыйкат динди мамлекеттен бөлөт, мусулмандарды өз динин акыйда жана шахсий (жеке) өкүмдөргө гана чектей турган кылат. Мамлекет жана коом өкүмдөрү болсо бул уламалардын зээндеринен четтетилди жана алар бул өкүмдөрдү ээрчибей калды. Бул өкүмдөр алардын маъруфка буюруп, мункардан кайтаруудагы жоопкерчилигинен тышкары болуп, алардын этибарынан чыгып кетти. Адамдар өз уламаларын ээрчишкендиктен адамдар ал өкүмдөр жөнүндө сурабай калды. Ошентип, жетекчилер Исламдан башка нерсе менен башкарып, улама да, аамий да (катардагы адам да) жетекчилерден бул жөнүндө сурабай калды. (Аллах ырайым кылгандар мындан сырткары).

**Бул жерде дагы бир суроо пайда туулат:** уламалардын бул позициясы исламий өкүмдөр кеңири көлөмдүү болуп, бардык алакаларды, Ислам мамлекетин тикелөөнү да өз ичине аларын инкар кылып жатышканын түшүндүрөбү?! Уламалар дин иштеринин бирин да инкар кылышпайт. Буга далил алар бардык нусустарды, пайгамбардын, халифалардын жана сахабалардын позициясын далил кылышат. Алар Ислам тарыхы, халифалар, жихад жана фатхтар тарыхы менен сыймыктанышат. Бирок, алар ал нерселерге жөн гана окула турган тарых катары карашат. Ошондуктан, өздөрүнүн жаман-оор абалына дуа менен жандашып, Аллахтын жеңиш беришин күтүшөт. Андыктан, аларды даъват кылууу зарыл!

Ооба, пайгамбарыбыздын хижраты нусратка, экинчи Акаба байъатына жана Исламий мамлекетти тикелөөгө байланыштуу

болгон. Курайш кафирлери ага ушул туура түшүнүк негизинде мамиле кылышкан. Бүгүн мусулмандар, айрыкча, уламалар жалаң гана душмандары пайдаланып жаткан бул фикирлерге кайдыгерлик кылуудан ойгонушу керек. О.э. алар динди түшүнүүдө өздөрүнөн мурункулар сыяктуу болушу керек. ❑

## Франция жана Германия жетекчилери Европага коркунуч туудуруп жаткан «кыйратуучу» коркунуч жөнүндө эскертишүүдө

Германия канцлери Олаф Шольц менен Франция президенти Эммануэль Макрон 2024-жылы 26-майда Британиянын «Financial Times» гезитинде жарыяланган биргелешкен макаласында Европа Россиянын кол салуусу алдында «кыйратуучу» коркунучка дуушар болушунан эскертип: "Биз бул чакырыкты кабыл алышыбыз керек", - дешти. Макрон Германияга сапар кылганда жарыяланган макалада эки жетекчи: «Биз өзүбүздүн европача жашоо таризибизди жана дүйнөдөгү ролубузду курган негиздерибизди табигый деп эсептей албайбыз», - дешкен. Алар минтип кошумчалашты: «Акыркы беш жылдагы кыйынчылыктарга назар салсак – пандемия болобу, Россиянын Украинага каршы баскынчылык согушубу же улам күчөп бара жаткан геосаясий кырдаал болобу, айырмасыз – Европа өзүнүн «zeitenwende» (бурулуш чекитин) башынан өткөрүп жатат». Бул Шольц Германия саясатындагы тарыхий бурулушту, өзгөчө, Россия баскынчылыгынан кийин коргонуу чыгымдарынын көбөйүшүн сүрөттөө үчүн иштеткен сөз. Макрон менен Шольц сунуштаган нерселер арасында Европа союзнун бирдиктүү базарын бекемдөө, инвестицияларды көбөйтүү, муну менен бирге блоктун негизги камсыздоолорго ээ болууда соода шериктештерине көз каранды болууну азайтуу зарылдыгы камтылган.

Этибарлуусу, Макрон 2024-жылы 25-апрелде Европанын өлүмү жөнүндө эскертип, реформа сунуштарын алга сүргөн. Ал эми Германия канцлери Шольц бул сунуштарды мабдаий жактан колдоп-кубаттап: «Франция менен Германиянын ортоктош максаты – Европанын күчтүү бойдон калышы», - деген. Франция президенти Европанын кабатыр жараткан көрүнүшүн сүрөттөп, ал «өлүм коркунучу астында калганын», «курчалганын» жана башка ири мамлекеттердин атаандаштыгы алдында «кыйроо» коркунучуна туш болгонун баса белгиледи. Ал «өз урматын орнотуу», «өз коопсуздугун

камсыздоо» жана «стратегиялык эгемендүүлүгүн тикелөөгө» кудуреттүү «күчтүү Европага» чакырды.

Геосаясий контекстте Россиянын Украинага бастырып киргенден кийинки аракеттерин «кежирдик» деп сүрөттөгөн Макрон Москванын «чегаралары» каерде экендиги эми анык эмес деген. Анын айтымында, Европанын коопсуздугу үчүн «Россия Украинадагы баскынчылык согушта жеңип чыкпашы» шарт. Европанын соода саясатын «карап чыгууга» чакырган Макрон соода саясаты Европанын принциптерин урматтабаган Кытай жана Америка соода операциялары алдында «биздин кызыкчылыктарыбызды коргошу керек» деди.

**Ал-Ваъй:** бул жаңылык бир нече фактыларды далилдейт. Т.а. Европа карып калганын жана өлүм коркунучуна туш келгенин, бул ар бир мамлекет өз үлүшүн алууга умтулуп жаткан чоң өзгөрүүлөр доору экендигин ырастайт. О.э. бул Америка Европа-Европа чыр-чатагын козутуучу эң чоң оюнчу болуп, аны алсыратуу жана чоң укук доору келгенде өз пикирин аларга жүктөө үчүн аракет кылып жатканын тастыктайт. Ар кандай адамдын абалын өзгөртө турган бул өзгөрүүдө мусулмандардын да салымы болушун Аллахтан сурайбыз.

## Баскынчы вужуддун штаб башчысы беш араб кошуундарынын командачылары менен жолугушууда: Мисир, Сауд Арабия, Иордания, Бириккен Араб Эмираттары жана Бахрейн

Американын «Axios» сайты (израиль) вужудунун армиясынын башкы штаб башчысы Херци Ха-леви Бахрейнде беш араб мамлекеттери кошуундарынын командачылары менен жолугушканын билдирди. Жыйын АКШ борбордук командачылыгынын (CENTCOM) башчысы генерал Эрик Курилланын жетекчилигинде өттү. Жыйында (израиль), Сауд Арабия, Бахрейн, Мисир, Бириккен Араб Эмираттары жана Иордания армияларынын командачыларынын катышуусунда «регионалдык коопсуздук тармагында кызматташуу» маселелери талкууланды. Газадагы согушка байланыштуу регионалдык саясий абал себептүү жолугушуу жарыя

кылынбады жана көңүл борборунан алыста өттү. Себеби, жыйын баскынчы вужуддун армиясы 250 күн Газа секторуна кол салып, кыргын күчөгөн учурда болду. Кабарда айтылгандай, жолугушуу – Газадагы (израилдин) аскерий операцияларын ушул араб мамлекеттери сындап, кескин каралап жатканына карабастан – (израиль) менен алардын ортосундагы аскерий сүйлөшүү жана кызматташуу АКШ армиясынын борбордук командачылыгы астында уланып жатканынын тастыгы болуп эсептелет.

Отчётто баса белгиленгендей, «Аба чабуулуна жана ракетага каршы коргонуу тармагында кызматташуу АКШ армиясынын борбордук командачылыгы жана Пентагон акыркы жылдарда региондогу кошуундар менен иштеген негизги маселелердин бири». Анда айтылгандай, Вашингтон Ирандын апрель айындагы баскынчы вужудга жасаган чабуулун токтотууну чоң ийгилик жана бул нерсеге ушундай аракетсиз жетишип болбойт деп эсептейт. Америка расмийлери билдиргендей, (израиль) жана региондогу араб мамлекеттери менен болуп жаткан кызматташуу чабуул жөнүндө разведка маалыматтарын чогултуу, дрон жана ракеталарды алдын ала эскертүү мүмкүнчүлүгүн бергенин билдирди. Алар кошумчалагандай, бул кызматташуу Иордания жана Сауд Арабиянын Иран, Ирак жана Ямандан (израиль) тарапка учурулган жана алардын аба мейкиндиги аркылуу өткөн ракета жана дрондорду токтотууда натыйжалуу аралашуусун да өз ичине алат.

**Ал-Ваъй:** бул кабар мусулмандарга каршы эң чоң кылмыштардын бирине катышкан ушул мамлекеттердин өкүмдарларынын малайлыгын жана арамзалыгын ачыктайт. О.э. башка араб жана (исламий) мамлекеттер бул баскынчылыкка Америка жана (израиль) менен бирге – ал тургай, башка жолдор менен болсо да – катышып жатканы жөнүндө да кабарлар бар. Бул Америка Газадагы окуяларда күчтүү таасирге жана бул жаатта өзүнүн саясатына ээ экендигин ачыктайт. Нетаньяху бул саясатта аны менен атаандашууда жана бул иши үчүн көбүрөөк төлөм төлөө керек болот. Бул Америка кантип Иранга (израиль) жана ушул араб мамлекеттери үчүн коркунуч болуу ролун бергенин

көрсөтөт. Бул дагы Америка өзүнүн регион туурасындагы чечиминин бир бөлүгү катары Газада болуп жаткан окуялардан пайдаланып жатканын ачып берет. Бул мусулмандарды Американын ролуна (израилдин) ролунан көбүрөөк көңүл буруугa, Америка сунуштап жаткан “эки мамлекет чечими” харам болгон чечим экендигин билүүгө чакырат. Кала берсе, Аллах Таала Фалестин маселесин эң маанилүү исламий маселелердин бирине айланткан жана аны эч кандай шартта колдон чыгаруу жаиз эмес. О.э. мусулмандар Ирандын жакындашып келе жаткан ролунан этият болушу керек. Бул Американын эң үлкөн ролу.

## Нафтали Беннет (израилдиктерди) «өлкөдөн чыгып кетпегиле» деп чакырууда

(израилдин) мурунку премьер-министри Нафтали Беннет Газа секторунда согуш уланып, (израиль) ийгиликсиздикке учурап жатканда (израилдиктерди) 1948-жылдан бери эң оор учурду башынан өткөрүп жаткан мамлекетти таштап чыкпоого чакырды. «Х» платформасындагы постунда Беннет (израилдиктерге) кайрылып «Өлкөдөн чыгып кетпегиле» деген. Ал кошумчалап: «Кече ажайып программанын инженерлери окуу жылы башталардан мурун (израилден) кетип Европадагы бир өлкөгө барары жөнүндө айтышты жана бул мени өтө капалантты», - деген. Ал сөзүн улантып айтат: «Биз эгемендик үчүн согуштан бери (1948-жылдагы накба) эң оор доорду башыбыздан өткөрүп жатабыз: эл аралык бойкот, тизгиндөө стратегиясынын ийгиликсиздикке учурашы, 120 (израилдиктин) туткундукта калышы, багуучусун жоготкон миңдеген үй-бүлөлөр, ээн калган Түндүк Жалил, миңдеген көчүрүлгөндөр, өзүн гана ойлогон министрлер, экономика үстүнөн көзөмөлдү жоготуу жана дефицит». Ал кошумчалап мындай деди: «Бул таптакыр туура эмес. Бирок, биз бул баткактан тез чыгабыз жана буга күчүбүз жетет». Анын айтымында, өлкөдөн чыгып кетүү жөнүндөгү кеп-сөздөр болбошу керек жана «бул баткактан чыгуу үчүн (израиль) калкынын бардык аракети жана кайраты керек». (израилдин) «Заман» сайты согуштун алгачкы 6 айында жарым

миллиондон ашуун (израилдик) өлкөдөн чыгып кайра кайтпаганын жарыялаган.

**Ал-Ваъй:** мунун таң кала турган жери жок. Себеби, яхудийлер согушчул эл эмес, тескерисинче алар эң ыплас жашаган калк. Алар өтө коркоктугу себептүү коркунучту башкаларга караганда көбүрөөк сезишет. Алар мусулмандарга каршы кылмыштары себептүү мусулмандар алардан өч алууга даярданып жатканын, мусулмандарга берилген илахий убада рошид Халифалыкты тикелөөнү, яхудийлер менен согушууну жана алардын мамлекетин жок кылууну талап кылышын ойлошунда күмөн жок.

## Баскынчынын армиясы 7-октябрда колго түшкөн бардык туткундарды өлтүрүү жөнүндө буйрук бергенин документтер тастыктап жатат

«Гаарец» гезити билдиргендей, баскынчынын армиясы 7-октябрь күнү «Ганнибал» протоколун ишке ашырууга буйрук берген жана (израилдик) туткундарды аларды туткунга алган каршылык кыймылындагылар менен бирге Газага бара жатканда өлтүргөн. Гезит баса белгилегендей, алар күбө болгон документтерде көрсөтүлгөндөй, протоколго ылайык биринчи сокку Байт Ханун «Эрез» өтмөгүндө ишке ашырылган, андан кийин Раим аскерий участкасында, Нахал Узда жана бөлүүчү дубалдар региондорунда туткундарды алып бара жаткан машиналарга чабуул уюштурулган.

Гезиттин ачыкташынча, «Акса ташкынынын» алгачкы сааттарында баскынчы армиянын катарында башаламандык жүзөгө келип, байланыш үзүлүп калган. Жеткирилген кабар үрөй учурган окуяга ишара кылып жаткан. Эмне болуп жатканы жөнүндө отчёт алган аскерлер бул кабарларды жеткиришпеген. Саат 11:22де Газа бөлүмүнүн байланыш тармагында бардык күчтөргө «эч кандай машина Газа секторуна кайтпашы керектиги» жөнүндө көрсөтмө келген. Көрсөтмөлөр келгенге чейин баскынчы армия Газа секторунда болуп өткөн туткунга алуу операцияларынын көлөмү жөнүндө эч кандай маалыматка ээ болбогон. Бирок, ал көп нерсе болгонун билген жана баарынан кутулуу жөнүндө көрсөтмө бергенде, талап кылып жаткан нерсесин

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

билген. Документтер чабуулдун алгачкы сааттарында “ганнибал” протоколунан пайдалануунун көлөмүн жана Газадагы региондордун кайсы жерлеринде болгонун ачып берген.

Гезит бул көрсөтмөлөрдүн натыйжасында канча аскер жана көчүп өткөндөр жабыр тартканын билбесе да, бирок, гезит тарабынан чогултулган маалымат жана кабарлардан көрүнүп тургандай, өтө көп (израилдиктер) жаран жана аскерийлердин коркунуч астында калып, (израилдин) соккусуна дуушар болгон. Гезит жазгандай, эрте менен саат 6:43тө баскынчыларга ракеталар атылганда жана миңдеген Кассам согушкерлери Газа регионундагы турак-жайларга чабуул кылып, Газа бөлүмүнүн күзөтүү жана байланыш мүмкүнчүлүктөрүнө зыян жеткиргенде Газа бөлүмүнүн командачысы, бригада генералы Ави Розендфельд «чабуул уюштурулду» деген отчётту жарыялаган.

Гезит баса белгилегендей, бул чара бөлүм командачысы чабуулду токтотуу үчүн адаттагыдан кеңирээк укуктарды, “Ганнибал” протоколун аткарууга буйрук берилгенде басып алынган аймактар ичинде үрөй учурган ок атууну өз мойнуна алганын түшүндүрөт. Бирок, гезит бул буйрук Газа бөлүмүнүн командачысы тарабынан берилбегенин жазат. Гезит 7-октябрь күнү эрте менен Газа бөлүмүндө болгон окуялардан кабардар болгон (израиль) коопсуздук кызматынын кызматкеринин сөздөрүн келтирет: «Эч ким тышкарыда эмне болуп жатканын билбеди. Розенфельд болсо тышкарыда согуш болуп жатканда сыртка чыкпай тез жардам бөлүмүндө болгон”. Коопсуздук кызматкери минтип түшүндүрөт: «Баарын ичкериге кирген согушкерлердин саны таң калтырды, мындай абалды түшүбүздө да көрбөгөн элек. Бирок, бизде мындай чабуулга каршы эч кандай план жок болчу. Биз туткундардын санын да, күчтөрдүн жайгашуусун да билбедик. Ошондо башламан абал өкүм сүрүп, эч кандай маалыматсыз чечимдер кабыл алына баштады».

**Ал-Ваъй:** бул өзүн коргой албаган (израиль), Батыштын кыйраган колониялык долбоору. Анын кыйроо күнү

жакындашып жатат. Бул кабар Бани Назир яхудийлерин эске салат:

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَخْرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ مِن دِيَٰرِهِمْ لِأَوَّلِ ٱلْحَشْرِ ۚ مَا ظَنَنتُمْ أَن يَخْرُجُوا۟ ۖ وَظَنُّوٓا۟ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمْ حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنْ حَيْثُ لَمْ يَحْتَسِبُوا۟ ۖ وَقَذَفَ فِى قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعْبَ ۚ يُخْرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيْدِيهِمْ وَأَيْدِى ٱلْمُؤْمِنِينَ فَٱعْتَبِرُوا۟ يَٰٓأُو۟لِى ٱلْأَبْصَٰرِ﴾

***«Ал ахли Китептен** (яхудийлерден) **кафир болгон кимселерди, биринчи топтогондо эле өз мекенинен кууп чыгарган Зат.** (Эй, момундар)**, силер алардын чыгып кетүүлөрүн ойлогон да эмес элеңер. Алар да өздөрүнүн коргон-калааларын Аллах**(тын азабынан) **тосот деп ойлошкон эле. Ошентип, Аллах**(тын азабы) **алар эсепке албаган тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Демек, эй, акыл ээлери,** (алардын акыбалынан) **ибрат алгыла!»*** [59:2]

Эй, акыл ээлери үлгү алгыла. ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَهَاجَرُواْ وَجَٰهَدُواْ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلَّذِينَ ءَاوَواْ وَّنَصَرُوٓاْ
أُوْلَٰٓئِكَ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَلَمۡ يُهَاجِرُواْ مَا لَكُم مِّن وَلَٰيَتِهِم مِّن شَيۡءٍ حَتَّىٰ
يُهَاجِرُواْۚ وَإِنِ ٱسۡتَنصَرُوكُمۡ فِي ٱلدِّينِ فَعَلَيۡكُمُ ٱلنَّصۡرُ إِلَّا عَلَىٰ قَوۡمِۭ بَيۡنَكُمۡ وَبَيۡنَهُم مِّيثَٰقٞۗ وَٱللَّهُ
بِمَا تَعۡمَلُونَ بَصِيرٞ﴾

***«Албетте, ыйман келтирген, хижрат кылган жана мал-жандары менен Аллах жолунда жихад кылган жана*** *(Меккеден хижрат кылып келген мухажирлерге)* ***үй-жай берип, жардам кылган заттар – дал ошолор, бири-бирине дос болгондор. Ыйман келтирген, а бирок, хижрат кылбаган адамдар болсо тээ хижрат кылышканга чейин силер аларга достук мамиле кыла албайсыңар. Эгер алар дин жолунда силерден жардам сурашса, жардам берүү мойнуңарда. Бирок, аларга, ортоңордо*** *(согушпастык жөнүндө)* ***убада-шерт болгон коомго зыян келтирүү менен жардам кылбайсыңар. Аллах кылып жаткан ишиңерди көрүп турат»*** [8:72]

Тафсир Васитте мындай делет:

Аллах Табарака ва Таала Анфал сүрөсүн аяктаган бул аяттар Пайгамбар доорундагы момундардын бир нече бөлүккө бөлүнгөнүн ачык-айкын көрсөтүп, ар бир бөлүгүнүн өкүмүн айткан. Биринчи бөлүк – биринчи хижратта хижрат кылган мухажирлер. Экинчи бөлүк – Мадиналык ансарлар. Үчүнчү бөлүк – хижрат кылбаган момундар. Төртүнчү бөлүк – Худайбия келишиминен кийин хижрат кылган момундар. Аллах Таала биринчи жана экинчи бөлүк жөнүндө:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَهَاجَرُواْ وَجَٰهَدُواْ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلَّذِينَ ءَاوَواْ وَّنَصَرُوٓاْ﴾

***“Албетте, ыйман келтирген, хижрат кылган жана мал-жандары менен Аллах жолунда жихад кылган заттар жана үй-жай берип, жардам кылган заттар...”,*** дейт. Т.а. Аллах Таалага чыныгы ыйман келтиргендер жана хижрат кылгандар, башкача айтканда өз дини менен мушриктердин фитнасынан качып, Аллахтын динин жер жүзүнө жаюу үчүн

мекенин, өлкөсүн жана дүйнө турмушундагы баалуу нерселерин таштап, хижрат кылгандар. Мал-жандары менен Аллах жолунда жихад кылгандар. Т.а. алар садык ыйманы жана Аллахты ыраазы кылуу үчүн хижрат кылууда биринчилерден болушу менен бирге акыйкатка жардам берүү үчүн жандарын дагы да көбүрөөк кыйнашты, дүйнө матасы үчүн эмес, Аллахты ыраазы кылуу жана динине жардам берүү үчүн мал-мүлкүн жана жандарын курман кылышты. Көрүп жатканыңардай, Аллах Таала хижрат кылууда биринчилерден болгон момундардын бул бөлүгүн эң улуу, эң айкөл фазилаттар менен сыфаттады. Аларды садык ыйман, өз дини менен фитналардан качып хижрат кылуу жана Аллахтын калимасын бийик кылуу жолунда мал жана жан менен жихад кылуу сыффаттары менен сыфаттады. Бул улуу сыфаттар жүзөгө чыгуу тартибинде жайгаштырылган. Биринчи болгон нерсе бул ыйман, кийин хижрат, андан кийин жихад. Бул жерде мал менен жихад кылуу жан менен жихад кылуудан мурун айтылган. Себеби, мал менен жихад кылуу вакиъде көбүрөк жана муктаждыкты толугураак кандырат. Анткени, жан менен жихад кылууну мал менен жихад кылуусуз элестетип болбойт. Аяттагы ***"Аллах жолунда"*** сөзү ***"жихад кылгыла"*** сөзүнө мутааллик (байланган) болуп, алардын жихады бирер дунявий максат үчүн эмес, акыйкатка жардам берүү жана Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн болгонун көрсөтөт.

﴿ءَاوَواْ وَّنَصَرُوٓاْ﴾

***"Үй-жай берип, жардам кылган заттар"*** сөзү Пайгамбарыбыздын доорундагы экинчи тайпадагы момундардын сүрөттөлүшү. Алар мадиналык ансарлар болуп, мухажирлерге кучагын жайышты жана аларды жакшы күтүп алышты. Аларды өз үйлөрүнө киргизишти, алар үчүн мал-мүлктөрүн аябай сарфташты, аларды өздөрүнөн жогору көрүштү жана душмандарына каршы жардам беришти. Аят карима ансарларды эки сыфат менен сыфаттады. Биринчиси: коопкоркунучтан кадыржам кылуу маанисиндеги башбаанек берүү. Себеби, башбаанек – бул коопсуз жай. Чындыгында Мадина мухажирлер үчүн башбаанек болуп, калкы берешендик жана ийсардын (өзүнөн жогору көрүүнүн) үлгүсү

болду. Экинчиси: нусрат. Анткени, Медина калкы Расулуллах ﷺ жана мухажирлерге колундагы бардык каражаттар менен жардам беришти. Мухажирлерге каршы согушкандарга каршы согушушту жана алардын душмандарына душмандык кылышты. Ошондуктан, Аллах Таала ансарлардын өкүмүн мухажирлердин өкүмү менен бирдей кылып мындай деди:

﴿أُوْلَٰٓئِكَ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ﴾

***“Дал ошолор, бири-бирине дос болгондор”.*** Бул жердеги исми ишара (дал ошолор) биринчи мухажирлер жана ансарларды билдирет.

اولياء калимасы ولي калимасынын көптүк формасы болуп, бул сөз жардам берүүчү, колдоп-кубаттоочу, дос, жакын киши... деген маанилерге иштетилет. Бул жерде достук өз ара жардам берүү, кызматташуу жана мураскорлук сыяктууларды өз ичине алган умумий достукту билдирет. Т.а. бул фазилаттуу сыфаттар менен сыфатталган кишилер жардам берүүдө, кызматташууда жана мураскорлукта бири-бирине дос дегени. Себеби, алардын укуктары жана кызыкчылыктары ортоктош. Бул жөнүндө Улусий айтат: «Ибн Аббастан риваят кылынат, Пайгамбарыбыз мухажир жана ансарларды бири-бирине боордош кылды. Эгер бирер мухажирдин Мединада валийи болбосо, ансар боордошунан мурас ала турган, мунун тескериси (т.а. бирер ансардын валийи болбосо мухажирден мурас ала турган) болду. Алар Мекке фатхына чейин ушундай абалда болду. Андан кийин алар насабга ылайык мурас ала турган болушту, себеби, фатхтан кийин хижрат жок. Ушуга ылайык бул аят Аллах Тааланын:

﴿وَأُوْلُواْ ٱلۡأَرۡحَامِ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلَىٰ بِبَعۡضٖ فِي كِتَٰبِ ٱللَّهِۚ﴾

***«Аллахтын Китебинде тууган-уруктар бири-бирине*** *(мураскор болууга)* ***акылуу*** *(болушат)****»*** [8:75]

аяты менен насх болду. Асам айтат: Бул аят мухкам аят эсептелип, достук нусрат жана жардам берүүдө дос дегенди түшүндүрөт. Биздин оюбузча бул жердеги достук жалпы болуп, мусулмандар муктаж болгон кызматташтык, өз ара жардам, өз ара кепилдик, өз ара мурас жана башкаларды өз ичине алат.

Аллах Тааланын:

﴿وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَلَمْ يُهَاجِرُواْ مَا لَكُم مِّن وَلَٰيَتِهِم مِّن شَيْءٍ حَتَّىٰ يُهَاجِرُواْۚ﴾

***“Ыйман келтирген, а бирок, хижрат кылбаган адамдар болсо тээ хижрат кылышканга чейин силер аларга достук мамиле кыла албайсыңар...”*** сөзү Пайгамбарыбыз доорундагы үчүнчү бөлүктөгү момундардын хукмунун баяны. Т.а. аятта жогоруда айтылган биринчи мухажирлер жана аларга башбаанек берип, жардам берген ансарлардын хукму. Ал эми ыйман келтирип, хижрат кылбагандардын хукмуна келсек, алар ширк жеринде мушриктердин башкаруусу жана хукму астында калышканы үчүн алар менен мухажир, ансарлар ортосунда – алар Мединага хижрат кылышмайынча – мурас достугу жок. Эй, момундар, алардан кызматташтык жана жардам күтпөгүлө. Себеби, алар ширк жеринде жана анын өкүмдарлыгы астында калышканы үчүн силерге жардам берүү каражаттарынан куру калышкан.

Андан кийин Аллах Таала:

﴿وَإِنِ ٱسْتَنصَرُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ فَعَلَيْكُمُ ٱلنَّصْرُ إِلَّا عَلَىٰ قَوْمٍۭ بَيْنَكُمْ وَبَيْنَهُم مِّيثَٰقٌ﴾

***“Эгер алар дин жолунда силерден жардам сурашса, жардам берүү мойнуңарда. Бирок, аларга, ортоңордо*** *(согушпастык жөнүндө)* ***убада-шерт болгон коомго зыян келтирүү менен жардам кылбайсыңар”,*** - деди. Т.а. эгер ошол хижрат кылбаган момундар душманыңарга каршы силерден жардам сурашса, аларга жардам берүү мойнуңарда. Себеби, алар силердин акыйдаңардагы боордошторуңар. Бир шарт менен гана т.а. силер менен ошол душмандар ортосунда согушпоо келишими болбошу керек. Эгер андай убада болсо, хижрат кылбаган момундарга жардам беришиңер мүмкүн эмес. Себеби, силер согушпоо убадасы болгон коомго каршы аларга жардам беришиңер ортоңордогу убаданы бузуу болот. Т.а. силер согушпоо убадасы болгон кафирлерге каршы эмес, согушуп жаткан кафирлерге каршы жардам беришиңер зарыл. Бул – Ислам убадага баш ийишине, келишимди урматташына далалат кылат. Жамал айтат: Аллах Таала мурунку эки бөлүк ортосунда өз ара жардам жана мураскордук болушун айткан болсо, үчүнчү тайпаны мурастан куру калтырып, жардам берүүнү айтты. Аллах Тааланын:

﴿وَٱللَّهُ بِمَا تَعۡمَلُونَ بَصِيرٞ﴾

***“Аллах кылып жаткан ишиңерди көрүп турат”*** сөзү жыйынтык болуп, андан Аллахка итаат кылууга үгүттөө жана баш ийбестиктен коркутуу көздөлгөн. Т.а. Аллах Таала бардык амалыңардан кабардар. Ошондуктан, Ага итаат кылгыла жана буйруктарына каршы чыкпагыла. ❑

## АЛЛАХ ТААЛА ӨЗ РАСУЛУНА ХИЖРАТ ЖАЙЫН БИЛДИРИШИ

**Пайгамбарыбыз ﷺдын хижраты жөнүндө мурунку умматтардагы кабарлар:**

– **Христиандардын китебинде келишинче, Расулуллах ﷺ эки таштак жердин ортосундагы жайга хижрат кылат.** Имам Ахмад айтат: Ибн Аббас Салман Фарсийден риваят кылат, ал Исламга кирүүдөн мурун туура динди издеп бир нече руханийдин алдына барат. Ал акыркы руханийге барганда руханий ага Ислам пайгамбарын сунуштап мындай дейт: «Жакында чыга турган пайгамбардын убагы келип калды. Ал Ибрахим عليه السلامдын дини менен жиберилип, Араб жерлеринен чыгат. Ал эки харра (кара таштуу жердин) ортосундагы курмазар жерге хижрат кылат. Анын өзгөчө белгилери болуп, белек кылынган нерсени жейт, бирок, садаканы жебейт. Анын эки далысынын ортосунда пайгамбарлык мөөр бар. Эгер кудуретиң жетсе, ошол шаарга баргын».

– **Яхудийлердин китебинде Расулуллах ﷺ Таба деген жайга хижрат кылышы жөнүндө айтылган:** Даримий риваят кылат, Ибн Аббас رضي الله عنه Каъбул Ахбардан: "Тооротто Расулуллах ﷺ кандай сыфатталган" деп сурады. Каъб айтат: "Анда Мухаммад ибн Абдуллах Меккеде төрөлөт, Табага хижрат кылат жана анын мүлкү Шамда болот. Ал бузукулук менен алектенбейт, базарларда чуу чыгарбайт жана жамандыкты жамандык менен жазалабайт, тескерисинче, кечирет. Анын Умматы ар кандай кубанычта Аллахка мактоо айтат, Аллах жардам бергени үчүн Аны улуулашат. Алар кол-буттарын жуушат жана изар кийишет, согушта кандай сап тартышса, намазда да ошондой сап тартышат. Алардын мечиттердеги сүрөөнү бал аарынын зуулдаганына окшойт жана алардын кайрылуусу асманда

угулат...». Башка риваятта «Ал Меккеде төрөлөт, Тайбага хижрат кылат жана мүлкү Шамда болот» деп айтылган.

– **Аллах Таала Расулуна хижрат жайын билдириши:** Бухарий риваят кылган хадисте Аиша ﵂ айтат: "Пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандарга айтты: **«Мага хижрат кыла турган жериңер көрсөтүлдү, ал эки таштак жердин ортосундагы курмазар жай экен".** Ошондо Мадинага хижрат кылуучулар ал жерге хижрат кылышты. Хабашстанга хижрат кылган топ да Мединага келди».

– Насаий Анас ибн Маликтен риваят кылынат, Расулуллах ﷺ айтты: «Мага эшектен бийигирээк жана качырдан төмөн айбан алынып келинди, анын ар бир кадамы көзү түшкөн жердин аягына түшөт эле. Мен Жибриил ﵇ менен бирге аны миндим жана жүрдүм. Жибриил: "Түшүп намаз окугун" деди. Мен түшүп намаз окудум. Ал: "Каерде намаз окуганыңды билесиңби?" деп сурады. Мен: "Тайбада окудум жана ошол жайга хижрат кыламын", дедим. Ал: "Түшүп намаз окугун", деди. Мен намаз окудум. Ал: "Каерде намаз окуганыңды билесиңби?" деп сурады. Мен: "Аллах Муса менен сүйлөшкөн Сина тоосунда" дедим. Андан кийин ал: "Түшүп намаз окугун" деди, мен намаз окудум. Ал: "Каерде намаз окуганыңды билесиңби?" деди. Мен: "Иса туулган Байтул Лахмда" дедим. Кийин Байтул Макдиске кирдим, ал жерде пайгамбарлар топтолду. Жибриил мени алдыга өткөрдү, мен аларга имамдык кылып намаз окудум. Кийин мен дүйнө асманына көтөрүлдүм...».

– **Расулуллах ﷺдын сахабаларына Мадинага хижрат кылууга урухсат бериши:** Ибн Саъд Табакатта Аиша ﵂дан риваят кылат: «Расулуллах ﷺ жетимиш киши (Хабашстанга) хижрат кылганда кубанды. Себеби, Аллах Таала ал кишини согушка, даярдыкка жана жардамга кудуреттүү коом менен кубаттады. Мушриктер мусулмандардын хижрат кылышын билишкени үчүн алар мусибатты дагы да күчөтүштү. Мушриктер аларга басым кылып, кыйнашты. Мусулмандар мурун жолукпаган акаарат жана азаптарга туш болушту. Мусулмандар Расулуллах ﷺ арызданып, хижратка урухсат сурашты. Расулуллах ﷺ:

«قَدْ أُخْبِرْتُ بِدَارِ هِجْرَتِكُمْ وَهِيَ يَثْرِب، فَمَنْ أَرَادَ الْخُرُوجَ فَلْيَخْرُجْ إِلَيْهَا»

**«Мага силердин каерге хижрат кылышыңар жөнүндө кабар берилди, ал Ясриб. Ким хижрат кылууну кааласа Ясрибге барсын»**, - деди. Ошентип, адамдарды даярдык көрүүгө, мунаса кылууга, бири-бирин кубантып, жашыруун чыгып кетүүгө буюрду».

– **Аллах Таала Өз Расулуна хижрат кылууга урухсат бериши:** Расулуллах ﷺ мухажир сахабалардан кийин хижрат кылууга урухсат берилишин күтүп турду. Мухажирлерден камакка алынгандар, фитнага учурагандар, Али ибн Абу Талиб менен Абу Бакр гана калды. Абу Бакр Расулуллах ﷺдан хижрат кылууга көп урухсат сурады. Расулуллах ﷺ: **«Шашылба, мүмкүн Аллах сага жолдош берер»** деди. Абу Бакр болсо Расулуллахка жолдош болууну үмүт кылган.

– **Хижратты талкуулоо үчүн кеңеш өткөрүлүшү:** Мубаракфурий Рохикул Махтумда айтат: Мушриктер Расулуллах ﷺдын сахабалары даярданып, жолго чыгышканын, балдарын, наристелерин жана мал-мүлктөрүн Авс жана Хазражга алып кетишкенин көргөн соң, түшкүндүккө түшүп, кайгырышты. Алар эч качан болбогон ташбиш жана кайгыга түшүштү. Алардын алдында алардын экономикалык жана бутпарасттык вужудуна коркунуч салган чыныгы, чоң коркунуч пайда болду. Алар Мухаммад ﷺдын жетик жетекчи экендигин, туура жолго жетектөө менен бирге таасир кылуу күчүн, сахабаларынын чечкиндүүлүгүн, чындык жана ал киши үчүн өмүрлөрүн курман кылуу сыфаттарын билишкен. О.э. алар Авс жана Хазраж урууларынын күч-кубатын, тынчтык жана изгилик туйгуларын, айрыкча, көптөгөн жылдар ички согуштардын азабын тартышкандан кийин бири-бирин жамандабоого чакырышканын билишкен. Мындан тышкары, мушриктер Мадина Кызыл деңиз аркылуу Ямандан Шамга өтө турган соода жолунда стратегиялык орунда жайгашканын билишкен. Мекке калкы жыл сайын Шамда Таиф жана башка жайлардан тышкары чейрек миллион динар өлчөмүндө алтын менен соода кылышат эле. Белгилүү бул соодада негизги этибар ошол жолдо коопсуздук

болгон. Ясрибде исламий даъваттын борборлошу жана ясрибдиктердин аларга каршы болушу Курайш үчүн чоң коркунуч экени анык эле. Мушриктер өздөрүнүн вужудуна коркунуч салып жаткан коркунучтун чоңдугун баамдашты. Алар бул коркунучту токтотуунун эң ийгиликтүү каражаттарын издей башташты. Бул коркунучтун негизги булагы исламий даъваттын байрагын көтөрүп чыккан Мухаммад ﷺ эле. Пайгамбарлыктын 14-жылы 26-сафар, миладий 622-жылы 12-сентябрь күнү т.а. чоң Акаба байъатынан болжол менен эки жарым айдан кийин Мекке кеңешинде (Дарун Надва) эрте таңда өз тарыхындагы эң кооптуу жыйынды өткөрдү. Бул жыйынга Курайш урууларынын бардык өкүлдөрү катышты. Алар Ислам даъватынын байрагын тез жок кылууну камсыздоо жана нурун бүтүндөй өчүрүү үчүн чечүүчү планды карап чыгышты. Бул кооптуу жыйында көзгө көрүнгөн адамдар Курайш уруусунан болду: 1-Абу Жахл ибн Хишам, Бани Махзум уруусунан. 2, 3, 4-Жубайр ибн Мутъим, Туайма ибн Адий, Харис ибн Амир, Бану Навфал ибн Абдуманафтан. 5, 6, 7-Рабианын эки уулу Шайба менен Утба, Абу Суфян ибн Харб, Бану Абдушамс ибн Абдуманафтан. 8-Назр ибн Харис, Бану Абдуддардан. 9, 10, 11-Абул Бахтарий ибн Хишам, Замъа ибн Асвад, Хаким ибн Хизам, Бану Асад ибн Абдулуззадан. 12, 13-Хажжаждын эки уулу Нубайх менен Мунаббих, Бану Сахмдан. 14-Умайя ибн Халаф, Бану Жумахдан. Алар белгиленген убакта Дарун-Надвага келишкенде аксакал көрүнүшүндөгү иблис алардын алдына келди. Анын үстүндө калың кийим бар эле. Ал Дарун-Надванын эшигине келип токтоду. Андан: «Бул аксакал ким?» деп сурашты. Ал «Жыйыныңардан кабар тапкан нажддык аксакалмын. Айта турган сөзүңөрдү угуу үчүн силер менен бирге келгендердин биримин. Үмүт кыламын, фикир насааттарымды угарсыңар», деди. Алар: «Албетте, келиңиз, кириңиз», дешти. Иблис алар менен бирге кеңештин талкуу жана Пайгамбар ﷺды өлтүрүү үчүн ырайымсыз чечим кабыл алуу жыйынына кирди. Түрдүү сунуш жана чечимдер ортого салынды жана талкуу узакка созулду. Абул Асвад

айтты: «Аны арабыздан чыгарып жиберели жана өлкөбүздөн куугунтуктайлы. Андан кийин кайда барса бара берсин, ошондо иштерибизди мурдагыдай оңдойбуз». Нажддык аксакал: «Жок, эч качан, Аллахка ант, бул фикир болбойт. Силер анын жакшы чырайлуу сөзү, тили жана алып келген нерсеси менен адамдардын жүрөгүн өзүнө тартып жатканын көрбөй жатасыңарбы? Аллахка ант, эгер ушундай кылсаңар анда ал арабдардын бир уруусуна барып, алардын коргоосуна кирбешине кепилдик албайсыңар. Андан кийин адамдар аны ээрчишет жана алар менен силердин үстүңөргө жүрүш кылып, өз шаарыңарда силерди талкалап, силерге каалаганын кылат. Ага каршы мындан башка чараны ойлонгула», деди. Абул Бахтарий: «Ага темирден кишен жасап, бир үйгө камап койгула. Андан кийин андан мурун акыбети ушундай болгон Зухайр, Набига жана башка акындарга жеткен өлүм ага да жетишине чейин күткүлө», деди. Нажддык аксакал: «Жок, Аллахка ант, бул фикириңер да болбойт. Ант ичип айтамын, айтканыңардай камап койсоңор, анын сахабаларына бул кабар жетип барат. Алар үстүңөргө бастырып келип, аны куктарат, көпчүлүк болуп силерди жеңишет. Демек, бул фикир орунсуз. Башка чара тапкыла», деди. Кеңеш бул эки сунушту четке каккан соң, башка бир сунуш айтылды жана ага баары макул болушту. Бул сунуш Меккенин эң чоң кылмышкерлеринин бири Абу Жахл ибн Хишамдан чыкты. Ал айтты: «Аллахка ант, ал жөнүндө менде чынында сонун фикир бар. Андайын ушул учурга чейин тапканыңарды көрбөдүм». Алар: «Эмне экен ал, эй, Абул Хакам?», деп сураштын. Ал: «Ар бир уруудан жаш, кайраттуу, насабдуу жана кадырлуу жигит тандап алабыз. Андан кийин ар бир жигитке курч кылыч беребиз. Алар Мухаммаддын үстүнө бастырып барып, баары тең кылыч шилтеп аны өлтүрүшөт. Ошентип, биз андан кутулабыз. Эгер алар ушундай кылышса анын каны бардык урууларга жайылып кетет жана Бану Абдуманнаф бардык урууларга каршы согуша албайт. Акыбетте бизден кун алууга макул болушат, биз болсо кунду беребиз», деди. Ошондо нажддык

аксакал: «Сөз деген мына бул адамдын сөзүндөй болот. Мындай фикир башка болбойт», деди. Мекке кеңеши ушул сунушка макул болуп тарады. Алар бул чечимди тезинен ишке ашырууга келишишти.

– **Али رضي الله عنه нун пайгамбарыбыздын жатагында түнөшү:** Ибн Касирдин «Бидая ва Нихая» китебинде мындай делет: «Жибриил عليه السلام Расулуллах ﷺдын алдына келип: «Бул түнү адатта уктаган жайыңа жатпагын», деди. Караңгы түн болгондо жалданган жигиттер Расулуллах ﷺдын эшиги алдында топтолуп, чабуул кылуу үчүн ал кишинин укташын күтүштү. Расулуллах ﷺ алардын турган жайын көргөн соң, Али ибн Абу Талибге: «**Менин жайымда жат. Мына бул хазрамий жашыр хиркамды** (кийим) **оронуп укта. Алар сага эч кандай жамандык кылбайт»,** деди. Расулуллах ﷺ уктаганда ушул хирканы оронуп уктайт эле. Ибн Исхак айтат: Язид ибн Зияд мага Мухаммад ибн Каъб Куразийден риваят кылды: «Мухаммад ﷺды өлтүрүү үчүн топтолгондо ал жерде Абу Жахл да бар эле. Алар Расулуллах ﷺдын эшигинин алдында турганда ал айтты: «Мухаммад, сен аны ээрчисең, арабдар жана ажамдардын падышасы болосуң. Кийин өлгөндөн кийин кайра тирилесиң. Сага Урдун бейиштериндей бейиштер берилет. Эгер ээрчибесең, анын буйругу менен өлтүрүлөсүң. Өлгөндөн кийин кара тирилтиресиң. Кийин сага тозок даярдалып анда өрттөлөсүң дейт». Ровий айтты: «Расулуллах ﷺ сыртка чыгып, колуна бир ууч топурак алып: **«Ооба, мен ошондой деймин, сен алардын** (тозок калкынын) **бирисиң»,** деди». Аллах алардын көзүн тосуп койгону үчүн ал затты көрүшкөн жок. Бул аяттарды окуп колдорундагы топуракты алардын баштарына чача баштады:

﴿يسٓ ۝ وَٱلۡقُرۡءَانِ ٱلۡحَكِيمِ ۝ إِنَّكَ لَمِنَ ٱلۡمُرۡسَلِينَ ۝ عَلَىٰ صِرَٰطٖ مُّسۡتَقِيمٖ ۝ تَنزِيلَ ٱلۡعَزِيزِ ٱلرَّحِيمِ ۝ لِتُنذِرَ قَوۡمٗا مَّآ أُنذِرَ ءَابَآؤُهُمۡ فَهُمۡ غَٰفِلُونَ ۝ لَقَدۡ حَقَّ ٱلۡقَوۡلُ عَلَىٰٓ أَكۡثَرِهِمۡ فَهُمۡ لَا يُؤۡمِنُونَ ۝ إِنَّا جَعَلۡنَا فِيٓ أَعۡنَٰقِهِمۡ أَغۡلَٰلٗا فَهِيَ إِلَى

ٱلۡأَذۡقَانِ فَهُم مُّقۡمَحُونَ ۝ وَجَعَلۡنَا مِنۢ بَيۡنِ أَيۡدِيهِمۡ سَدّٗا وَمِنۡ خَلۡفِهِمۡ سَدّٗا فَأَغۡشَيۡنَٰهُمۡ فَهُمۡ لَا يُبۡصِرُونَ﴾

«***Йа, Син.*** *(Эй Мухаммад ушул)* ***хикматтуу Куръанга ант, шек-күмөнсүз сен Туура Жол үстүндөгү пайгамбарлардансың.*** *(Бул Куръан)* ***Ата-бабалары*** *(эч бир пайгамбар аркылуу Ахирет азабынан)* ***эскертилбестен, бейкапар калган бир коомду эскертүүң үчүн Кудуреттүү жана Мээримдүү Зат тарабынан түшүрүлдү. Анык, алардын көптөрүнө Сөз*** *(азап тууралуу өкүм)* ***хак болгон. Демек алар ыйман келтиришпейт. Акыйкатта Биз алардын моюндарына тээ ээктерине чейин*** *(каптаган)* ***кишендерди уруп койдук, ошондуктан алар какайган бойдон калышты*** *(Эми алар Хакка ийилишпейт)****. Дагы биз алардын алдыларынан бир тосмо парда, арттарынан бир тосмо парда кылып, аларды чулгап койдук. Эми алар көрө алышпайт***» [36:1-9]

Расулуллах ﷺ алардын эч бирин калтырбай башына топурак чачып, андан кийин өзү каалаган тарапка кетти. Алардын арасында болбогон бир киши келип: «Бул жерде кимди күтүп турасыңар?» деди. Алар: «Мухаммадды», дешти. Ал: «Аллах силерди балээге туш кылсын, Аллахка ант, Мухаммад силердин алдыңардан чыгып кетти. Андан кийин араңардан башына топурак чачпаган бир кишини калтырбай жолун улантты. Бул абалыңарды көрбөй жатасыңарбы?» деди. Ошондо алар колун башына сүртүп топуракты көрүштү. Алар үйдүн ичине киришип, Расулуллах ﷺдын хиркасына оронуп төшөктө жаткан Алини көрүштү. Алар: «Аллахка ант, тигил жаткан адам шексиз Мухаммад. Үстүндө хиркасы да турат», дешти. Алар ушинтип таң атканча ордуларында тура беришти. Таңда Али төшөктөн турган соң: «Аллахка ант, бизге кече кабар берген кишинин сөзү туура болгон экен», дешти.

– **Пайгамбарыбыздын Меккеден Мадинага хижрат кылышы:** Расулуллах ﷺдын Меккеден Мадинага хижраты жөнүндө Аиша رضي الله عنها айтат: «Мен акылымды тааныгандан бери, ата-энем динде болушкан. Расулуллах ﷺ биздикине күндө

эрте менен жана кечки маал келчү... Ошол күнү Пайгамбар ﷺ Меккеде мусулмандарга айтты:

«إِنِّي أُرِيتُ دَارَ هِجْرَتِكُمْ، ذَاتَ نَخْلٍ بَيْنَ لاَبَتَيْنِ»

**«Мага хижрат кыла турган жериңер көрсөтүлдү, ал эки таштак жердин ортосундагы курмазар жай экен».** Ошондо Мадинага хижрат кылуучулар ал жерге хижрат кылышты жана Хабаштанга хижрат кылган топ Мадинага кайтып келди. Абу Бакр Мадинага барууга даярдык көрдү. Расулуллах ﷺ ага айтты: Шашылба, себеби, мага хижратка урухсат берилишин үмүт кыламын. Абу Бакр رضي الله عنه: Атам сизге курман болсун, ушуну үмүт кыласызбы? деди. Расулуллах ﷺ: Ооба, деди. Абу Бакр Расулуллах ﷺга жолдош болуу үчүн хижрат кылбастан, өзүндөгү эки төөнү акация жалбырагы менен төрт ай бакты. Бир күнү түштөн кийин Абу Бакрдын үйүндө отурган элек. Ошондо кимдир бирөө: Расулуллах ﷺ башын ороп адатта биздикине келбеген убакта келе жатат, деди. Абу Бакр: Ата-энем ага курман болсун, эгер зарыл иш болбогондо бул убакта келбейт эле, деди. Расулуллах ﷺ келип, урухсат сурады. Абу Бакр урухсат берди. Ал зат кирип: Алдыңдагыларды чыгар, деди. Абу Бакр: Булар үй-бүлөңүз, атам сага курман болсун, я Расулуллах, деди. Ал зат: Мага жолго чыгууга урухсат берилди, деди. Абу Бакр: Сага шерик болууну каалаймын, атам сизге курман болсун, я Расулуллах, деди. Расулуллах ﷺ: Ооба, деди. Абу Бакр: Атам сизге курман болсун, бул эки төөмдүн бирин ал, деди. Расулуллах ﷺ: Акчага аламын, деди. Андан кийин биз атам жана Расулуллах ﷺ үчүн тезинен сапар даярдыгын көрүп, бир куржунга азык-оокат салдык. Асма бинт Абу Бакрдын кемеринен бир бөлүк кесип алып, аны менен куржундун оозун байлады. Ушул себептен улам ал эки кемердүү деп аталып калды. Андан кийин Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр Савр тоосундагы үңкүргө жетишти. Ал жерде үч күн жашынып жатышты. Абу Бакрдын уулу Абдуллах да алардын алдында түнөдү. Ал жаш жигит болуп, зийрек, чакан эле. Ал таңда алардын алдынан чыкты да, тезинен Меккеге барып, кудум ошол жерде түнөгөндөй  Курайш менен таң арттырчу.

Расулуллах ﷺ жана Абу Бакрга каршы болуп жаткан фитналарды угуп, түшүнүп, караңгы түшкөндө барып аларды кабардар кылат эле. Абу Бакрдын азат кылган кулу Амир ибн Фухайра бир койду жашырып коюп куфтандан кийин алардын алдына айдап барып таштап келчү. Экөөсү Амир ибн Фухайра таңга жакын жакын келип койду чакырганга чейин, аны саап күндүзү кызып калган таштын ичинде бышырып ичип, жымжырт түндү өткөрүштү. Амир ибн Фухайра ошол үч түнү ушундай кылды. Андан кийин Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр Бану Дийл уруусунан бир мыкты жол көрсөтүүчүнү жалдады. Ал теги Бану Дийл уруусунан бөлүнүп чыккан Бану Абд ибн Адий уруусунан болгон. Ал Ас ибн Ваил Сахмийдин союздашы болуп, Курайш кафирлеринин材 динде эле. Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр төөлөрүн ага ишенип тапшырышты жана аларды үч түндөн кийин Савр тоосундагы үңкүргө алып келүүгө убадалашты. Ал үчүнчү күнү таңда төөлөрдү алып келди. Андан кийин Амир ибн Фухайра жана жол көрсөтүүчү экөөсү менен бирге жолго чыгышты. Жол көрсөтүүчү аларды жээк тарапка баштап кетти.

– Пайгамбар ﷺ жана Абу Бакрдын үңкүргө жетип барышы. Ибн Исхак айтат: Андан кийин Савр (Меккенин ылдый тарабындагы тоодогу) үңкүргө карай жолго чыгышты жана үңкүргө кирип алышты. Абу Бакр уулу Абдуллахка күндүзү адамдар алар жөнүндө эмнелер деп жатканын кулак салып, кеч киргенде келип ошол күндөгү кабарларды аларга жеткирип турууну буйруду. Абу Бакр азат кылган кулу Амир ибн Фухайрага күндүзү коюн багуу, кийин аларды турган жайларына дем алуу үчүн айдап келүүнү дайындады. Абдуллах ибн Абу Бакр күндүзү Курайш менен бирге болуп, алардын фитналары, Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр жөнүндө айтып жаткан сөздөрүн угуп, кеч киргенде экөөсүнүн алдына келип, мунун кабарын берди. Амир ибн Фухайра койлорун Мекке калкынын чабандарынын алдында багып, кеч киргенде экөөсүнүн алдына Абу Бакрдын койлорун дем алуу үчүн айдап барат эле. Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр бир койду саап сүтүн ичишип, өзүн союп жешти. Абдуллах ибн Абу Бакр эрте

менен экөөсүнүн алдынан чыгып Меккеге кеткенде Амир ибн Фухайра анын артынан койлорун айдап, изин жоготкон... Ибн Исхак айтат: Асма бинт Абу Бакр кеч киргенде аларга керектүү болгон азыкты алып барган. Асма айтат: Расулуллах ﷺ менен Абу Бакр رضي الله عنه жолго чыгышканда биздикине Курайшдан бир топ кишилер келди, алардын арасында Абу Жахл ибн Хишам да бар эле. Алар Абу Бакрдын эшиги алдына токтошту. Мен алардын алдына чыктым. Алар: «Эй, Абу Бакрдын кызы, атаң кана?» дешти. Мен: «Аллахка ант, атам кайда экенин билбеймин», дедим. Ошондо бузуку жана ыплас Абу Жахл жүзүмө чапты. Катуу чапкандыктан кулагымдагы сөйкө учуп кетти. Алар кайтып кетишти.

– **Расулуллах ﷺ хижраттын алдынан кылган дуасы:** Абу Нуайм Ибрахим ибн Саъддан, ал Мухаммад ибн Исхактан риваят кылат: Мага Расулуллах ﷺ Меккеден Мадинага хижрат кылар алдынан мындай дуа кылганы жеткен:

«الْحَمْدُ لله الّذِي خَلَقَنِي وَلَمْ أَكُ شَيْئًا، اللّهُمّ أَعنِّي عَلَى هَوْلِ الدُّنْيَا، وَبَوَائِقِ الدّهْرِ، وَمَصَائِبِ اللّيَالِي وَالْأَيّامِ .اللّهُمّ اصْحَبْنِي فِي سَفَرِي، وَاخْلُفْنِي فِي أَهْلِي، وَبَارِكْ لِي فِيمَا رَزَقْتَنِي، وَلَكَ فذلِلني، وَعَلَى صَالِحِ خُلُقِي فَقَوّمِنِي، وَإِلَيْك رَبِّ فَحَبِّبْنِي، وَإِلَى النّاسِ فَلَا تَكِلْنِي. رَبَّ الْمُسْتَضْعَفِينَ وَأَنْتَ رَبِّي أَعُوذُ بِوَجْهِك الْكَرِيمِ الذي أشرقت له السموات وَالْأَرْضُ، وَكُشِفَتْ بِهِ الظُّلُمَاتُ، وَصَلَحَ عَلَيْهِ أَمْرُ الْأَوّلِينَ وَالْآخِرِينَ، أَنْ تُحِلّ عليّ غَضَبَك، وَتُنْزِلَ بِي سَخَطَكَ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ زَوَالِ نِعْمَتِك، وَفَجْأَةِ نِقْمَتِكَ، وَتَحَوّلِ عَافِيَتِك وَجَمِيعِ سَخَطِكَ، لَكَ العقبى عِنْدِي خَيْرَ مَا اسْتَطَعْتُ، لَا حَوْلَ وَلَا قُوّةَ إلّا بِكَ»

**«Мени жоктон жараткан Аллахка мактоолор болсун. Аллахым, мени дүйнө коркунучтарынан, заман балээлеринен жана күн-түн мусибаттарынан сактагын. Аллахым, жолума мага Өзүң жолдош болгун, үй-бүлөмдү Өзүңө тапшырдым. Мага берген ырыскыңа береке бергин, мени Өзүңө моюн сунуучулардан кылгын, мени жакшы кулк тарапка жолдо, мени өзүңө сүйүктүү пенделериңден кылгын, мени адамдарга таштап койбо. Оо, алсыз жана бечаралардын Роббиси, сен менин Роббимсиң. Жер-асманды жарыткан,**

**караңгылыкты жок кылган, оболку жана акыркылардын иштерин оңдогон азиз жүзүңдөн мага казабың түшүшүнөн баанек берүүнү сураймын. Аллахым, мен сенден ниъматтарың жоголушунан, капыстан кыжырың келишинен, афиятың өзгөрүшүнөн жана бардык казабыңдан баанек сураймын. Ар кандай кыйынчылыкка күчүм жеткенче сабыр кыламын. Эч кандай күч жана кубатым жок, Сени менен гана бар»...** Акырында дуабыз: ааламдар Роббиси Аллахка мактоолор айтуу.

## НУАЙМ ИБН МАСЪУД:
## «СОГУШ АЙЛА-АМАЛ ЭКЕНИН БИЛГЕН КИШИ»

Нуайм ибн Масъуд сергек, фарасаттуу, зейрек, тескей билген жана акылдуу жигит болгон. Эч кандай проблема аны тынчсыздантпаган, кандай гана кыйынчылык болбосун абдырап калбаган. Ал Аллах Таала тапкырлык, эпчилдик жана туура фикирлөө тартуу кылган чыныгы чөл уланы болгон. Бирок анын бир кемчилиги болгон. Ал оюн-күлкүнү, дуня лаззаттарын абдан жакшы көргөн, көбүрөөк яхудийлер менен бирге көңүл ачкан. Ар сапар көңүл эргиткен ыр же кумарданткан музыканы каалаbackslash, ал Нажддан Ясрибге барган, яхудийлер анын көңүлүн көтөрүшү үчүн алардан акчасын аябаган. Нуайм ушул себебге ылайык Ясрибге көп барып турган, бул жердеги яхудийлер, айрыкча Бану Курайза коому менен жакын болгон. Аллах Таала Өз Пайгамбарын хидаят жана хак дин менен жөнөтүп инсаниятты азиз кылганда жана Меккенин баардык жайына Ислам нуру жайылганда Нуайм ибн Масъуд мурункудай дуня лаззатына берилгенин тизгиндей албай жүргөн… Нуайм адаттагы кубаныч жана лаззаттардан тыйышынан коркуп жаңы динден жүз үйрүдү. Андан кийин ал тез арада Ислам душмандарынын катарына кошулуп, Исламга каршы кылыч көтөрдү.

Нуайм ибн Масъуд Ахзаб казаты күнү өзү үчүн Ислам даъватынын тарыхында жаңы барак ачты жана бул баракта согуш айла-амалдары жөнүндө икаялардын эң жакшысын жазды… Бул ушундай бир икая, тарых алигече бул акылман жана зээндүү каарманын баян кылып келет.

Нуайм ибн Масъуддун икаясын түшүнүү үчүн артка кайтуу керек. Ахзаб казаты башталардан бир аз мурун Ясрибдеги Бану Назир яхудийлеринин бир тобу козголду жана алардын башчылары Расулуллах ﷺга каршы согушуу, анын динин жок кылуу үчүн бириге башташты… Алар Меккеге Курайштын алдына барып, аларды мусулмандарга каршы согушууга үндөштү жана Мадинага келишкенде аларга кошулууга убада беришти. Андан кийин Нажддагы Гатафан уруусуна барып, аларды Исламга жана Ислам Пайгамбарына каршы тукурушту. Аларды жаңы динди тамыры менен жок кылууга чакырып, өзүлөрү менен Курайш ортосунда түзүлгөн келишим жөнүндө кабар беришти. Алар Курайшка убада кылган нерсени аларга да убада кылып, келишилген мөөнөт жөнүндө кабар беришти.

Курайш өз башчысы Абу Суфян ибн Харбдын жетекчилиги астында адамдары, аттары жана оокаты менен Меккеден чыгып, Мадина тарапка жол алды. Гатафан да Уяйна ибн Хисн Гатафанийдин жетекчилигинде көп сандагы кошууну жана даярдыгы менен Нажддан чыкты. Гатафан кишилеринин алдыңкы сабында икаябыздын каарманы Нуайм ибн Масъуд болгон. Алардын кабары Расулуллах ﷺга жеткенде сахабаларды чогултуп, алар менен кеңешти. Алар ушул үлкөн чабуулду Мадинадан кайтаруу үчүн анын айланасына аң казууга келишишти. Аң калың душманга каршы тосмо болмок.

Мекке жана Нажддан чыккан эки кошуун Мадинага жакындашканда Бану Назир яхудийлеринин башчылары Мадинадагы Бану Курайза яхудийлеринин башчыларына барышты. Алар Бану Курайзаны Пайгамбарга каршы согушка кирүүгө, Мекке жана Нажддан келе жаткан кошуунду колдоп-кубаттоого кызыктырышты. Бану Курайза уруусунун башчылары аларга: «Силер бизди өзүбүз каалаган жана кызыккан нерсеге чакырдыңар. Лекин билесиңер, биз менен Мухаммаддын ортосунда Мадинада аман жана кадыржам жашоонун акысына мунаса келишим бар. Билесиңер, аны менен түзгөн убада-шертибиздин сыясы али кургабаган. Эгер Мухаммад бул согушта жеңип чыкса, бизге ырайымсыз мамиле кылышынан жана ага кылган кыянатыбыз үчүн жаза катары бизди Мадинадан бүтүндөй жок кылышынан коркобуз», - дешти. Бирок Бану Назирдин жетекчилери аларды келишимди бузууга абдан кызыктырышты жана Мухаммадга кыянат кылууну чырайлуу кылып көрсөтүштү. Алар бул сапар жеңиш анык алар тарапта болоруна ишендиришти жана эки чоң кошуун келери менен өз чечимдерин бекемдешин айтышты. Ошентип Бану Курайза яхудийлери аларды ээрчип, Мухаммад ﷺ менен түзгөн келишимди бузушту... Келишимди жыртып согушта топторго кошулганын жарыялашты. Бул кабар мусулмандарга чагылгандай таасир кылды…

Душмандын кошуундары Мадинаны курчоого алып, анын элин азык-түлүк жана жардамдан үзүп койду. Расулуллах ﷺ эки душмандын ортосунда калганын көрдү… Анткени Курайш жана Гатафан Мадинанын тышында мусулмандарга каршы жайгашкан болсо, Бану Курайза Мадинанын ичинде даяр турган… Мунафыктар жана жүрөгү ыфлас кимселер өз дилинде жашырган нерсени ашкере кылышып: «Мухаммад бизге Кисро жана Кайсардын

казыналарына ээлик кылуубузду убада кылган. Мына биз бүгүн ажатканага да коопсуз бара албай жатабыз!» дешти. Алар аялдарына, балдарына жана үй-жайларына Бану Курайза чабуул кылышынан коркорун шылтоолоп, топ-топ болуп Пайгамбарыбыздын алдынан тарай башташты. Пайгамбарыбыздын айланасында бир нече жүз садык муминдерден башка эч ким калбады. Жыйырма күнгө жакын созулган курчоонун бир түнүндө Расулуллах ﷺ Роббисине дуа кылып, ушул сөздөрдү көп айтты:

«اللَّهُمّ إِنّي أَنْشُدُكَ عَهْدَكَ ووَعْدَكَ، اللَّهُمّ إِنّي أَنْشُدُكَ عَهْدَكَ ووَعْدَكَ»

**«Аллахым, мен Сенин ахдыңды жана убадаңды сураймын, Аллахым, мен Сенин ахдыңды жана убадаңды сураймын».**

Ошол түнү Нуайм ибн Масъуд жаткан жеринде имерчиктеп, көз ирмебеди. Ошентип, ал ачык асмандагы жылдыздарга назар салып, көпкө ой жүгүрттү… Ал өзүнө өзү мындай суроо берди: «Эй, Нуайм эсиңе кел! Нуайм, сени алыс Нажддан бул жерге эмне жетелеп келди? Хак динди алып келген Пайгамбарга жана анын тарапкерлерине каршы согушуу үчүн кандай шылтоо таптың? Сен аны менен тартып алынган укукту алуу же намысты коргоо үчүн күрөшкөн жоксуң. Сен эч бир себебсиз согушуп жатасың. Сендей акылдуу кишиге себебсиз согушуу жарашабы?! Эсиңе кел, эй, Нуайм… Өз жолдоочуларын адилеттүү жана айкөл болууга, тууган-урукка ихсан кылууга буйруп жаткан бул салих затка каршы кылыч көтөрүүгө сени эмне түрттү?! Мени ал алып келген хидаятты жана акыйкатты ээрчиген сахабалардын канын төгүүгө эмне үндөдү?!».

Нуайм өзү менен болгон бул талкуудан кийин ишке ашырууну көздөгөн чечим үчүн ордунан турду.

Түн жарымда Нуайм кошуунду таштап, Пайгамбар ﷺдын алдына барды. Аны көргөн Расулуллах ﷺ айтты:

– Нуайм ибн Масъудсуңбу?

– Ооба, эй, Аллахтын Расулу, - деп жооб берди Нуайм.

– Түн жарымда сени бул жерге эмне баштап келди? - деп сурады Расулуллах ﷺ.

– Мен Аллахтан башка илах жоктугуна, сен анын пендеси жана элчиси экениңе жана сен алып келген нерсе хак дин экенине күбөлүк берүү үчүн келдим. Исламды кабыл алдым, бирок уруумдагылар муну билишпейт. Каалаганыңды буйру, - деди Нуайм.

– Сен бизди куткаруучу болдуң, коомуңа кайтып бар, эгер колуңдан келсе алардын аракетин талкалап, кубатын начарлат. Анткени согуш айла-амал болуп эсептелет, - деди Расулуллах ﷺ.

– Эй, Аллахтын элчиси... Аллах каалаcard жакында кубанасың, - деди Нуайм.

Андан кийин Нуайм ибн Масъуд Бану Курайзага барды. Аны менен Бану Курайзанын ортосунда достук мамиле бар эле. Нуайм аларга:

– Эй, Бану Курайза, менин силерге достугумду жана калыс насихат кылышымды билесиңер, - деди.

– Сен жөнүндө биз жакшы күмөндөбүз, - деди Бану Курайза.

– Бул согушта Курайш жана Гатафандын маселеси силердикинен айырмаланат, - деди Нуайм.

– Кантип?

– Бул силердин шаарыңар, анда аялдарыңар, балдарыңар жана мал-мүлкүңөр бар. Силер бул өлкөнү таштап башка жерге бара албайсыңар... Ал эми Курайш менен Гатафанга келсек, алардын аялдары, балдары, үй-жайлары жана мал-мүлкү башка жерде... Алар Мухаммад менен согушуу үчүн келди жана силерди Мухаммад менен болгон убада-келишимиңерди бузууга чакырды, силер болсо кабыл алдыңар. Эгер алар Мухаммадды жеңишсе, олжолорго ээ болушат. Эгер жеңилишсе үйлөрүнө тынч-аман кайтышат жана силерди ага калтырып кетишет. Ошондо Мухаммад силерден катуу өч алат. Билесиңер, эгер ал силер менен жалгыз калса, силерде аны жеңчү эч кандай күч жок, - деди Нуайм.

– Туура айттың, сенин фикириң кандай? - деди Бану Курайза.

– Менин фикирим ушул – силер алардын ак сөөктөрүнүн бир тобун күрөөгө алмайыңарча алар менен бирге согушпагыла. Ошентип, силер Мухаммадды жеңмейинче аларды ага каршы согушууга мажбурлай аласыңар. Же силерден жана алардан эч бир адам калмайынча согушасыңар, - деди Нуайм.

– Туура айттың, - деди Бану Курайза.

Андан кийин Нуайм алардын алдынан чыгып, Курайштын командачысы Абу Суфян ибн Харбдын алдына барып:

– Эй, Курайш жамааты, менин силерге достугумду жана Мухаммадга душмандыгымды билесиңер... Мага ушундай кабар жетти, аны силерге айтууну мойнумдагы милдет деп билемин. Силер аны сыр сактагыла жана эч кимге таратпагыла, - деди.

– Кандай кабар экен? - деди Курайш.

– Бану Курайза Мухаммад менен жаңжалдашканына бушайман болуп жатыптыр, ошондуктан алар Мухаммадга элчи жөнөтүп: "Биз кылган ишибизге өкүнүп жатабыз. Биз сени менен достук мамиледе болууга жана кызматташууга даярбыз. Курайш жана Гатафандын кадырлуу кишилеринин бир канчасын сен үчүн күрөөгө алсак ыраазы болосуңбу? Биз аларды сага тапшырабыз, сен болсо аларды өлтүрөсүң. Андан кийин сен аларды жок кылууң үчүн сага кошулабыз", дешиптир. Мухаммад макул болуптур. Эгер яхудийлер эркектериңердин бир канчасын күрөөгө сураса, аларга эч кимди бербегиле, - деди Нуайм.

– Ооба, сен кандай гана жакшы союздашсың. Бул ишиң үчүн сыйлыкка татыктуусуң, - деди Абу Суфян.

Нуайм Абу Суфяндан чыгып, өз коому Гатафандын алдына барып, аларга да Абу Суфянга айткандарды айтып, аларды эскертти. Ошондо Абу Суфян Бану Курайзаны сыноо үчүн аларга уулун жөнөттү. Уулу аларга барып, атасынын саламын айтып, анын ушул сөзүн жеткирди: "Мухаммадды узакка курчоого алып чарчадык. Эми ага каршы согушуп, андан биротоло кутулушубуз керек", - деди. Ошондуктан мени силерге эртең согуш баштоо кабарын жеткирүү үчүн жөнөттү.

Алар болсо эртең ишемби күн, биз бул күндө эч кандай иш менен шугулданбайбыз. Мындан тышкары биз силердин жана Гатафандын ак сөөктөрүнөн жетимиш кишини күрөөгө беришиңерди сурайбыз. Анткени эгер согуш созулуп кетсе, силер бизди таштап журтуңарга кетип калышыңардан коркобуз. Силер билесиңер, биздин ага күчүбүз жетпейт, дешти.

Абу Суфяндын уулу өз коомуна кайтып, Бану Курайзадан уккандарын айтып бергенде алар бир добуштан, жоголсун, маймыл жана доңуздардын урпагы. Эгер алар бизден бир койду күрөөгө сурашса да аны бербейбиз, дешти.

Ошентип, Нуайм ибн Масъуд топтордун катарын бузуп, алардын ортосуна жик салды. Аллах Таала Курайш жана анын союздаштарына катуу шамал жиберди. Шамал алардын чатырларын учуруп, казандарын оодарды, алардын отун өчүрүп, көздөрүнө кум толду… Натыйжада алар артка кетүүдөн башка чарасы калбады жана караңгыда артына кайтышты… Таң атканда, мусулмандар Аллахтын душмандары артына карабастан качканын көрүшүп: «Өз пендесине нусрат берген, кошуунун кубаттуу кылган жана топторду жеңген Аллахка мактоо болсун» деп кыйкырышты.

Ошол күндөн тартып Нуайм ибн Масъуд Расулуллах ﷺдын ишеничине кирди. Расулуллах ﷺ ага вазыйфаларды берип турду, ал Расулуллах ﷺдын жүгүн жана байракты көтөрдү. Мекке фатхы күнү Абу Суфян ибн Харб мусулман кошуунун күзөтүп жатып, Гатафан уруусунун байрагын көтөрүп бара жаткан кишини көрүп калды:

– Тигил ким болду? - деп сурады.

– Нуайм ибн Масъуд, - деп жооб беришти.

Ал Хандак кармашында бизге ушундай бир чоң зыян жеткирген! Аллахка касам, ал Мухаммаддын касташкан душманы эле. Эми болсо анын кошуунунда өз уруусунун байрагын көтөрүп, Мухаммаддын байрагы астында бизге каршы согушуу үчүн келди... ❑

# САУД АРАБИЯ РАВВИНИ СИСИЙДИ АСКЕРИЙ ТӨҢКӨРҮШТӨН ЭСКЕРТТИ

Өзүн Саудия жана Арабия жарым аралынын башкы раввини деп атаган Якоб Исраэл Герцог «Х» социалдык тармагындагы баракчасында Мисрде Сисийге каршы аскерий төңкөрүш жүз беришинен эскертип талкууларды жаратты. «Өкүнүчтүүсү, президент Сисий коркунуч астында», - деди Герцог ага кайрылып. Ал бул коркунуч аскерийлер тарабынан болорун айтты жана «тынч отто төңкөрүш даярдалып жатканы» жөнүндө эскертти. Саудияда мусулмандардын ыйык жайларында жүргөнүн ашкерелеп талкууларга себеб болгон раввин: «Мисрге туруктуулук тилеймин», - деди. «Бул жыл Иттихадия сарайында соңку тынч жыл болушунан коркомун. Кийинки жыл Ирактагы Рихаб сарайындагы окуялар сыяктуу болушу мүмкүн», - деп сөзүн бүтүрдү. Муну менен ал 1958-жылы Абдуссалам Ариф жана Абдулкарим Касим жетектеген «азат офицерлер» уюму Ирактагы өкүмдар үй-бүлөнү жана король Файсал II өлтүргөн кыргынга ишара кылды.

Сисийдин Мисрдеги жана Мисрдин Сисий доорундагы ахвалына келсек, Миср үлкөн финансылык басымдарга жана кыйынчылыктарга дуушар болду. Өткөн жылдын акырында анын тышкы карызы 168 034 миллиард долларга жетти. Андан кийин карыздын пайыздары жана төлөмдөрдүн кезектеги бөлүгү 97 миллиард доллардан ашты. Чет өлкөлүк талдоочуларга ылайык, (Израиль) Рафах өтмөгүн жана Филадельфия коридорун басып алышы, Газа чегарасында Миср аскерлерин өлтүрүшү кыжырдануу армияга тарашынын себебдеринин бири болду. «Арабий 21» менен маек курган байкоочулар (Израиль) раввини айткан сөздүн акыбеттерин, андан көздөлгөн максаттарды, айтылган убагын, анын айткандарын олуттуу кабыл алуу керекпи, ал сиоинисттерди жана Батышты Сисийди дагы колдоп-кубаттоого тартууга урунуп жатабы же армия ичинде чынында эле Сисийге каршы аракет жана наразылык, каршы күчтөр барбы, деген фикирлер тууралуу ойлорун билдиришкен.

Мисрде «Сисий жасаган төңкөрүштүн жана анын режиминин расмий демөөрчүсү сионисттер болуп эсептелет. Алар Сисийге эң чоң араб өлкөсүнүн президенти болууга, Америка жана Батышта аны үгүттөп, колдоп-кубаттоого мүмкүнчүлүк беришкен. Ошондуктан алар анын режими уланышын каалашат. Анткени ал (Израиль) кызыкчылыктарына жогору даражада хызмат кылат. Газада жүз берип жаткан окуялардан улам жана Рафах өтмөгү басып алынып, Мисрдин эч кандай токтотуучу реакциясы болбостон ал жерде (Израиль) байрагы көтөрүлгөндөн кийин аскерий мекемеде кыжырдануу пайда болгон. Айрыкча мисрлик аскер өлтүрүлгөндөн кийин бул абал курчуган» деп эсептегендер бар.

**Ал-Ваъй:** бул кабар Сисийди бийликке алып келүү (Израиль) жана Булуң өлкөлөрү үчүн канчалык зарыл болгонун көрсөтөт. Ошондуктан бул өлкөлөр Мисрдин финансылык кризисинде ага жардам берүүнү өз мойнуна алышты. (Израиль) эл аралык финансы институттарына Сисийге басым кылууну азайтуу үчүн көрсөтмө берип ага жардам берет... Раввиндин Сисийге карата мындай позициясы анын Сисий үчүн кабатырланып жатканын көрсөтөт. Ал Сисийге коркунуч келиши мүмкүн болгон тарапка т.а. армияга кайрылууда...

Бу жерде Миср армиясы өз ролун аткарышы т.а. анын сабындагы күч-кубат ээлери Аллахтын хукмун орнотууда ансарлардан болушу керек. Бул – Аллах алардан талаб кылган буйрук. Эгер алар ансар болушпаса, алардан башка ким болот?! Сисийдин малайлыгы, өз элине душмандыгы жана яхудийлерди колдошу ачык-айкын билинип калды, ага каршы өзгөрүүлөр жүз беришинен эң көп яхудийлер коркушууда. Аллахтын:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُونُوٓاْ أَنصَارَ ٱللَّهِ﴾

***«Эй, момундар, силер да кудум** (хаварийлер сыяктуу) **Аллахтын жардамчылары болгула»*** [61:14]

деген буйругуна итаат кылып козголгула. Мадинада мамлекетти тикелөөдө Расулуллах ﷺга жардам берген Саъд ибн Муаз сыяктуу болгула... Убада кылынган экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөө жана бүткүл Умматты ушул оор кайгыдан чыгаруу шарапатына Хизб ут-Тахрир менен бирге жетишүү үчүн Хизбге жардам бергиле. ❑

## ЭРДОГАН: ТҮРКИЯ-СИРИЯ МАМИЛЕЛЕРИН КАЙРАДАН ТИКӨЛӨӨ ҮЧҮН АСАДГА ӨЗ СУНУШУБУЗДУ ЖИБЕРЕБИЗ

2024-жылы 7-июлда Түркия президенти анын мамлекети менен Сириянын мамилелеринин кайра тикелениши жөнүндө: «Биз азыр ушундай баскычка келдик, Башар Асад Түркия менен мамилелерди жакшылоо үчүн кадам шилтеши менен эле биз татыктуу жообду беребиз», - деди. Ал түшүндүрмө беришинче, Эрдоган менен Асаддын жолугушуусунда Россия президенти Путиндин, Ирак премьер-министри Мухаммад Шайяъ Суданийдин салымы бар. Ал: «Биз бул жерде ортомчулук жөнүндө айтып жатабыз, эмнеге муну кошунабыз менен кылбашыбыз керек?», - деп кошумчалады. Ал сөзүн улантып: «Биз сунушубузду Асадга жөнөтөбүз жана бул ар кандай учурда болушу мүмкүн. Түркия-Сирия мамилелерин мурункудай тикелөөгө үмүт кылабыз», - деди. Эрдоган өткөн айда Түркия Сирия менен мамилелерди өнүктүрүүгө даяр экенин билдирген. Түркиянын “Анадолу” маалымат агенттигине ылайык, ал ошондо: «Сирия менен дипломатиялык мамилелерди орнотпоо үчүн эч кандай себеб жок. Мурун кандай кызматташкан болсок, мамилелерди өнүктүрүүгө биргеликте аракет кылабыз. Сириянын ички иштерине аралашуу максатыбыз жок», - деген. Башка тараптан, Сирия президенти анын мамлекети Сирия менен Түркиянын мамилелерине тиешелүү бардык демилгелерге ачык экенин ырастаганы көңүлдү өзүнө бурат. Бул демилгелер, бир тараптан, Сирия өлкөсүнүн бүткүл аймагы үстүнөн суверенитетине, башка тараптан, терроризмдин ар кандай көрүнүшүнө жана террорчу уюмдарга каршы күрөшүүгө негизделет.

**Ал-Ваъй:** Эрдогандын өз позициясында жана билдирүүлөрүндө Американын кызыкчылыктарын эсепке алышы күндөн-күнгө ачыкталып барууда. Ал өз позициясында мусулмандарды алдаган жана мусулмандардын душмандары менен бирге аларды канга бөлөгөн жалганчы болду. Америка Афганистанды басып алышында Түркия көп улуттуу баскынчы эл аралык күчтөрдүн курамында болду. Түркия режими Ирак басып алынганда ага сокку берүү үчүн Инжирликтеги аскерий базадан пайдаланууга урухсат берип Америкага жардам берди. Ал Сирия режимине Халаб, Гута жана башка шаарларды басып алууга жардам берди... Бүгүн ал Сирияда (ошону менен бирге Газада) Америка планы боюнча аракет кылууда. Чамасы, Америка региондо Америка чечимин ишке ашыруу үчүн (Ливан, Фалестин жана Сириядагы) бардык файлдарды ишке салган көрүнөт. Эрдогандын бул билдирүүсү региондо сириялыктарга каршы чабуул кылынып, сириялыктарды көчүрүү маселеси көтөрүлгөн жана алар бир нече мамлекетте кысымга алынган учурда болуп, бул Американын регион үчүн белгилеген чечиминин поезди аракетке келе баштаганына далалат кылат.

Айтылышынча, “Хьюман Райтс Вотч” уюму өткөн жылда Түркия бийлиги өзүнүн чегара пункттары аркылуу 57 миңден ашуун сириялыкты жана башкаларды депортация кылганын жарыялаган. Сириялык качкындар шайлоодон кийин Түркиядан депортация кылынып, Сирия режимине тапшырылышынан коркуп калышкан. Түркияда сириялыктарга каршы «улутчулдук» толкуну көтөрүлө баштады жана алар жөнүндө коопсуздук маселесинде чыңалуу пайда болду. Ливанда да ушундай ахвалдын болуп жатканы дирижёр бир экендигин көрсөтөт. ❑